КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА
БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРЛЕР ҮЧҮН УСУЛДУК МАТЕРИАЛДАРДЫН ЖАНА ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ЖЫЙНАГЫ

Бишкек – 2026

Мазмуну

1. Жалпы жоболор..... 4
2. Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоонун негизги этаптары 4
3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерге талаптар 5
4. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү тартиби 6
5. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу 7
6. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо..... 8
7. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер кылып каттоодон баш тартуунун негиздери..... 9
8. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин каттоосун жокко чыгаруу үчүн негиздер 9
9. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин статусу..... 10
10. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фонду..... 12
11. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү 14
12. Талапкердин ишенимдүү адамдарын каттоо 15
13. Талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү 16
14. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү 17
15. Шайлоо талаш-тартыштарын кароо тартиби 17
16. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө жобо 28-59
17. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартиби жөнүндө жобо..... 60-66
18. Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарынын (даттанууларынын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө жобо..... 67-74
19. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобо..... 75-89
20. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо..... 90-102
21. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө нускама.....103-104

Ченемдик укуктук актылар

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө жобо;

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартиби жөнүндө жобо;

3. Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарынын (даттанууларынын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө жобо;

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобо;

5. Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо;

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө нускама.

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер үчүн колдонмо

1. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер үчүн усулдук материалдардын жана ченемдик укуктук актылардын жыйнагы (мындан ары – Жыйнак) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (текст боюнча мындан ары – конституциялык Мыйзам), "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (текст боюнча мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) актыларына ылайык иштелип чыкты.

2. Жыйнак Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерге (мындан ары текст боюнча – талапкер) талаптар, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын жана башка өкүлдөрдүн статусу жана каттоо тартиби, шайлоо фонддорун түзүү жана каражаттарын чыгымдоо, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү жана шайлоо талаш-тартыштарын чечүү тартиби жөнүндөгү усулдук материалдарды жана ченемдик укуктук актыларды камтыйт.

2. Кыргыз Республикасынын Президентин кезектеги шайлоонун негизги этаптары

Конституциялык Мыйзамдын 48-беренесине ылайык кезектеги шайлоо январь айынын төртүнчү шаршембисинде – 2027-жылдын 27-январында өткөрүлөт.

Талапкерлигин коюу ниети жөнүндө арыз берилгенге чейин (көрсөтүү мезгилинде) – талапкердин өзүнүн шайлоо фондун түзүшү (конституциялык Мыйзамдын 41-беренеси).

Талапкерлерди көрсөтүүдө (2026-жылдын 12-ноябрынан кечиктирбестен) – Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине фонддун каражаттарынан шайлоо төгүмүн төгүү жана өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арыз же партиянын курултайынын протоколу менен бирге банктык документтин түп нускасын тапшыруу.

Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күндөн тартып 2026-жылдын 13-ноябрына чейин – талапкерлерди көрсөтүү (шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндүн эртеси башталып, шайлоо күнүнө чейин 75 календардык күн калганда аяктайт).

2026-жылдын 8-декабрына чейин – талапкерди колдогон колдорду чогултуу боюнча кол коюу баракчаларын тапшыруу (шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен).

2026-жылдын 13-декабрына чейин – талапкерди каттоо үчүн мурдараак берилген документтерге толуктоо катары талапкердин биографиялык маалыматтары кирген анкетанын талапкер тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына берилиши (шайлоо күнүнө чейин 45 календардык күндөн кечиктирилбестен).

2026-жылдын 23-декабрына чейин – талапкерди каттоо (шайлоо күнүнө чейин 35 календардык күн калганда).

2026-жылдын 23-декабрынан тартып 2027-жылдын 26-январында саат 08:00гө чейин – шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү.

2026-жылдын 8-ноябрына чейин – Шайлоочулардын алдын ала тизмесин https://tizme.gov.kg/ мамлекеттик порталында жайгаштыруу (добуш берүү күнүнө чейин 80 календардык күн калганда).

2026-жылдын 18-ноябрына чейин – шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн шайлоо участокторунда шайлоочулардын алдын ала тизмесин илүү (добуш берүү күнүнө чейин 70 календардык күн калганда).

2026-жылдын 18-ноябрынан тартып 2027-жылдын 12-январына чейин – жарандардан шайлоочулардын тизмелериндеги так эместиктер жана жоктугу жөнүндө арыздарды кабыл алуу (добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен).

2027-жылдын 20-январына чейин – шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн участкалык шайлоо комиссияларында шайлоочулардын биротоло бүткөн тизмелерин жайгаштыруу (добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен).

2027-жылдын 26-январында саат 08.00дөн 20.00гө чейин – жайдан тышкары добуш берүүнү уюштуруу жана өткөрүү.

2027-жылдын 27-январында саат 8.00дөн 20.00гө чейин – добуш берүүнү өткөрүү.

2027-жылдын 17-февралына чейин – шайлоонун акыркы натыйжаларын аныктоо (добуш берүү күнүнөн тартып 20 календардык күндөн кечиктирбестен).

Шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 күндүк мөөнөттө – кайра добуш берүүнү өткөрүү (эгерде шайлоо бюллетенине Президенттин кызмат ордуна экиден ашык талапкер киргизилсе жана алардын бири да шайланбай калса, бул учурда Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын көп сандагы добуштарын алган эки талапкер боюнча кайра добуш берүүнү дайындайт).

Бир айдын ичинде – кайра шайлоону дайындоо (шайлоо жараксыз деп таанылган учурларда, ошондой эле эгерде шайлоо бюллетенине эки талапкер киргизилип, алардын бири да шайланбай калса же болбосо кайра добуш берүүдө бир дагы талапкер шайланбай калса, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши (текст боюнча мындан ары– Жогорку Кенеш) бир айдын ичинде Президентти кайра шайлоону дайындайт).

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерге талаптар

3. Президент болуп добуш берүү күнүнө карата 35 жашка чыккан, чет мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат. Кыргыз Республикасынын Президенти 5 жылдык мөөнөткө шайланат. Бир эле адам эки мөөнөттөн ашык Президент болуп шайлана албайт.

4. Президенттин кызмат ордуна талапкер Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген, мамлекеттик тилди билүүнүн деңгээлин аныктоо тутумунун талаптарына ылайык “Ортодон жогору” деңгээл катары мүнөздөлүүчү, карым-катыштын бардык чөйрөлөрүндө кесиптик ишти жүзөгө ашыруу үчүн коммуникативдик компетенциянын деңгээлинде мамлекеттик тилди билүүгө тийиш. Тилди билүүнүн деңгээли белгиленген үлгүдөгү сертификат (мындан ары – мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификат) менен ырасталат.

5. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз.

6. Президенттин кызмат ордуна шайланууга төмөнкү адамдар укуксуз:

- соттолгондугу бар, анын ичинде алып салынган же жоюлган;
- аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган, төмөнкүлөрдү кошпогондо:
  - коркунучтуулугу аз кылмыштар, этиятсыздыктан жасалган анча оор эмес кылмыштар;
  - Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тарткан жана (же) жабырлануучу айыпталуучу менен макулдашууга жетишкен учурлар;
- диний ишмерлер өздөрүнүн диний ишин токтотқондон кийин 5 жыл ичинде.

7. Эгерде адам уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга), куралдуу топко (бандага) тиешеси бар адам катары алдын алуучу, ыкчам-алдын алуучу каттоодо турса же турган болсо каттоодон баш тартууга негиз болуп саналат.

8. Президенттин кызмат ордуна талапкердин Кыргыз Республикасында жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашагандыгы тууралуу факт чек аралар боюнча ыйгарым укуктуу органдын жана калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалыматынын негизинде белгиленет.

4. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү тартиби

9. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күнү башталат жана шайлоо күнүнө чейин 75 календардык күн калганда аяктайт.

10. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан жарандарга, ошондой эле шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө карата белгиленген тартипте катталган саясий партияларга таандык.

11. Саясий партияларды мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү функцияларды жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу бийликтин аткаруу бутагынын мамлекеттик органы катталган саясий партиялардын тизмесин түзөт жана шайлоону дайындоо жөнүндө чечим күчүнө кирген күндөн тартып 3 календардык күндөн кечиктирбестен, ар бир саясий партиянын жетекчисин, саясий партиянын мүчөлөрүн көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоочу булактарга тизмени жарыялайт жана ошол эле мөөнөттө аталган тизмени Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

12. Президенттин кызмат ордуна талапкерликке көрсөтүү үчүн талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же талапкерди көрсөткөн саясий партия Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкүдөй документтерди (Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген форма боюнча басылма түрүндө) берет:

1) өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниетин билдирген жарандын арызын шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документти (түп нускасын) тиркөө менен (форма № 2);

2) жаран саясий партиядан талапкер катары көрсөтүлгөн учурда - Президенттин кызмат ордуна аталган саясий партиядан талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугу жөнүндө талапкердин арызын тиркөө менен) саясий партиянын талапкерди көрсөтүү тууралуу чечиминин протоколу, ошондой эле саясий партиянын уставынын жана саясий партияны мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн;

3) паспорттун көчүрмөсүн;

4) мамлекеттик тилди билүү деңгээли тууралуу сертификат (“Ортодон жогору” деңгээли);

5) төмөнкүдөй документтерди:

- башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги тууралуу;

- Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттолгондугунун, реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш ишинин бар же жок экендиги жөнүндө;

6) жеке маалыматты, анын ичинде башка мамлекеттин жарандыгынын (анын ичинде мурдагы жарандыктары, башка жарандыгы) бар же болбосо жоктугу жагынан маалыматтарды топтоого жана талдап чыгууга жазуу жүзүндөгү макулдукту (форма № 2).

13. Талапкер ооруп калган, шектүүлөрдү жана айыптууларды кайтаруу алдында кармоочу жайларда жаткан учурларды кошпогондо, ал ушул Жыйнактын 12-пунктунда каралган документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына жеке өзү тапшырууга милдеттүү (мында талапкердин арыздагы колунун аныктыгы нотариалдык жактан күбөлөндүрүлүшү керек же талапкер дарыланып жаткан стационардык дарылоо-алдын алуу мекемесинин администрациясы, ал шектүү же айыпталуучу катары камакта кармалган мекеменин администрациясы тарабынан жазуу жүзүндө күбөлөндүрүлүүгө тийиш). Талапкердин өтүнүчү

боюнча документтерди берүүгө адамдын ыйгарым укуктары талапкер нотариат жөнүндө мыйзамдарга ылайык берген ишеним кат менен ырасталууга тийиш.

14. Шайлоо документтерин берүү, аларда камтылган маалыматтардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен берилүүчү документтердин таризделишинин шайкештиги үчүн жоопкерчиликти талапкер жана көрсөтүү тартибине карабастан тартат.

15. Жазык же башка жоопкерчиликке алып келүүчү мыйзамдар бузулган белгилер табылган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы укук бузуу фактысын аныктоо жана күнөөлүү адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселени чечүү үчүн тиешелүү документтерди жана материалдарды укук коргоо органдарына же башка ыйгарым укуктуу органдарга, сотко жөнөтөт.

16. Борбордук шайлоо комиссиясы ушул Жыйнактын 12-бөлүгүндө көрсөтүлгөн бардык документтер берилгенден кийин, документтерди берген адамга аларды алгандыгы жөнүндө берилген документтердин алынган датасын жана тизмесин көрсөтүү менен жазуу жүзүндөгү ырастаманы (маалымдаманы) токтоосуз берүүгө милдеттүү.

17. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин документтеринде толук эместик жана (же) ылайык эместиктер бар экендигин тапса, документтерди алгандан кийин 48 сааттын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге жана талапкерди көрсөткөн саясий партияга табылган ылайык эместиктер жөнүндө билдирет. Талапкер жана талапкерди көрсөткөн саясий партия билдирүүнү алган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл документтерди, өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө укуктуу.

18. Эгерде талапкер 48 сааттын ичинде зарыл болгон же оңдолгон документтерди бербесе, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге документтерди кайтарып берет, мында мурда берилген жазуу жүзүндөгү ырастама (маалымдама) жараксыз деп эсептелет. Документтерди кайтарып берүү ушул Жыйнактын 9-бөлүгүндө көрсөтүлгөн мөөнөттүн чегинде талапкерди кайталап көрсөтүүгө тоскоолдук кылбайт.

19. Президенттин кызмат ордуна талапкер кандай болбосун убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу, бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына жеке өзү жазуу жүзүндө арыз берет же өз өкүлү аркылуу нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын жөнөтөт (№ 6 форма). Көрсөтүлгөн арыздын негизинде талапкерди каттаган Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин каттоосун жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга милдеттүү.

20. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып иш алып баруучу экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдү: шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү жана финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү каттоонун тартиби, ошондой эле ыйгарым укуктуу өкүлдөргө коюлган талаптар жана алардын статусу ушул Жыйнактын 11-бөлүмүндө (“Талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү”) көрсөтүлгөн.

21. Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өзүнүн шайлоо фондун түзөт. Талапкердин шайлоо алдындагы өнөктүгүн каржылоого байланышкан маселелер ушул Жыйнактын 10-бөлүмүндө (“Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фонду”) көрсөтүлгөн.

5. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу

22. Президенттин кызмат ордуна талапкер 30 миңден кем эмес шайлоочунун колу менен колдоого алынууга тийиш. Ошол эле учурда сунушталган колдордун саны 60 миңден ашпашы керек.

23. Кол чогултуу талапкердин шайлоо фонду түзүлгөн күндөн тартып жүргүзүлөт жана талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан уюштурулат. Кол коюу баракчарын

даярдоо жана кол чогултуу менен байланышкан бардык чыгымдар талапкердин шайлоо фонду аркылуу гана жүргүзүлөт. Талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу кол коюу барактарын даярдоо акысы төлөнгөн күндөн тартып башталат. Колдор булуттук санарип кол тамгасын колдонуу менен санариптик форматта чогултулушу мүмкүн.

Кол коюу барагынын таризи, колдорду чогултуунун жана текшерүүнүн тартиби менен ыкмасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

24. Президенттикке талапкерди колдоп кол чогултуу боюнча кол коюу барактары ыйгарым укуктуу өкүлдөр тарабынан шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырылат. Кол чогултууну ыйгарым укуктуу өкүлдөр уюштурат (2026-жылдын 8-декабрына чейин).

25. Шайлоочулардын кол коюу барагынын таризи, кол чогултуу жана текшерүү тартиби жана ыкмасы кол чогултуу менен байланышкан башка маселелер конституциялык Мыйзам, “Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартиби жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.

6. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо

26. Каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 45 календардык күндөн кечиктирбестен (2026-жылдын 12-декабрын кошкондо), конституциялык Мыйзамдын 49-беренесине жана 52-беренесинин 7-бөлүгүнө ылайык мурда берилген документтерге толуктоо катары Борбордук шайлоо комиссиясына биографиялык маалыматтары бар анкетаны берет (№ 7 форма).

27. Президенттикке талапкерди колдоп кол чогултуу боюнча кол коюу барактары ыйгарым укуктуу өкүлдөр тарабынан шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырылат (8-декабрына чейин).

Талапкерлигин коюу ниети жөнүндөгү арыз менен бирге (2026-жылдын 12-ноябрынан) Борбордук шайлоо комиссиясына мыйзамдарда белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эселенген өлчөмүндөгү (1 000 000 сом) шайлоо төгүмү төлөнгөндүгүн ырастаган банктык документтин түп нускасы (оригиналы) берилет. Шайлоо төгүмү талапкерлигин көрсөтүү боюнча документтерди тапшырганга чейин түзүлгөн өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан гана төлөнөт.

Депозиттик эсептин маалым даректери:

Алуучу: Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

ИУЖК (ОКПО): 20327005

СИН (ИНН): 01704199610123

Банк: КР МФ Борбордук казынасы МФБ (БИК): 440201

Эсептешүү эсеби (Р/сч): 4402012100000945

Төлөмдүн коду: 14511900

Төлөмдүн багыты: Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерден шайлоо төгүмү.

28. Төгүлгөн шайлоо төгүмү эч кандай шартта кайтарылбайт жана толугу менен Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине которулат. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерге шайлоо төгүмүн кайтаруу үчүн колдонуудагы конституциялык Мыйзамда шарттар каралган эмес.

29. Борбордук шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде аларды текшерет жана талапкерди каттоо жөнүндө чечим чыгарат. Так эместиктер же жетишпеген документтер табылган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы жетишпеген документтерди толуктоо же каталарды оңдоо жөнүндө жазуу жүзүндө корутунду берет. Документ берген адам жазуу жүзүндөгү корутунду алынган күндөн тартып 3 күндүн ичинде жетишпеген документтерди толуктоого же кетирилген каталарды

оңдоого милдеттүү. Жазуу жүзүндөгү корутундуда көрсөтүлгөн талаптар аткарылбаса, Борбордук шайлоо комиссиясы каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгарат.

30. Эгерде талапкер, ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо үчүн зарыл болгон бардык документтерди тапшырбаса, бирок каттоо мөөнөтү бүткөнгө чейин кошумча документтерди тапшырган болсо, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерди каттоого милдеттүү. Бул учурда Борбордук шайлоо комиссиясына кошумча документтерди берүү зарылдыгы жөнүндө билдирүү алынганга чейин жасалган иш аракеттер жөнүндө гана документтер кошумча берилиши мүмкүн.

31. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө чейин 35 календардык күн калганда аяктайт (2026-жылдын 23-декабрына чейин).

32. Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерлерди каттагандан кийин 5-календардык күндөн кечиктирбестен ар бир талапкердин фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган жылын, иштеген жана жашаган жерин, ошондой эле анын партиялык таандыктыгы жөнүндө маалыматтарды көрсөтүү менен каттоо жөнүндө билдирүүнү басма сөзгө жарыялайт.

33. Борбордук шайлоо комиссиясы каттагандан кийин 2 календардык күндүн ичинде талапкерлерге катталган датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү күбөлүктөрүн берет.

7. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер кылып каттоодон баш тартуунун негиздери

34. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди каттоодон баш тартуунун негиздери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) ушул конституциялык Мыйзамга ылайык талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө;

2) талапкерди колдоп берилген шайлоочулардын ишенимдүү колдорунун санынын жетишсиздиги;

3) талапкердин пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген учурларда талапкер өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;

5) шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документтин (түп нускасынын) жоктугу;

6) конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптарды сактабагандык;

7) эгерде адам уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга), куралдуу топко (бандага) тиешеси бар адам катары алдын алуучу, ыкчам-алдын алуучу каттоодо турса же турган болсо.

35. Талапкерди каттоодон баш тартуу тууралуу чечим кабыл алган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы ал кабыл алынган учурдан тартып бир сутка аралыгында талапкерге же болбосо саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнө баш тартуунун негизин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн чечим 5 күндүк мөөнөттө сотко даттанылышы мүмкүн.

8. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин каттоосун жокко чыгаруу үчүн негиздер

36. Шайланган талапкердин каттоосу, талапкер өзүнүн пассивдүү шайлоо укугу жок экени тууралуу маалыматтарды жашырып койгонунун, анын ичинде конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган жагдайлардын бар экени жөнүндө, ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргени жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканы же жоготкону жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандыгы жөнүндө, колдонуудагы мыйзамдарда белгиленген негиздерде анын башка пассивдүү шайлоо укугу жок экени тууралуу маалыматтар талапкер тарабынан жашырылган фактылары

далилденген учурларда, ошондой эле талапкер каза болгон учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жокко чыгарылат.

37. Талапкерди каттоо төмөнкү учурларда жокко чыгарылат:

1) талапкердин өз талапкерлигин алып салуу жөнүндө жеке арыз берүүсү же ыйгарым укуктуу өкүлү аркылуу нотариалдык күбөлөндүрүлгөн арызды белгиленген мөөнөттө (добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен) тапшыруусу аркылуу;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо талапкер же саясий партия шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын иш жүзүндөгү суммасынын 0,5 пайызынан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда, же болбосо талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын белгиленген суммасынын чегинен 0,5 пайыздан ашык чыгымдаганда;

3) конституциялык Мыйзамдын 21, 53 жана 61-беренелеринде белгиленген талаптар бузулганда;

4) талапкердин мамлекеттик кызматтагы жана муниципалдык кызматтагы адамдар, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү уюмдарынын жана саламаттык сактоо мекемелеринин кызматкерлери, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери менен аларды шайлоо алдындагы үгүт ишине катыштырбастан жана иш убактысынан тышкары жолугушууларын кошпогондо, талапкер, анын өкүлдөрү тарабынан талапкерди шайлоо максатында административдик ресурсту кыянаттык менен пайдалануунун жол берилбестиги тууралуу конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптар бузулганда;

5) талапкердин, саясий партиянын жетекчилигинин же аткаруу органынын кызматкерлеринин же алардын өкүлдөрүнүн конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 2-бөлүгүндө белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз тиешеси болгон фактылар ырасталганда;

6) талапкердин, саясий партиянын жетекчилигинин, аткаруу органынын кызматкерлеринин, алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын, байкоочулардын, ошондой эле жакын туугандарынын шайлоочуларды сатып алууну, же конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3 жана 4-бөлүктөрүндө белгиленген бузууларды жасаган же ага тиешеси болгон фактылар ырасталганда;

7) талапкерге карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде.

38. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан Президентти шайлоонун жыйынтыктары аныкталгандан кийин жана шайланган талапкерге мандатты тапшырганга чейин, ушул талапкерде пассивдүү шайлоо укугу болбогондугу тууралуу, анын ичинде, конституциялык Мыйзамдын 3-беренесинин 4-бөлүгүндө каралган жагдайлары бар экени жөнүндө, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканы же жоготкону жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандык экени жөнүндө маалыматтар ырасталган, ошондой эле талапкер каза болгон учурда, шайлоонун натыйжалары жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясы же сот тарабынан жокко чыгарылат жана шайлоо жараксыз деп таанылат.

9. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин статусу

39. Конституциялык Мыйзамда белгиленген учурларды кошпогондо, бардык талапкерлер бирдей укукка ээ жана бирдей милдеттерди аткарат.

40. Эгерде талапкердин үчүнчү жактар жасаган бузууларга түздөн-түз тиешеси бар экендиги далилденбесе, талапкер үчүнчү жактардын аракеттери үчүн жоопкерчиликке тартылбайт, анын ичинде аны каттоо жокко чыгарылбайт.

41. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотот, эгерде ал төмөнкүлөрдөн болуп саналса:

1) Жогорку Кеңештин депутатын же Президентти кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматчы;

2) жергиликтүү кеңештин депутатын кошпогондо, муниципалдык саясий кызматчы;

3) мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттин (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашык ишкананын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчиси.

42. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат, эгерде ал төмөнкүлөрдөн болуп саналса:

1) мамлекеттик кызматтын түрүнө (жарандык, аскердик, укук коргоочулук, дипломаттык) карабастан мамлекеттик кызматчы;

2) муниципалдык кызматчы;

3) жалпыга маалымдоо каражатынын кызматкери.

43. Талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана органдардын тиешелүү кызмат адамдары талапкер катары арыз, рапорт менен кайрылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде, менчигинин түрүнө карабастан эмгек акысынын орточо өлчөмүн мекеменин, ишкананын, уюмдун эсебинен сактоо менен анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотуп турууга милдеттүү.

44. Талапкерлер же болбосо алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү талапкер көрсөтүлгөн күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

45. Конституциялык Мыйзамдын 21-беренесинин 9, 10-бөлүктөрүндө каралган талапкердин ишинин кепилдиктери Борбордук шайлоо комиссиясы каттаган учурдан тартып, конституциялык Мыйзамдын 53 жана 61-беренелеринде каралган тартипте келип чыгат.

46. Талапкердин конституциялык Мыйзамда белгиленген укуктары жана кепилдиктери - шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин, ал эми талапкер шайлоонун натыйжаларына даттануу берген учурда соттун чечими күчүнө киргенге чейин жайылтылат.

47. Катталган талапкер Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган учурдан тартып, ал эми мөөнөтүнөн мурда чыгып калганда - чыгып калган учурдан тартып, талапкердин статусу менен байланышкан укуктарынан айрылат жана милдеттеринен бошотулат. Эгерде Борбордук шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган учурда, талапкерликтери боюнча кайра добуш берүү өткөрүлбөгөн катталган талапкерлер өз статусун шайлоо комиссиясы тарабынан кайра добуш берүү дайындалган күндөн тартып жоготот.

48. Талапкерлер конституциялык Мыйзамда каралган тартипте, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды дайындоого укуктуу. Талапкер конституциялык Мыйзамда каралган учурларда, өз өкүлдөрүнүн конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузган аракеттери үчүн жоопкерчилик тартышат.

49. Катталган талапкер шайлоо өткөрүү убагында администрациянын (иш берүүчүнүн) демилгеси боюнча иштен (кызмат ордунан) бошотулбайт же анын макулдугусуз башка ишке (кызматка) которулбайт, аскер кызматына чакыртылбайт.

Катталган талапкердин шайлоого катышкан убагы ал талапкер болуп катталганга чейин иштеген адистиги боюнча жалпы эмгек стажына эсепке киргизилет.

50. Кылмыш жасаган жеринде кармалган учурларды кошпогондо, катталган талапкер шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыяланган күнгө чейин, Борбордук шайлоо комиссиясынын макулдугусуз сот тартибинде салынуучу жазык жоопкерчилигине тартылышы, кармалышы, камакка алынышы же жаза чараларына тартылышы мүмкүн эмес.

10. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фонду

51. Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран, конституциялык Мыйзамдын 49-беренесинин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтерди бергенге чейин шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өзүнүн шайлоо фондун конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте түзөт. Шайлоо төгүмү тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан гана конституциялык Мыйзамдын 41-беренесинин 1-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөргө ылайык төгүлөт.

52. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эске алынуучу үгүттүк-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) эсептик көрсөткүчтөн 150000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкердин өз каражаттарынан;

2) эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, талапкерге саясий партия тарабынан бөлүнгөн каражаттардан;

3) алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, жеке жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн;

4) алардын ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500000 эседен ашуусу мүмкүн болбогон, юридикалык жактардын ыктыярдуу берүүлөрүнөн.

Талапкердин шайлоо фондунан келип түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын чектелген суммасы 2 000 000 жолудан көп эсептик көрсөткүчтүн ашпоосу керек.

Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын чектелген суммасынан ашырып жиберүү мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет.

53. Шайлоо фонддоруна төмөнкүлөрдүн ыктыярдуу кайрымдуулук берүүлөрүнө жол берилбейт:

1) чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын бөлүмдөрүнүн жана өкүлчүлүктөрүнүн, катышуучусу чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактарынын;

2) жарандыгы жок адамдардын;

3) мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

4) мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;

5) уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктар, жыйымдар жана башка милдеттүү төлөмдөр боюнча жеңилдиктерден пайдаланган юридикалык жактардын;

6) аскер бөлүктөрүнүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

7) укук коргоо органдарынын, соттордун;

8) кайрымдуулук менен алектенген уюмдардын;

9) диний уюмдардын;

10) атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын (атын атабай кайрымдуулук кылуучу болуп төмөнкү маалыматтардын бирин: фамилиясын, атын, атасынын атын, ЖИНин көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

54. Талапкердин шайлоо фондуна мамлекеттик бюджеттин же Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун алдында карызы бар юридикалык жактардын, юридикалык жак түзбөстөн ишкердикти жүзөгө ашыруучу жеке жактардын акча каражаттарын кошууларына жол берилбейт.

55. Көрсөтүлгөн юридикалык, жеке жактар шайлоо фондуна акча каражаттарын которгон учурда талапкер жоопкерчилик тартпайт. Эгерде талапкердин шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана юридикалык жактардан акча каражаттары келип түшсө, анда соттун

чечими боюнча банк же башка мекеме бул каражаттарды мамлекеттик бюджетке же Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна которууга милдеттүү.

56. Атайын эсеп талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран тарабынан ачылат.

57. Шайлоо фонддоруна келип түшүүчү акча каражаттары улуттук валютада гана кабыл алынышы керек. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер эсептелбейт жана төлөнбөйт.

58. Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу талапкерлигин коюу ниетин билдирген жарандарга, талапкерлерге, саясий партияларга, алардын каржы маселеси боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

59. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу болот. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүүгө байланышкан чыгымдарды жабуу үчүн гана пайдаланылышы мүмкүн.

60. Жарандар жана юридикалык жактар талапкерди шайлоого көмөктөшүүчү иш аракеттерге шайлоо фонддору аркылуу гана каржылык (материалдык) колдоо көрсөтүүгө укуктуу.

61. Юридикалык жактарга, алардын филиалдарына, өкүлчүлүктөрүнө, ошондой эле жеке адамдарга шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, товарларды сатууну бекер аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн бааларда аткарууга тыюу салынат.

62. Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлерге шайлоочулардын колун чогултууга, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө, башка шайлоо алдындагы иш чараларды жүзөгө ашырууга өздөрүнүн шайлоо фонддоруна келип түшкөн каражаттардан тышкары акча каражаттарын пайдаланууга тыюу салынат

63. Талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, байкоочулары, шайлоо комиссиялардагы өкүлдөрү, өздөрүнүн ыйгарым укуктарын, шайлоого түздөн-түз же кыйыр түрдө байланыштуу жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү бекер аткарууга укуктуу.

64. Талапкерди каттоодон баш тартылган, талапкер өзүнүн талапкерлигин алып салган же талапкерди каттоо токтотулган (жокко чыгарылган) учурларда шайлоо фондуна келип түшкөн каражаттар талапкер тарабынан аларды кошкон жарандарга жана уюмдарга салынган каражаттарга пропорционалдуу түрдө дароо кайтарып берилет. Мында, аталган каражаттарды кайтарып берүү менен байланышкан чыгымдар аларды кошкон жарандар жана уюмдар тарабынан жабылат.

65. Талапкердин шайлоо өнөктүгүнө байланыштуу белгилүү жумуштарды аткаруу (кызмат көрсөтүү) жөнүндө жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар) талапкердин жеке өзү же анын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт.

66. Талапкер Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт иштери боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү аткаруу жөнүндө келишимдерди ар бир шайлоо участогунда үчтөн ашпаган сандагы үгүтчү менен түзүүгө укуктуу.

67. Талапкердин атайын эсептеринен төлөөлөр боюнча келишимдер жана макулдашуулар добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнүнөн кеч түзүлүшү мүмкүн эмес.

68. Жеке жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр боюнча, ошондой эле атайын эсепте турган, чыгымдалбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча бардык финансылык операциялар добуш берүү күнүнөн кийин 5 календардык күндөн кечиктирбестен токтотулат.

69. Шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен байланышкан иштерди (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу (берүү) үчүн талапкердин жеке, юридикалык жактардын ортосундагы эсептешүүлөр накталай эмес тартипте гана жүзөгө ашырылат. Банктык эсептешүү эсеби бар болгондо мындай эсептешүүлөрдү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилүүчү тизмекке киргизилген мобилдик банктык тиркемелердин тутумдары аркылуу жүргүзүүгө жол берилет.

70. Кайра добуш берүү өткөрүүдө аларга карата кайра добуш берүү өткөрүлүп жаткан талапкерлердин атайын эсептери боюнча каржылык аткарымдар кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү кайра ачылат

71. Атайын эсептеги чыгымдалбаган акча каражаттарынын калдыктары добуш берүү күнүнөн кийин талапкерлерге кайтарылып берилет

72. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, көрсөтүлгөн фонддорго ыктыярдуу кайрымдуулук менен берилген жана чегерилген каражаттарга, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддордун чыгымдарына салык салуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

11. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү

73. Талапкерлер тиешелүү талапкерлердин атынан иш алып баруучу экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдү: шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү жана финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу.

Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жөнүндө маалыматтар талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан электрондук машина окуй турган түрдө да Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык тутумуна киргизилүүгө тийиш.

74. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана, башка талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү ыйгарым укуктуу өкүл боло албайт.

75. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси, ар бир ыйгарым укуктуу өкүлдүн фамилиясын, атын, атасынын атын, туулган күнүн, паспортунун сериясын жана номурун, анын берилген күнүн, жашаган жеринин дарегин, негизги жумушунун же кызматынын ордун, ээлеген кызматын (негизги жумушу же кызматы болбогон учурда - ишинин түрүн), телефон номурун көрсөтүү менен Борбордук шайлоо комиссиясына берилет (№ 3 форма). Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө карата кошумча, ошондой эле каржы документтерине кол коюу укугу көрсөтүлөт. Борбордук шайлоо комиссиясына берилген тизмеге, ошондой эле саналган ар бир адамдын ыйгарым укуктуу өкүлдүн ишин жүзөгө ашырууга жазуу жүзүндөгү макулдугу тиркелет (форма № 4). Мында талапкер ыйгарым укуктуу өкүлдүн ушул Жыйнактын талаптарына ылайык келерин ырастайт жана берген маалыматтары үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

76. Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл документтер келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде ыйгарым укуктуу өкүлдөргө ырастама берет же конституциялык Мыйзамга ылайык каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

77. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан каттоо күбөлүктөрү берилгенден жана катталгандан кийин, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү дайындалган болуп эсептелет, ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

78. Шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл:

1) Президенттикке талапкерди колдогон шайлоочулардын колун чогултууда кол коюу барактарын күбөлөндүрөт, коюлган колдордун санын эсептейт, кол чогултуунун жыйынтыгы тууралуу протокол түзөт;

2) тиешелүү шайлоо комиссиясына Президенттикке талапкерди колдогон кол коюу барактарын, ошондой эле талапкерди каттоо үчүн башка документтерди берет;

3) тиешелүү шайлоо комиссиясынан кол коюу барактары жана башка документтер кабыл алынганы жөнүндө кат жүзүндө ырастама (маалымдама) алат;

4) шайлоо алдында үгүт жүргүзөт, үгүт материалдарын таратат;

4-1) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан аткарылган жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр үчүн документтерге (келишимдерге/макулдашууларга) кол коёт;

5) талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берүүнүн тартибин аныктоодо, шайлоо комиссиялары жүргүзүүчү чүчү кулактарга катышууга укуктуу;

6) ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындаган талапкерге, саясий партияга тиешеси бар маселелер боюнча, шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укуктуу;

7) талапкердин, саясий партиянын тапшыруусу боюнча ушул конституциялык Мыйзамда белгиленген башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

79. Талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндө билдирүү менен, ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын каалаган убакта токтотууга укуктуу (форма № 12).

80. Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү Президенттин кызматына талапкердик статусун жоготкон учурдан тартып, бирок шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күндөн кечиктирбестен аяктайт. Каржы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

12. Талапкердин ишенимдүү адамдарын каттоо

81. Талапкерлер ишенимдүү адамдарды дайындоого укуктуу.

82. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, башка талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү ишенимдүү адам боло албайт.

83. Ишенимдүү адамдарды каттоо Борбордук шайлоо комиссиясы бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү бүткөндөн кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин төмөнкү документтердин негизинде жүргүзүлөт:

1) талапкердин жазуу жүзүндөгү арызы (форма № 11);

2) жарандын талапкердин ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндөгү арызы (форма № 11-1);

3) ишенимдүү адам болуп дайындалып жаткан адамдын паспортунун көчүрмөсү;

4) ишенимдүү адам болуп дайындалып жаткан адамдын иштеген жеринен маалымкаты.

84. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) талапкердин шайланышына өбөлгө болуучу үгүт жана башка иштерди жүзөгө ашырууга, алардын шайлоо алдындагы программаларын сунуштоого;

2) шайлоо алдындагы чогулуштарда, шайлоочулар менен жолугушууларда чыгып сүйлөөгө, шайлоо алдындагы дебаттарга жана дискуссияларга катышууга;

3) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

4) добуш берүү өткөрүүдө, шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө жана добуш берүү жыйынтыктарын чыгарууда шайлоо участокторунда болууга;

5) шайлоо комиссияларынын документтери, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу, шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдор менен таанышууга;

6) шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана аракеттерине (аракетсиздигине) даттанууга, даттанууларды жана арыздарды кароого катышууга.

85. Ишенимдүү адамдар төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоо комиссияларынын жумушуна кийлигишүүгө;

2) шайлоочунун өтүнүчү боюнча шайлоо бюллетендерин алганына ал үчүн кол коюуга, ошондой эле ал үчүн шайлоо бюллетендерин толтурууга;

3) эгерде алар ошол жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттери, чыгармачыл кызматкерлери же кызмат адамдары болуп саналган учурда, маалыматтык теле- жана радиопрограммаларды (берүүлөрдү) жүргүзүүгө, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу шайлоону чагылдырууга катышууга

86. Талапкерлер бул тууралуу Борбордук шайлоо комиссиясына кабарландырып, аларга берилген ырастамаларды жокко чыгаруу менен ишенимдүү адамдарды каалаган убакта чакырып алууга укуктуу. (форма № 12-2).

87. Ишенимдүү адам каалаган убагында Борбордук шайлоо комиссиясына өзүнө берилген ырастаманы кайтарып берүү жана бул тууралуу аны дайындаган талапкерди кабарландыруу менен, өзүнүн демилгеси боюнча өзүнүн ыйгарым укуктарын таштоого укуктуу.

88. Ишенимдүү адамдардын ыйгарым укуктары аларды дайындаган, каттоодон өткөн талапкер статусун жоготкондо токтотулат.

13. Шайлоо комиссияларындагы талапкердин өкүлдөрү

89. Талапкерлер каттоодон өткөндөн кийин, анын инсандыгын ырастоочу документтерди, анын негизги жумуш орду жөнүндө маалыматтарды (ишинин түрүн), туруктуу жашаган жеринин толук дарегин жана байланыш маалыматтарын көрсөтүү менен, тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн өкүлүн (текст боюнча мындан ары - шайлоо комиссияларындагы өкүл) дайындоого укуктуу. (форма № 10).

Документтер тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин кабыл алынат.

90. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары, аны тиешелүү шайлоо комиссиясы каттаган учурдан тартып башталат.

91. Кыргыз Республикасынын 21 жашка чыккан, жигердүү шайлоо укугуна ээ болгон жана Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жараны шайлоо комиссияларында өкүл болууга укуктуу.

92. Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттары, Жогорку Кеңештин, жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызматты жана саясий муниципалдык кызматты ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, судьялар, аскер кызматчылары жана укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте соттолгондугу алып салынбаган же жоюлбаган адамдар шайлоо комиссияларында өкүл болууга укуксуз.

93. Шайлоо комиссиясындагы өкүл бир эле мезгилде башка шайлоо комиссиясында өкүл боло албайт. Мамлекеттик же муниципалдык кызматты айкалыштырган шайлоо комиссиясындагы өкүл өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдалануга укугу жок.

94. Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссиясынын жыйналышында каралуучу документтер жана материалдар менен таанышууга;

2) анын компетенциясына кирген маселелер боюнча шайлоо комиссиясынын жыйналыштарынын күн тартибине сунуштарды киргизүүгө жана алар боюнча добуш берүү өткөрүүнү талап кылууга;

3) шайлоо комиссиясынын бардык жыйналыштарына катышууга жана жарыш сөзгө чыгууга;

4) шайлоо комиссиясынын жыйналышынын башка катышуучуларына күн тартибине ылайык суроолорду берүүгө жана аларга маңызы боюнча жооп алууга;

5) шайлоо комиссияларынын түздөн-түз шайлоого байланыштуу материалдары жана документтери менен таанышууга жана бул документтердин жана материалдардын (мыйзамда белгиленген тартипте ошондойлорго киргизилген купуя маалыматты камтыган документтерди жана материалдарды кошпогондо) көчүрмөлөрүн алууга;

6) шайлоо комиссияларынын аракеттерине (аракетсиздиктерине) ушул конституциялык Мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте даттанууга;

7) көрсөтүлгөн документке ылайык шайлоочунун инсандыгын жана бюллетендин алынышынын тууралыгын текшерүүгө.

95. Шайлоо комиссияларындагы өкүл төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоо комиссиялары жүргүзүүчү текшерүүлөргө катышууга;

2) шайлоо комиссиясынын атынан түшүндүрмө жана көрсөтмө берүүгө, билдирүү жасоого;

3) добуш берүүнүн жыйынтыктары жана шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдорду түзүүгө;

4) шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктарына кирген чечимдерди кабыл алууда добуш берүүгө катышууга;

5) шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана протоколдоруна кол коюуга.

96. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары, аларды дайындаган субъекттердин чечими боюнча кандай гана убакта болбосун токтотулушу жана башка адамга берилиши мүмкүн. (форма № 12-1).

97. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары аны дайындаган субъекттердин каттоосу жокко чыгарылган учурда токтотулат.

98. Шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары шайлоонун натыйжалары расмий жарыялангандан кийин токтотулат.

99. Катталган талапкер добуш берүүнүн жыйынтыктарына, шайлоонун натыйжаларына даттанган учурда, шайлоо комиссияларындагы өкүлдүн ыйгарым укуктары даттануунун маңызы боюнча акыркы чечим чыгаргандан кийин токтотулат.

14. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү

100.Шайлоо алдындагы үгүт бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга 24 саат калганда токтойт.

101.Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкер үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) айрым талапкерлерге карата колдоону билдирүү;

3) талапкерди шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;

4) талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.

102.Шайлоо өткөрүүдө үгүттөө төмөнкүдөй жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) концерттерди, театралдаштырылган оюндарды жана спорттук иш-чараларды кошпогондо, ачык үгүт иш-чараларын (митингдер, чогулуштар, теледебаттар жана башкалар) өткөрүү аркылуу;

3) басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу жолу менен;

4) конституциялык Мыйзамда тыюу салынбаган башка тариздерде.

103.Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартибине байланыштуу маселелер конституциялык Мыйзамдын нормалары, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Жобо менен жөнгө салынат.

15. Шайлоо талаш-тартыштарын кароо тартиби

104.Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка субъекттеринин жарандардын шайлоо укуктарын, конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык прокуратура органдарына, ички иштер органдарына, шайлоо комиссияларына же сотко даттанылышы мүмкүн.

Мында конституциялык Мыйзамдын 43-беренесинин 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацында көрсөтүлгөн адамдарды кошпогондо, ички иштер органдары коомдук тартипти бузууга

тиешелүү арыздарды (даттанууларды), ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган, шайлоо процессинин субъекттеринин аракеттерине карата арыздарды кароо боюнча иштерди жүргүзөт.

Прокуратура органдары аткаруу бийлигинин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын кызмат адамдары тарабынан шайлоо мыйзамдарынын сакталышын көзөмөлдөйт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралган алардын иш-аракеттерине карата арыздарды (даттанууларды) карайт.

105.Шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) жогору турган шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) сотко даттанылышы мүмкүн.

Арыздар (даттануулар), шайлоо субъектине анын укуктары бузулганы, чечимдер кабыл алынганы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалганы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен берилет.

106.Шайлоонун даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары жана соттор тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдыңкы күнү - токтоосуз каралууга жатат. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат.

Шайлоочулардын, талапкерлердин, шайлоо процессинин башка субъекттеринин шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан тартып 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнүн алдындагы күнү токтоосуз каралуусу тийиш. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылган учурда, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Прокуратура органдары, ички иштер органдары арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.

107. Шайлоо талаш-тартыштарын кароого байланышкан маселелер конституциялык Мыйзамдын нормалары, “Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө” жобо менен жөнгө салынат.

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын байланыш маалыматтары

Дареги: 720040, Кыргызстан, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, № 50
Байланыш номерлери: 1255 (тынымсыз байланыш),
коомдук кабылдама +996 (312) 66-02-40
Шайлоолорду уюштуруу бөлүмү: +996 (312) 62-35-69, 62-08-29
Укуктук камсыздоо бөлүмү: +996 (312) 62-01-84, 66-01-43
Иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү: +996 (312) 62-08-23, 62-62-85,
email: document2@shailoo.gov.kg
Маалыматтык камсыздоо сектору: +996 (312) 66-54-52, email: pr.shailoo@gmail.com

№	Жумушчу топтордун аталыштары	Жумушчу топтордун курамы
1	Кыргыз Республикасында шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо	Жумушчу топтун жетекчиси: Оторбаев Т.А. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51

	процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын кароо боюнча жумушчу топ	Айбалаев А.М. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51 Темирбаева М.О. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51 Жумушчу топтун катчысы: Алимбаев Е.А. – укуктук камсыздоо бөлүмүнүн эксперти (0312) 62-01-84
2	Шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу топ	Жумушчу топтун жетекчиси: Оторбаев Т.А. (жетекчи) (0312) 62-01-51 Касмамбетов С.С. - КР БШК мүчөсү (0312) 66-01-09 Жумушчу топтун катчысы: Алымбаев Р.А. – маалыматтык камсыздоо секторунун башчысы (0312) 66-54-52
3	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын алдындагы көзөмөлдөө-текшерүү тобу	Жумушчу топтун жетекчиси: Айбалаев А.М. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51 Оторбаев Т.А. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51 Жумушчу топтун катчысы: Амангелди кызы М. - көзөмөлдөө-текшерүү жана аудиттик секторунун башчысы
4	Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын ыкчам аракеттенүүчү координациялык тобу	Жумушчу топтун жетекчиси: Шайназаров Т.У. – КР БШК төрагасы (0312) 62-08-21 Жумушчу топтун катчысы: - коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү (0312) 62-63-24
5	Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлердин документтерин кабыл алуу боюнча жумушчу топ	Жумушчу топтун жетекчиси: Жакышов Р.Ш. - КР БШКнын төрагасынын орун басары (0312) 66-03-19 Мамырова Б.А. - КР БШК мүчөсү (0312) 62-62-90 Оторбаев Т.А. - КР БШК мүчөсү Жумушчу топтун катчысы: Манасбеков Р.М. – шайлоолорду уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын м.у.а. (0312) 66-51-86
6	Майыптыгы бар шайлоочулардын жана айрым категориялардагы жарандардын шайлоо укуктарын өркүндөтүү жана ишке ашыруу боюнча жумушчу топ	Жумушчу топтун жетекчиси: Темирбаева М.О. – КР БШК мүчөсү (0312) 62-01-51 Жумушчу топтун катчысы: Алмазбеков Э.А. – КР БШК аппаратынын шайлоо комиссиялары менен өз ара аракеттенүү жана методология секторунун башчысы (0312) 66-01-16
7	Чет өлкөдөгү жарандардын шайлоо укуктарын камсыз кылуу боюнча жумушчу топ	Жумушчу топтун жетекчиси: Лурова Л.Х. - КР БШКнын төрагасынын орун басары

		(0312) 66-01-91 Жумушчу топтун катчысы: Исакова Ү.З. – эл аралык кызматташуу жана шайлоо процессинин катышуучулары менен өз ара аракеттенүү бөлүмүнүн эксперти (0312) 62-08-28

Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык ресурстары

1. БШКнын расмий сайты (https://shailoo.gov.kg):

– Расмий сайт колдонуучуларга Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердүүлүгү, жыйындары, токтомдору, жоболору жана курамы жөнүндө толук жогорку деңгээлдеги жана ишенимдүү маалыматты берүүгө арналган. Сайттын негизги максаты — шайлоочуларга, шайлоо комиссияларына, саясий партияларга, талапкерлерге, мамлекеттик бийлик органдарына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына (ЖМК) Борбордук шайлоо комиссиясынын ишмердиги боюнча маалыматтык колдоо көрсөтүү үчүн маалыматтык-технологиялык чөйрөнү түзүү болуп саналат.

2. Маалыматтык шайлоо тутуму (http://ess.shailoo.gov.kg):

– Бардык түрдөгү шайлоолордун жана референдумдардын жыйынтыктары боюнча маалымат берилген интернет-ресурс.

3. Кол менен эсептөө протоколдорун жана идентификациялоонун жыйынтык отчётун графикалык чагылдыруу сайты (http://protocol.shailoo.gov.kg/):

– УШКлардын кол менен эсептөө протоколдорунун, АШКлардын протоколдорунун жана идентификациялоо жөнүндө отчеттордун сканерленген версияларын чагылдыруу.

4. “Тизме” мамлекеттик шайлоочулар порталы (http://tizme.gov.kg):

– Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоо участоктору, райондор, шаарлар жана жалпы республика боюнча электрондук форматтагы шайлоочулардын тизмелери жөнүндө маалыматты камтыган интернет-ресурсу. Портал шайлоочуларга “Шайлоочунун кабинети” сервиси аркылуу маалыматтарды тактоо мүмкүнчүлүгүн берет. “Шайлоочунун кабинети” санариптик сервиси “Түндүк” мобилдик тиркемесинде да жеткиликтүү.

5. Шайлоо участокторунун картасы (https://shailoo.gov.kg/kg/map/):

– Шайлоо участокторунун географиялык жайгашуусун, шайлоо округдарынын чек араларын визуализациялаган, ошондой эле шайлоо комиссияларынын курамы жана алардын байланыш маалыматтары тууралуу маалыматты камтыган БШКнын веб-ресурсу.

6. Арыздардын жана кайрылуулардын реестри (https://shailoo.gov.kg/kg/registry/):


– Шайлоо комиссияларына (БШК, АШК, УШК) келип түшкөн арыздар жана кайрылуулар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана соттук актылар менен таанышууга мүмкүн болгон Борбордук шайлоо комиссиясынын атайын электрондук ресурсу.

7. “Талапкер” маалыматтык ресурсу (http://talapker.shailoo.gov.kg/):


Маалыматтык ресурс талапкерлер жөнүндө маалыматтын 4 түрүн камтыйт:

1. Талапкерлер жөнүндө жалпы маалымат;
2. Талапкерлердин тизмелери;
3. Талапкерлердин программасы;
4. Акча каражаттарынын түшүшүнүн жана сарпталышынын булактары жөнүндө маалыматтар (финансылык отчёттуулук).

Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты (https://shailoo.gov.kg)




ШАЙЛОО КАЛЕНДАРЫ – Кыргыз Республикасындагы бардык түрдөгү шайлоолорду даярдоо, өткөрүү жана жыйынтыгын чыгаруу процессин уюштуруунун мөөнөттөрү жана даталары жөнүндө шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына маалымат берүүгө арналган Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтындагы маалыматтык ресурс (https://shailoo.gov.kg/ru/election/).




“ТИЗМЕ” мамлекеттик порталы – шайлоочуларды, референдумдун катышуучуларын шайлоочулардын тизмелери, шайлоо дарегин (шайлоо участогунун номерин) жана жеке маалыматтарды тактоо жана өзгөртүү жөнүндө маалымдоого арналган, ошондой эле шайлоо участоктору, райондор, шаарлар жана жалпы республика боюнча шайлоочулардын жана референдумдун катышуучуларынын тизмелери тууралуу түзүлгөн жана актуалдаштырылган маалыматты камтыган веб-ресурс.


(https://tizme.gov.kg/)




МААЛЫМАТТЫК ШАЙЛОО ТУТУМУ (МШТ) – шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде маалыматтык процесстерди ишке ашырууга арналган мамлекеттик маалыматтык тутум, анда шайлоочулардын катышуусу жөнүндө, ошондой эле АЭУ (автоматтык эсептөөчү урна) аркылуу алынган добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктары жана добуштарды кол менен эсептөөнүн негизиндеги добуш берүүнүн акыркы жыйынтыктары тууралуу маалыматтарды чогултуу, топтоштуруу жана чагылдыруу жүргүзүлөт.
(http://ess.shailoo.gov.kg/ServiceJSP.doc)




АРЫЗДАРДЫН ЖАНА КАЙРЫЛУУЛАРДЫН РЕЕСТРИ – шайлоо процессинин катышуучуларынан шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар жана кайрылуулар, алар боюнча кабыл алынган чечимдер жана соттук актылар менен таанышууга арналган веб-ресурс. (https://shailoo.gov.kg/ru/registry/claim/)



Борбордук шайлоо комиссиясынын АЧЫК МААЛЫМАТТАРЫ – шайлоолордогу жана референдумдардагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын, шайлоочулар боюнча статистиканы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана шайлоо комиссиялары жөнүндө маалыматтарды камтыган веб-ресурс. (https://shailoo.gov.kg/ru/otkrytye-dannye-cik/)



ЭЛЕКТРОНДУК ТАЛАПКЕР – шайлоочулардын талапкерлер жөнүндө (анын ичинде алардын программалары, өмүр баяны тууралуу маалыматтары, шайлоо фонддору боюнча) кабардарлыгын жогорулатуу, ачыктыкка жана жеткиликтүүлүккө арналган веб-ресурс, ошондой эле шайлоо процессин маалымдоо компоненттеринин бири болуп саналат.
(http://talapker.shailoo.gov.kg/)



Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2026-жылдын 28-августундагы
№ 90 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

2. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) келип түшкөн шайлоо документтерин кабыл алууну жана текшерүүнү Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ (мындан ары – Жумушчу топ) жүзөгө ашырат.

3.“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамында (мындан ары – конституциялык Мыйзам) белгиленген мөөнөттө шайлоо комиссиясына келген талапкер же болбосо талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү документтерди берүү мөөнөтүн сактоо жөнүндөгү талапты аткарды деп эсептелет.

4. Документтерди кабыл алуу Жумушчу топтун мүчөлөрү тарабынан шайлоо комиссиясына келген убактысына жараша белгиленген кезектүүлүк тартибинде жүзөгө ашырылат. Талапкердин же болбосо талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн шайлоо комиссиясына келген убактысы документтерди берген убакыт катары катталып жазылат.

5. Жумушчу топ документтерди кабыл алууну ушул Жободо каралган формаларга ылайык жүзөгө ашырат.

6. Шайлоо документтерин кабыл алуу Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн катышуусунда Жумушчу топ тарабынан жүзөгө ашырылат.

7. Талапкер аны көрсөтүү тартибине карабастан шайлоо документтеринин берилиши, аларда камтылган маалыматтардын толуктугу жана аныктыгы, ошондой эле документтерди тариздөөнүн Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген талаптарга шайкештиги үчүн жоопкерчилик тартат. Эгерде, талапкер саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн учурда, көрсөтүлгөн жоопкерчиликти саясий партия да тартат.

8. Президентти шайлоого катышкан талапкерлер жана талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү Борбордук шайлоо комиссиясына документтерди кагаз алып жүрүүчүдө да, “Электрондук талапкер” маалымат тутумунда машина менен окулуучу түрдө да берүүгө тийиш.

2. Талапкерлерди көрсөтүү жана каттоо үчүн документтерди берүү тартиби

9. Добуш берүү күнүнө карата 35 жашка чыккан, чет мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны Президент болуп шайлана алат.

10. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого, шайланууга укуксуз.

Төмөнкү адамдар Президенттин кызмат ордуна шайланууга укуксуз:

1) соттуулугу бар, анын ичинде алып салынган же жоюлган;

2) аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган, төмөнкүлөрдү кошпогондо:

- оор эмес кылмыштарды, этиятсыздыктан жасалган анча оор эмес кылмыштарды;

- жабырлануучу жеке-ачык айыптоону колдоодон баш тарткан жана (же) Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жана аларда каралган тартипте айыпталуучу жабырлануучу менен макулдашууга жетишкен учурларды кошпогондо, аларга карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган;

3) диний ишмерлер диний ишмердигин токтотқондон кийин 5 жылдын ичинде.

11. Кыргыз Республикасынын Президенти 5 жылга шайланат.

Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү укугу өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан жарандарга, ошондой эле шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күнгө карата белгиленген тартипте катталган саясий партияларга таандык.

12. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотот, эгерде ал:

1) Жогорку Кеңештин депутатын же Президентти кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматчы;

2) жергиликтүү кеңештин депутатын кошпогондо, муниципалдык саясий кызматчы;

3) мамлекеттик, муниципалдык ишкананын, мекеменин, мамлекеттик (муниципалдык) катышуу үлүшү 30 пайыздан ашык ишкананын жана алардын бөлүмдөрүнүн жетекчиси болуп саналса.

13. Талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары аныкталганга чейин кызмат ордундагы же кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуп турат, эгерде ал:

1) мамлекеттик кызматтын түрүнө (жарандык, аскердик, укук коргоочулук, дипломаттык) карабастан мамлекеттик кызматчы;

2) муниципалдык кызматчы;

3) жалпыга маалымдоо каражатынын кызматкери болуп саналса.

14. Талапкер иштеген, кызмат өтөгөн мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жетекчилери, аскер бөлүктөрүнүн командирлери жана органдардын тиешелүү кызмат адамдары талапкер арыз, рапорт менен кайрылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде менчигинин түрүнө карабастан эмгек акысынын орточо өлчөмүн мекеменин, ишкананын, уюмдун эсебинен сактоо менен анын кызматтык ыйгарым укуктарын аткаруусун токтотуп турууга милдеттүү.

15. Талапкерлер же болбосо алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү талапкер көрсөтүлгөн күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсүн Борбордук шайлоо комиссиясына беришет.

16. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди көрсөтүү шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күнү башталат жана добуш берүү күнүнө чейин 75 календардык күн калганда аяктайт.

17. Жаран саясий партиядан Президенттин кызмат ордуна талапкер болуп көрсөтүлгөн учурда жаран Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди берет:

1) саясий партиянын Президенттин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечиминин протоколу;

2) жарандын Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугу жөнүндө арызы (№ 1 форма);

3) саясий партиянын мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

4) саясий партиянын уставынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү;

5) эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндө шайлоо төгүмүн (талапкердин шайлоо фондунан) төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нускасы);

6) улуттук паспорттун типтеринин биринин көчүрмөсү;

7) талапкер жөнүндө маалыматтар (№ 5 форма);

8) талапкер тарабынан толтурулган Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдуктун типтүү формасы (№ 2 форма);

9) мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же мекеме тарабынан берилген мамлекеттик тилди билүү деңгээли "Ортодон жогору" деңгээлинен төмөн эмес экендиги тууралуу сертификат;

10) башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация (№ 6 форма);

11) диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларация (№ 7 форма);

12) Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугу, реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган кылмыш иши бар же жок экендиги жөнүндө декларация (№ 8 форма);

13) иштеген жеринен маалымкат;

14) мамлекеттик жана расмий тилдердеги биографиялык маалыматтар камтылган талапкердин анкетасы (№ 9 форма);

15) 3×4 өлчөмүндөгү кызыл фондогу сүрөт – 4 даана (кагаз жана электрондук түрдө);

16) мамлекеттик жана расмий тилдердеги талапкердин шайлоо алдындагы программасы (кагаз жана электрондук түрдө).

18. Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин көрсөтүү үчүн талапкер болуу ниетин билдирген жаран Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү документтерди берет:

1) өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан Президенттин кызмат ордуна талапкер болуу ниетин билдирген жарандын арызы (№ 1-2 форма);

2) эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндө шайлоо төгүмүн (талапкердин шайлоо фондунан) төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нускасы);

3) улуттук паспорттун типтеринин биринин көчүрмөсү;

4) талапкер жөнүндө маалыматтар (№ 5-1 форма);

5) талапкер тарабынан толтурулган Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдуктун типтүү формасы (№ 2 форма);

6) мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же мекеме тарабынан берилген мамлекеттик тилди билүү деңгээли "Ортодон жогору" деңгээлинен төмөн эмес экендиги тууралуу сертификат;

7) башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация (№ 6 форма);

8) диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларация (№ 7 форма);

9) Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет өлкөдө соттуулугу, реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган кылмыш иши бар же жок экендиги жөнүндө декларация (№ 8 форма);

10) иштеген жеринен маалымкат;

11) мамлекеттик жана расмий тилдердеги биографиялык маалыматтар камтылган талапкердин анкетасы (№ 9 форма);

12) 3×4 өлчөмүндөгү кызыл фондогу сүрөт – 4 даана (кагаз жана электрондук түрдө);

13) мамлекеттик жана расмий тилдердеги талапкердин шайлоо алдындагы программасы (кагаз жана электрондук түрдө).

19. Ушул Жобонун 17 жана 18-пункттарында каралган документтерди (талапкерди көрсөтүү ыкмасына жараша) талапкер ооруп жаткан же шектелүүчүлөрдү же айыпталуучуларды камакта кармоо жайларында жүргөн учурларды кошпогондо, Борбордук

шайлоо комиссиясына жеке өзү берүүгө милдеттүү (бул учурда талапкердин арызындагы коюлган колдун аныктыгы нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө же болбосо талапкер дарыланып жаткан стационардык дарылоо-алдын алуу мекемесинин администрациясы же ал шектелүү же айыпталуучу катары камакта кармалып турган мекеменин администрациясы тарабынан жазуу жүзүндө ырасталууга тийиш). Адамдын талапкердин өтүнүчү боюнча документтерди берүүгө ыйгарым укуктары нотариат жөнүндө мыйзамдарга ылайык талапкер тарабынан берилген ишеним кат менен тастыкталууга тийиш.

20. Жумушчу топ ушул Жобонун 17 жана 18-пункттарында каралган документтер жана шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документтин түп нускасы берилгенден кийин дароо документтердин кабыл алынгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү тастыктаманы (аныктаманы) берет.

21. Президенттин кызмат ордуна талапкерди каттоо үчүн анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясына талапкерди колдогон 30 миңден кем эмес шайлоочунун колдорун камтыган Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу боюнча кол коюу баракчаларын берет.

Кол чогултуу тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

22. Кол коюу баракчаларын кабыл алууда Борбордук шайлоо комиссиясы ар бир кол коюу барагын мөөр менен күбөлөндүрөт жана кол коюу баракчалары кабыл алынгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө ырастама берет.

23..Өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды өз алдынча жазуу, конституциялык Мыйзамда каралган башка документтерди толтуруу мүмкүнчүлүгү жок майыптыгы бар талапкер көрсөтүлгөн учурда, ал адам бул үчүн башка адамдын жардамын пайдаланууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөтүп жаткан адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

24. Талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү берилген талапкер жөнүндө маалыматтарда өзгөрүүлөр бар экендиги жөнүндө маалыматтарды (аты-жөнү, негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери, ээлеген кызмат орду өзгөртүлгөндүгү жөнүндө, паспорту алмаштырылгандыгы ж. б. жөнүндө) Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн маалыматтарды тастыктоо үчүн тиешелүү документтердин көчүрмөлөрү берилет.

25. Жумушчу топ талапкерден же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнөн жетишпеген документтерди алгандыгы фактысын каттайт, андан кийин тиешелүү шайлоо документтеринин кабыл алынгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастоону (аныктаманы) берет. Ырастоодо кабыл алынган бардык документтер ар биринин баракчаларынын жана нускаларынын саны көрсөтүлүү менен саналып өтөт.

26. Жазуу жүзүндөгү ырастоого (аныктамага) Жумушчу топтун жетекчиси кол коёт, ал эми жетекчи жок болгон учурда Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү кол коёт. Жазуу жүзүндөгү ырастоо (аныктама) эки нускада түзүлөт, анын бир нускасы талапкерге же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилет, экинчи нускасы Борбордук шайлоо комиссиясында сакталат. Аныктама түзүлгөн дата документтер кабыл алынган дата болуп эсептелет.

27. Каттоо үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү шайлоо күнүнө чейин 45 календардык күндөн кечиктирбестен, мурда берилген документтерге жана кол коюу баракчаларына кошумча катары, ушул Жобонун 17, 18-пункттарында көрсөтүлгөн документтердин тизмесине кирген жетишпеген документтерди Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

28. Президенттин кызмат ордуна талапкерлерди каттоо шайлоо күнүнө чейин 35 календардык күн калганда аяктайт.

3. Шайлоо документтерин текшерүү тартиби

29. Жумушчу топ документтер кабыл алынган күндөн тартып 10 календардык күндүн

ичинде конституциялык Мыйзамдын талаптарына шайкештигин текшерүүнү, анын ичинде “Түндүк” электрондук ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү тутумун колдонуу менен текшерүүнү жүзөгө ашырат жана тиешелүү чечимди Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына алып чыгат.

30. Шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нуска) жок учурда талаптарга шайкештикти текшерүү жүргүзүлбөйт, ал эми талапкер болуу ниетин билдирген жарандын документтери берилген жок деп эсептелет жана кайтарылууга тийиш.

31. Талапкерге берилген документтерде айкындалган кемчиликтер тууралуу кабарлоо маселеси карала турган Жумушчу топтун жыйналышына талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү кабарламаны тапшыруу үчүн чакырылат.

32. Кабарламада шайкеш келбеген документтердин, берилген документтердеги толук эмес маалыматтардын тизмеги, конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузуу менен жана айкындалган кемчиликтерди жоюу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен таризделген документтер көрсөтүлөт.

33. Документтердеги кемчиликтер талапкер тарабынан бир нече жолу, бирок Борбордук шайлоо комиссиясы талапкерге кабарлагандан кийин 48 сааттан кечиктирилбестен жоюлушу мүмкүн.

34. Эгерде берилген документтердеги кемчиликтер жөнүндө тиешелүү түрдө кабарландырылган талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү айкындалган кемчиликтерди белгиленген мөөнөттө жойбосо же толук көлөмдө жойбосо, анда Борбордук шайлоо комиссиясы каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим чыгарат.

35. Жумушчу топ 10 күндүк мөөнөттө калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкерлерин жана соттук-эксперттик ишмердик чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын эксперттерин тартуу менен талапкерди колдогон колдордун аныктыгын текшерүүнү жүзөгө ашырат.

36. Каттоо үчүн колдорду берген бардык талапкерлер ар бир текшерүү жүргүзүү учуру тууралуу кабарландырылууга тийиш. Колдорду текшерүүнү жүргүзүүдө талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү катышып отурууга укуктуу.

37. Кол коюу баракчаларындагы колдордун аныктыгын текшерүү аларды “Кол чогултуу” автоматташтырылган маалымат тутумунун маалыматтары менен салыштыруу жолу менен жүзөгө ашырылат.

38. Бардык кол коюу баракчалары талапкердин же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн колу менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

39. Жумушчу топтун жетекчиси же мүчөсү тарабынан кол коюлган кол коюу баракчаларын текшерүүнүн жыйынтыктары жөнүндө аныктама талапкерге же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнө берилет.

40. Президенттин кызмат ордуна талапкерлер тарабынан берилген документтерди текшерүүнүн натыйжалары боюнча Жумушчу топ корутунду түзөт, ал Президенттин кызмат ордуна талапкерди каттоо же каттоодон баш тартуу жөнүндө чечимдин долбоорун Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйналышына чыгаруу үчүн негиз болуп саналат.

41. Төмөнкүлөр каттоодон баш тартуунун негиздери болуп саналат:

1) ушул Жобого ылайык талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтердин берилбегендиги;

2) талапкерди колдоп берилген шайлоочулардын анык колдорунун санынын жетишсиздиги;

3) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

4) конституциялык Мыйзамда белгиленген учурларда талапкердин өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;

5) шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документтин (түп нусканын) жоктугу;

6) конституциялык Мыйзамдын 21-1-беренесинде каралган талаптардын сакталбагандыгы;

7) эгерде адам уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу

уюмга), куралдуу топко (бандага) тиешеси бар адам катары алдын алуучу, ыкчам-алдын алуучу каттоодо турса же турган болсо.

42. Талапкердин уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга) же куралдуу топко (бандага) тиешеси бар экендиги тиешелүү укук коргоо органы тарабынан тастыкталган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы бул маселени өзүнүн жыйналышында укук коргоо органынын өкүлүнүн катышуусунда карайт, ал баяндама жасап, тастыктоочу документтерди көрсөтөт.

43. Президенттин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтарды текшерүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугу бар же жок экендиги, ошондой эле кылмыш ишинин реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылгандыгы жөнүндө маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

44..Жаран Президенттин кызмат ордуна талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейинки 5 жылдын ичинде талапкердин диний ишмердикке катыштыгы диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан тастыкталган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы бул маселени өзүнүн жыйналышында аталган органдын өкүлүнүн катышуусунда карайт, ал баяндама жасап, тастыктоочу документтерди көрсөтөт.

45. Талапкерди каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы аны кабыл алган учурдан тартып бир сутканын ичинде талапкерге же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнө баш тартуунун негиздери баяндалган шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн чечим 5 күндүк мөөнөттө сотко даттанылышы мүмкүн.

4. Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү, шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды жана байкоочуларды каттоо үчүн документтерди тапшыруу тартиби

46. Талапкерлер шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү жана финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү кошкондо, экиден ашпаган ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу.

47. Ыйгарым укуктуу өкүлдү каттоо үчүн талапкер Жумушчу топко төмөнкүлөрдү берет:

1) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмесин (№ 3 форма);

2) жарандын талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арызын (№ 4 форма);

3) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан толтурулган Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдуктун типтүү формасын (№ 2 форма);

4) талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүнүн улуттук паспортунун типтеринин биринин көчүрмөсүн.

48. Талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына бул тууралуу жазуу жүзүндө кабарлап, ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарын кайсы убакта болбосун токтотуп коюуга укуктуу (№ 12 форма).

49. Каттоодон өткөн талапкер өзүнүн өкүлдөрүн, ишенимдүү адамдарын жана байкоочуларын каттоо үчүн зарыл болгон документтерди тиешелүү шайлоо комиссиясына конституциялык Мыйзамда жана ушул Жободо белгиленген тартипте берүүгө укуктуу.

50. Шайлоо комиссиясындагы талапкердин өкүлүн каттоо үчүн талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү төмөнкүлөрдү берет:

1) талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн тизмесин (№ 10 форма);

2) жарандын талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арызын (№ 11 форма);

3) талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүнүн улуттук паспортунун типтеринин биринин көчүрмөсүн.

Документтер тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жергиликтүү убакыт боюнча саат 18:00гө чейин кабыл алынат.

51. Каттоодон өткөндөн кийин талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүнө белгиленген үлгүдөгү ырастама берилет. Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү бир эле мезгилде талапкердин башка шайлоо комиссиясындагы өкүлү боло албайт.

52. Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүнүн ыйгарым укуктары аны дайындаган субъекттин чечими боюнча кайсы убакта болбосун токтотулушу жана башка адамга өткөрүлүп берилиши мүмкүн (№ 12-1 форма).

53. Ишенимдүү адамдар бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жергиликтүү убакыт боюнча саат 18.00гө чейин талапкерлер тарабынан дайындалат.

54. Ишенимдүү адамдарды каттоо үчүн талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкүлөрдү берет:

1) талапкердин ишенимдүү адамдарынын тизмесин (№ 10-1 форма);

2) жарандын талапкердин ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө арызын (№ 11-1 форма);

3) талапкердин ишенимдүү адамынын улуттук паспортунун типтеринин биринин көчүрмөсүн.

55. Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин ишенимдүү адамын каттоону жүзөгө ашырат жана ага белгиленген үлгүдөгү ырастама берет.

56. Талапкерлер Борбордук шайлоо комиссиясына бул тууралуу кабарлап, өздөрүнүн ишенимдүү адамдарын кайсы убакта болбосун чакыртып алууга укуктуу (№ 12-2 форма).

57. Талапкер ар бир участкалык шайлоо комиссиясына экиден ашпаган байкоочу жиберүүгө укуктуу.

58. Байкоочу аны дайындаган талапкерден тиешелүү шайлоо комиссиясына жолдомо келип түшкөндөн кийин байкоочунун укуктарына жана милдеттерине ээ болот (№ 13 форма).

Жолдомо талапкердин колу болгон жана паспорт же аны алмаштыруучу документ көрсөтүлгөн учурда жарактуу болуп эсептелет. Байкоочу жиберилип жаткандыгы тууралуу алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

Байкоочу шайлоо комиссиясында катталгандан кийин ага белгиленген үлгүдөгү ырастама берилет.

5. Электрондук машина окуй турган түрдө берилген документтерди текшерүү тартиби

59. Талапкерлер тарабынан “Электрондук талапкер” маалымат тутумунда (электрондук машина окуй турган түрдө) берилген документтердин кагаз түрүндө берилген документтерге шайкештиги жана окшоштугу текшерилүүгө тийиш.

60. Документтердин электрондук машина окуй турган жана кагаз түрлөрүндөгү дал келбестиктер табылган учурда алар талапкер, талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан колдорун күбөлөндүрүп, документтин түп нускасына тиешелүү түзөтүүлөрдү киргизүү жолу менен четтетилүүгө тийиш.

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерлер тарабынан берилүүчү документтердин тизмеги жана формалары

№	Документтин аталышы	Форма
Талапкерди көрсөтүү үчүн зарыл болгон документтер		
1.	Жарандын Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугу жөнүндө арызы (саясий партия көрсөткөн талапкер тарабынан берилет)	№ 1 форма
2.	Өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болуу ниетин билдирген жарандын арызы	№ 1-2 форма
3.	Эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндө шайлоо төгүмүн (талапкердин шайлоо фондунан) төккөндүгүн ырастоочу банктык документ (түп нускасы)	
4.	Саясий партиянын Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди көрсөтүү жөнүндө чечиминин протоколу (саясий партия көрсөткөн талапкер тарабынан берилет)	
5.	Саясий партиянын мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүгүнүн нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (саясий партия көрсөткөн талапкер тарабынан берилет)	
6.	Саясий партиянын уставынын нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (саясий партия көрсөткөн талапкер тарабынан берилет)	
7.	Улуттук паспорттун типтеринин биринин көчүрмөсү	
8.	Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук	№ 2 форма
Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдү каттоо/чакыртып алуу үчүн зарыл болгон документтер		
9.	Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси	№ 3 форма
10.	Жарандын талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арызы	№ 4 форма
11.	Улуттук паспорттун типтеринин биринин көчүрмөсү	
12.	Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук	№ 2 форма
13.	Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүн чакыртып алуу жөнүндө кабарлама	№ 12 форма
Талапкерди каттоо үчүн зарыл болгон документтер		
14.	Саясий партия көрсөткөн Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтар (саясий партия көрсөткөн талапкер тарабынан берилет)	№ 5 форма
15.	Өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен чыккан Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтар	№ 5-1 форма
16.	Башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация	№ 6 форма
17.	Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларация	№ 7 форма
18.	Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугу, реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган кылмыш иши бар же жок экендиги жөнүндө декларация	№ 8 форма
19.	Мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же мекеме тарабынан берилген мамлекеттик тилди билүү деңгээли “Ортодон жогору” деңгээлинен төмөн эмес экендиги тууралуу сертификат	
20.	Талапкердин иштеген жеринен маалымкат.	

	Кызмат ордундагы жана кызматтык ыйгарым укуктарын аткарууну токтотуу же болбосо токтото туруу жөнүндө тиешелүү буйруктардын (тескемелердин) күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү (талапкер көрсөтүлгөн учурдан тартып берилет)	
21.	Мамлекеттик жана расмий тилдердеги биографиялык маалыматтар камтылган талапкердин анкетасы	№ 9 форма
22.	Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу боюнча кол коюу баракчалары	
Шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдү, ишенимдүү адамдарды, байкоочуларды каттоо/чакыртып алуу үчүн зарыл болгон документтер		
23.	Талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн тизмеси	№ 10 форма
24.	Талапкердин ишенимдүү адамдарынын тизмеси	№ 10-1 форма
25.	Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арыз	№ 11 форма
26.	Талапкердин ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө арыз	№ 11-1 форма
27.	Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүн чакыртып алуу жөнүндө кабарлама	№ 12-1 форма
28.	Талапкердин ишенимдүү адамын чакыртып алуу жөнүндө кабарлама	№ 12-2 форма
29.	Талапкердин байкоочуларын каттоо үчүн жолдомо	№ 13 форма
30.	Талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн, ишенимдүү адамдарынын улуттук паспортунун типтеринин биринин көчүрмөлөрү	
Кошумча документтер		
31.	Кагаз алып жүрүүчүдө жана электрондук түрдө берилген, ар бир тилде (боштуктарды кошкондо) 3 500 символдон ашпаган көлөмдөгү мамлекеттик жана расмий тилдердеги талапкердин шайлоо алдындагы программасы	

№ 1 форма

Жарандын Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугу жөнүндө арызы

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы)

_____
(жашаган жеринин дареги)

_____
(негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери)

_____
(ээлеген кызмат орду)

_____
(негизги иштеген жери жок болгон учурда кесиптин түрүн көрсөтүү керек)

_____
(телефон номери)

_____
(электрондук почта дареги)

АРЫЗ

Мен,_____,
(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна _____ саясий партиясынан
(саясий партиянын аталышы)

талапкер болуп көрсөтүлүүгө макулдугумду билдирем.

Шайланган учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин статусуна айкалышпаган ишмердигимди токтотууга милдеттенем.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

20___-ж. “__”_____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет. Электрондук почта дареги көрсөтүлбөсө, арыздын формасы кабыл алынбайт.*

№ 1-2 форма

Өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болуу ниетин билдирген жарандын арызы

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы)

_____
(жашаган жеринин дареги)

_____
(негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери)

_____
(ээлеген кызмат орду)

_____
(негизги иштеген жери жок болгон учурда кесибинин түрүн көрсөтүү керек)

_____
(телефон номери)

_____
(электрондук почта дареги)

АРЫЗ

Мен,_____,
(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болууга ниеттенем жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоого милдеттенем.

Шайланган учурда Кыргыз Республикасынын Президентинин статусуна айкалышпаган ишмердигимди токтотууга милдеттенем.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет. Электрондук почта дареги көрсөтүлбөсө, арыздын формасы кабыл алынбайт.*

№ 2 форма

Ушул форма мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү көрсөтүүнүн максаттарын кошо алганда, (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттиктин 2025-жылдын 15-апрелиндеги № 27 буйругу менен бекитилген) Жеке маалыматтар субъектинин жеке маалыматтарын, анын ичинде электрондук документ түрүндө, чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун алуу тартибине ылайык иштелип чыкты.

Жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдук берүү жөнүндө типтүү форма

Мен, _____,
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы, идентификациялык номери/жеке жакты тастыктоочу документтин номери)

Байланыш маалыматтары: _____
(телефон номери, электрондук почтасы)

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесинин 5-бөлүгүнүн 6-пунктуна жана Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин 79-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына **эркин жана аң-сезимдүү түрдө макулдук берем:**

Макулмун (жазуу түрүндө жазуу)	**Максаты**	**Жеке маалыматтар**	**Мөөнөтү**
	Жеке маалыматтарды калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүү	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	Документтер Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына тапшырылган учурдан тартып талапкер статусун жоготконго чейин
	Башка мамлекеттин жарандыгы бар экендигин текшерүү үчүн жеке маалыматтарды тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүү	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	
	Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жарандардын өлкөгө киргендигин жана өлкөдөн чыккандыгын текшерүү үчүн жеке маалыматтарды мамлекеттик чек араны кайтарууну жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүү	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	
	Диний ишмердүүлүктүн мөөнөттөрү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	

	шайкештигин текшерүү үчүн жеке маалыматтарды диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга берүү		
	Соттуулугу, уюшкан кылмыштуу топко, кылмыштуу коомдоштукка (кылмыштуу уюмга), куралдуу топко (бандага) катышы бар/жок экендигин текшерүү үчүн жеке маалыматтарды укук коргоо органдарына берүү	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	
	Берилген документтердин аныктыгын текшерүү үчүн жеке маалыматтарды мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо боюнча ыйгарым укуктуу органга берүү	- Паспорттогу маалыматтар; - башка берилген документтер (зарыл болгондо).	

жеке маалыматтарга карата төмөнкүдөй аракеттерди жасоого:

- иштеп чыгуу (ар кандай аракет (операция) же (санариптик маалыматтар (санариптик жазуулар) менен жасалуучу аракеттердин (операциялардын) жыйындысы, анын ичинде чогултуу, каттоо, уюштуруу, түзүмдөштүрүү, топтоо, сактоо, ылайыкташтыруу же өзгөртүү, жүктөө, көрүү, пайдалануу, берүү аркылуу ачып көрсөтүү, жайылтуу, алмашуу же жеткиликтүүлүктү берүүнүн башка түрү, салыштыруу же айкалыштыруу, кыскартуу, өчүрүү же жок кылуу);
- жеке маалыматтарды берүү (Кыргыз Республикасынын Санарип кодексине жана эл аралык келишимдерге ылайык жеке маалыматтардын кармоочу (ээси) тарабынан үчүнчү жактарга берилиши);
- жеке маалыматтарды мамлекеттер аралык алмашуу (жеке маалыматтардын кармоочу (ээси) тарабынан башка мамлекеттердин юрисдикциясында турган маалыматтарды кармоочуларга берилиши).

Жеке маалыматтарды иштеп чыгуучулар жөнүндө маалымат:

- калкты каттоо жана документтештирүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- мамлекеттик укук коргоо органдары;
- мамлекеттик чек араны кайтарууну жүзөгө ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган;
- диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясатты калыптандыруу жана ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган.
- тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар;
- мамлекеттик тилди билүү деңгээлин баалоо боюнча ыйгарым укуктуу орган;

Мен:

1) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук ушул макулдукка кол коюлган күндөн тартып мага мамлекеттик (муниципалдык) кызмат көрсөтүүнүн жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык көрсөтүлгөн кызмат жөнүндө маалыматтарды сактоонун бүткүл мөөнөтүнүн ичинде колдонула тургандыгы;
2) жеке маалыматтардын субъекти катары менин укуктарымдын тизмеги менин маалыматтарыма жетүүгө, аларды оңдоого, алып салууга жана аларды иштетүүнү токтотууга

укукту камтый тургандыгы.
3) жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдук эркин формадагы жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде чакыртып алынышы мүмкүн экендиги менен тааныштым.

_____ _____

(аты-жөнү) *(колу)*

20___ ж. “_____”_____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 3 форма

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн тизмеси

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесине ылайык каттоо үчүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн тизмесин сунуштайм.

№	Ыйгарым укуктары	Аты-жөнү	ЖИН	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу документтин сериясы жана номери, берилген датасы	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	Телефон номери
1	Шайлоо маселелери боюнча							
2	Финансылык маселелер боюнча							

Көрсөтүлгөн жарандардын талапкердин (шайлоо маселелери боюнча/финансылык маселелер боюнча) ыйгарым укуктуу өкүлдөрү болууга макулдугу жөнүндө арыздары, толтурулган жеке маалыматтарды чогултууга жана иштеп чыгууга макулдуктун формалары жана алардын паспортторунун көчүрмөлөрү ушул сунуштамага тиркелет.

Талапкер _____ көрсөтүлгөн ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн «Кыргыз Республикасынын
(талапкердин аты-жөнү)
Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык келерин ырастайт жана берилген маалыматтар үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

Кыргыз Республикасынын Президентинин
кызмат ордуна талапкер _____ _____ 20___-ж. “____”_____
(колу) *(аты-жөнү)*

Эскертүү: *Ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн маалыматтары кагаз түрүндө жана электрондук машина окуй турган түрдө берилет.*

№ 4 форма

Жарандын талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арызы

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы)

_____
(жашаган жеринин дареги)

_____
(негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери)

_____
(ээлеген кызмат орду)

_____
(негизги иштеген жери жок болгон учурда кесибинин түрүн көрсөтүү керек)

_____
(телефон номери)

_____
(электрондук почта дареги)

АРЫЗ

Мен,_____,
(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесине ылайык талапкер _____
(талапкердин аты-жөнү)

(шайлоо маселелери боюнча/финансылык маселелер боюнча) ыйгарым укуктуу өкүлү
(тиешелүүлүгүнө жараша астын сызыңыз)

болууга макулдугумду берем жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоого милдеттенем.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

М.О.

20___ж. “___” _____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 5 форма

Саясий партия көрсөткөн
Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтар

Мен, _____,

(талапкердин аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болууга макулдугумду берем жана **өзүм жөнүндө төмөнкү маалыматтарды билдирем:**

Туулган жылы, айы, күнү:_____

Туулган жери:_____

Жынысы: _____

Улуту: _____

Жарандыгы: _____

(Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган же жоготкон учурда мезгилди көрсөтүңүз)

Кыргыз Республикасынын аймагында 15 жылдан кем эмес жашаган (Ооба/Жок) _____

*Эгерде **Ооба** болсо, жашаган мезгилиңизди көрсөтүңүз:* _____

Паспорту: сериясы, номери, ким тарабынан берилген, берилген датасы:_____

ЖИН:_____

Кыргыз Республикасынын аймагындагы соттуулугу (анын ичинде алынып салынган же жоюлган) (Ооба/Жок) _____

*Эгерде **Ооба** болсо, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин беренесин, соттун өкүмүнүн датасын жана номерин, статусун (алынып салынган/жоюлган) көрсөтүңүз, зарыл болгондо документтердин көчүрмөлөрүн тиркеңиз:*_____

_____

Реабилитацияланган/реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши/издөө жана башка маалымат (Ооба/Жок) _____

_____

Чет мамлекеттин аймагындагы соттуулугу (анын ичинде алынып салынган же жоюлган) (Ооба/Жок) _____

*Эгерде **Ооба** болсо, беренени, соттун өкүмүнүн датасын жана номерин, статусун (алынып салынган/жоюлган) көрсөтүңүз, зарыл болгондо документтердин көчүрмөлөрүн тиркеңиз:*

_____

Реабилитацияланган/реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши/издөө жана башка маалыматтар (Ооба/Жок) _____

_____

Башка саясий партияга мүчөлүк:

_____

(саясий партиянын аталышы)

Башка мамлекеттин жарандыгынын болушу (Бар/Жок)_____

Эгерде мурда башка мамлекеттин жарандыгы болгон болсо, мамлекетти, жарандыкка кирген жана чыккан датасын көрсөтүңүз:

_____

Акыркы 5 жылда диний ишмердүүлүккө катышуусу (Ооба/Жок) _____

*Эгерде **Ооба** болсо, диний уюмдун аталышын, диний ишмердүүлүктү токтоткон күнүн көрсөтүңүз жана тастыктоочу документтерди тиркеңиз:*

_____

Туруктуу жашаган жеринин дареги: _____

Байланыш телефону: _____

Толтурган датасы:_____

Маалыматтардын аныктыгын тастыктайм: _____ _____

(талапкердин аты-жөнү) *(колу)*

20____-ж. “____” _____

Эскертүү: *Талапкер жөнүндө маалыматтар кагаз жана электрондук машина менен окула турган түрдө берилет.*

№ 5-1 форма

Өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер жөнүндө маалыматтар

Мен, _____,
(талапкердин аты-жөнү)
“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болуу ниеттенем жана **өзүм жөнүндө төмөнкү маалыматтарды билдирем:**

Туулган күнү, айы, жылы: _____

Туулган жери: _____

Жынысы: _____

Улуту: _____

Жарандыгы: _____
(Эгерде Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган же жоготкон болсоңуз, тиешелүү мезгилди көрсөтүңүз.)

Паспорту: сериясы, номери, ким тарабынан жана качан берилген: _____

Жеке идентификациялык номери (ПИН): _____

Кыргыз Республикасынын аймагындагы соттуулугу (анын ичинде соттуулугу алып салынган же жоюлган) (Ооба/Жок): _____

Эгерде **Ооба** болсо, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин беренесин, соттун өкүмүнүн датасын жана номерин, статусун (алып салынган/жоюлган) көрсөтүп, зарыл болгондо тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн тиркеңиз:

_____

Реабилитацияланган/реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши/издөө же башка маалымат (Ооба/Жок): _____

_____

Чет мамлекеттин аймагындагы соттуулугу (анын ичинде соттуулугу алып салынган же жоюлган) (Ооба/Жок): _____

Эгерде **Ооба** болсо, тиешелүү мыйзамдын беренесин, соттун өкүмүнүн датасын жана номерин, статусун (алып саныган/жоюлган) көрсөтүп, зарыл болгондо тиешелүү документтердин көчүрмөлөрүн тиркеңиз:

_____

Реабилитацияланган/реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши/издөө же башка маалымат (Ооба/Жок): _____

_____

Башка мамлекеттин жарандыгынын болушу (Бар/Жок):

_____

Эгерде мурда башка мамлекеттин жарандыгы болгон болсо, мамлекеттин аталышын, жарандыкка кабыл алынган жана андан чыккан датаны көрсөтүңүз:

_____

Акыркы 5 жыл ичинде диний ишмердүүлүккө катышкандыгы (Ооба/Жок):

_____

Эгерде **Ооба** болсо, диний уюмдун аталышын, диний ишмердик токтотулган датаны көрсөтүп, тастыктоочу документтерди тиркеңиз:

_____

Туруктуу жашаган жеринин дареги:

_____

Байланыш телефону: _____

Толтурган датасы: _____

Маалыматтардын аныктыгын тастыктайм:

_____ _____

(талапкердин аты-жөнү) *(колу)*

20 _____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Талапкер жөнүндө маалыматтар кагаз жана электрондук машина менен окуй турган түрдө берилет.*

№ 6 форма

Башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу тууралуу декларация

Мен, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер _____,
(талапкердин аты-жөнү)
“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 49, 50-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргыз Республикасынын жараны экенимди жана башка мамлекеттин жарандыгына ээ эместигимди тастыктайм.

Башка жарандыгым бар экендиги же башка жарандыкты алгандыгым айкындалган учурда талапкердин каттоосун жокко чыгарууга чейинки мүмкүн болгон укуктук кесепеттерди аңдап билем.

Анык эмес маалымат бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө кабарландым.

_____ _____
(талапкердин аты-жөнү.) *(колу)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Башка мамлекеттин жарандыгы жок экендиги жөнүндө декларация кагаз түрүндө берилет.*

№ 7 форма

Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларация

Мен, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер _____,
(талапкердин аты-жөнү)
“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3-беренесине ылайык төмөнкүлөрдү билдирем:

Мен диний ишмер эмесмин.

Мен талапкер катары каттоого документтерди тапшырган күнгө чейинки акыркы беш жылдын ичинде диний ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган эмесмин.

Мага Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык диний ишмердүүлүктү жүзөгө ашырган адамдар көрсөтүлгөн ишмердүүлүктү токтотқондон кийинки беш жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна шайлануунга укуксуз экендиги белгилүү.

Берилген маалыматтардын анык эместиги аныкталган учурда мен талапкердин каттоосун жокко чыгарууга чейинки мүмкүн болгон укуктук кесепеттерди аңдап билем.

Анык эмес маалымат бергендик үчүн жоопкерчилик тууралуу кабарландым.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

20_____-ж. “___” _____

Эскертүү: *Диний ишмерлер үчүн чектөөлөрдү сактоо жөнүндө декларация кагаз түрүндө берилет*.

№ 8 форма

Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугу, реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши бар же жок экендиги жөнүндө декларация

Мен, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер _____,

(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 3-беренесинин 4-бөлүгүнө, 49-беренесинин 5-бөлүгүнө ылайык:

- Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугум, анын ичинде алып салынган же жоюлган соттуулугум жок экендигин;
- ушул декларацияда баяндалган маалыматтар толук жана анык экендигин тастыктайм.

Жалган маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө эскертилгенимди тастыктайм жана ушул декларацияда камтылган маалыматтардын анык эместигинин аныкталышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кесепеттерге, анын ичинде талапкерди каттоодон баш тартуу же болбосо талапкердин каттоосун жокко чыгарууга алып келиши мүмкүн экендигин аңдап билем.

Туура эмес маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндө маалымдалдым.

_____ _____

(аты-жөнү) *(колу)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Кыргыз Республикасынын аймагында, ошондой эле чет мамлекетте соттуулугу, реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган кылмыш иши бар же жок экендиги жөнүндө декларация кагаз түрүндө берилет.*

№ 9 форма

Биографиялык маалыматтар камтылган талапкердин анкетасы

Фото
(кызыл фондо)

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер

_____
(талапкердин аты-жөнү)

(3/4 өлчөмүндө)

Туулган күнү, айы, жылы: _____
Туулган жери**:** _____
Улуту: _____
Телефон номери: _____
Электрондук почта дареги: _____

Талапкердин мурдагы шайлоолорго катышкандыгы
(шайлоонун датасы жана аталышы көрсөтүлөт):

_____

Талапкердин борбордук штабынын дареги жана байланыш маалыматтары:

_____

Билими: _____

Окууга кирген жылы	**Окууну бүткөн жылы**	**Окуу жайдын аталышы**	**Факультети**	**Окутуу формасы**	**Адистиги**

Эмгек ишмердиги:

Айы жана жылы		**Мекеменин, уюмдун, ишкананын аталышы**	**Ээлеген кызмат орду**
кирген	**кеткен**		

Эскертүү: *Форма мамлекеттик жана расмий тилдерде кагаз жана электрондук машина окуй турган түрдө берилет.*

№ 10 форма

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)
шайлоо комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

Талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн тизмеси

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17-беренесине ылайык шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн тизмесин сунуштайм:

№	Аты-жөнү	ЖИН	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу документтин сериясы, номери, берилген датасы	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	Телефон номери

Көрсөтүлгөн жарандардын талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү болууга макулдугу жөнүндө арыздары жана паспортторунун көчүрмөлөрү тиркелет.

Талапкер _____ көрсөтүлгөн шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн
(талапкердин аты-жөнү)

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык келерин тастыктайт жана берилген маалыматтар үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

_____ _____
(колу) *(аты-жөнү)*

20 _____-ж. "_____" _____

Эскертүү: *Талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрүнүн тизмеси кагаз жана электрондук машина окуй турган түрдө берилет.*

№ 10-1 форма

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)
шайлоо комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

Талапкердин ишенимдүү адамдарынын тизмеси

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесине ылайык ишенимдүү өкүлдөрдүн тизмесин сунуштайм:

№	Аты-жөнү	ЖИН	Туулган датасы	Паспорттун же аны алмаштыруучу башка документтин номери, сериясы, берилген датасы	Жашаган жеринин дареги	Иштеген жери жана ээлеген кызмат орду	Телефон номери

Көрсөтүлгөн жарандардын талапкердин ишенимдүү адамдары болууга макулдугу жөнүндө арыздары жана паспортторунун көчүрмөлөрү тиркелет.

Талапкер _____ көрсөтүлгөн шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрдүн
(талапкердин аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын талаптарына ылайык келерин тастыктайт жана берилген маалыматтар үчүн мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

_____ _____ 20 ____-ж. “_____” _____

(колу) *(аты-жөнү)*

Эскертүү: *Ишенимдүү адамдардын тизмеси кагаз жана электрондук машина окуй турган түрдө берилет.*

№ 11 форма

Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү болууга макулдугу жөнүндө арыз

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)
шайлоо комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы)

_____
(жашаган жеринин дареги)

_____
(негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери)

_____
(ээлеген кызмат орду)

_____
(негизги иштеген жери жок болгон учурда кесибинин түрүн көрсөтүү керек)

_____
(телефон номери)

_____
(электрондук почта дареги)

АРЫЗ

Мен, _____,
(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 17 жана 18-беренелерине ылайык _____
_____ талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлү
(талапкердин аты-жөнү)
болууга макулдугумду берем жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоого милдеттенем.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 11-1 форма

Талапкердин ишенимдүү адамы болууга макулдугу жөнүндө арыз

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)

шайлоо комиссиясына

_____
(аты-жөнү)

_____
(туулган датасы)

_____
(жашаган жеринин дареги)

_____
(негизги иштеген же кызмат өтөгөн жери)

_____
(ээлеген кызмат орду)

_____
(негизги иштеген жери жок болгон учурда кесибинин түрүн көрсөтүү керек)

_____
(телефон номери)

_____
(электрондук почта дареги)

АРЫЗ

Мен, _____,
(аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесине ылайык _____
(талапкердин аты-жөнү)
талапкердин ишенимдүү өкүлү болууга макулдугумду берем жана “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын ченемдерин жана талаптарын сактоого милдеттенем.

_____ _____
(аты-жөнү) *(колу)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Арыздын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 12 форма

Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүн чакыртып алуу жөнүндө кабарлама

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

КАБАРЛАМА

Мен, _____,
(талапкердин аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 19-беренесине ылайык (шайлоо маселелери боюнча/финансылык маселелер боюнча) өзүмдүн
(керектүүсүн баса белгилөө керек)

ыйгарым укуктуу өкүлүм _____ **чакыртып алам**,
(аты-жөнү)

ошондой эле ага берилген 20___-ж. “___” _____ №_____ күбөлүктү жокко чыгарууну өтүнөм.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна талапкер _____ _____
(*колу)* *(аты-жөнү)*

20_____-ж. *“*_____” _____

Эскертүү: *Кабарламанын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 12-1 форма

Талапкердин шайлоо комиссиясындагы өкүлүн чакыртып алуу жөнүндө кабарлама

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

КАБАРЛАМА

Мен, _____,
(талапкердин аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 18-беренесине ылайык шайлоо комиссиясындагы өзүмдүн өкүлүм _____ _____**чакыртып алам**, ошондой эле
(аты-жөнү)
ага берилген 20___-ж. “___” _____ № _____ күбөлүктү жокко чыгарууну өтүнөм.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна талапкер _____ _____
(*колу)* *(аты-жөнү)*

20_____-ж. “_____” _____

Эскертүү: *Кабарламанын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 12-2 форма

Талапкердин ишенимдүү адамын чакыртып алуу жөнүндө кабарлама

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)

шайлоо комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

КАБАРЛАМА

Мен, _____,
(талапкердин аты-жөнү)

“Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 20-беренесине ылайык өзүмдүн ишенимдүү өкүлүм _____
(аты-жөнү)

чакыртып алам, ошондой эле ага берилген 20___-ж. “___” _____ № _____ күбөлүктү жокко чыгарууну өтүнөм.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна талапкер _____ _____
(*колу)* *(аты-жөнү)*

20_____-ж. *“*_____” _____

Эскертүү: *Кабарламанын формасы кагаз түрүндө берилет.*

№ 13 форма

Талапкердин байкоочуларын каттоо үчүн жолдомо

_____
(шайлоо комиссиясынын аталышы)
шайлоо комиссиясына

_____
(талапкердин аты-жөнү)

ЖОЛДОМО

"Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 9-беренесине ылайык _____
(байкоочунун аты-жөнү)
_____
(байкоочунун туулган датасы, туруктуу жашаган жери, телефон номери)
№ _____ шайлоо участогунун участкалык шайлоо комиссиясына байкоочу болуп жиберилет.

Дайындалуучу адамда "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 9-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген чектөөлөр жок.

Кыргыз Республикасынын
Президентинин кызмат ордуна талапкер _____ _____
(*колу)* *(аты-жөнү)*

20 _____-ж. "_____" _____

Эскертүү: *Участкалык шайлоо комиссиясына келгенде байкоочу **МИЛДЕТТҮҮ** түрдө паспортун же аны алмаштыруучу документти көрсөтүүгө тийиш.*

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2026-жылдын 23-сентябрындагы
№ 98 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартиби жөнүндө
ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Ушул Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартиби жөнүндө жобо (мындан ары – Жобо) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.
2. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкерди (мындан ары – Президенттин кызмат ордуна талапкер) колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу тартибин, ошондой эле кол коюу барагынын формасын жана аны толтуруу жол-жобосун аныктайт.
3. Талапкерлер жана (же) алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан берилген кол коюу барактарын кабыл алуу жана текшерүү боюнча ишти Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топ (мындан ары – Жумушчу топ) жүзөгө ашырат.

2. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон колдорду чогултуу тартиби

4. Президенттин кызмат ордуна талапкер 30 000ден кем эмес шайлоочунун колу менен колдоого алынууга тийиш.
Мында берилген колдордун саны 60 000 шайлоочунун колунан ашпоого тийиш.
5. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу “Кол чогултуу” автоматташтырылган маалыматтык тутуму (мындан ары – Тутум) аркылуу электрондук форматта жүзөгө ашырылат.
Тутумду иштетүүгө катышкан негизги маалыматтык тутумдар болуп төмөнкүлөр саналат:
- “Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы;
- Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестри (КБМР);
- “Э-Талапкер” маалыматтык тутуму;
- жарандардын туулган датасы жөнүндө маалыматтарды алуу сервиси (ЖААК).
6. Тутум Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорунун “Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу шайлоочуну авторизациялоо жолу менен жана анын тандаган талапкерин колдой турганын билдирүүсү аркылуу электрондук түрдө чогултулушун камсыз кылат, ошондой эле талапкерлерге жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) ыйгарым укуктуу кызмат адамдарына чогултулган колдор жөнүндө маалыматтарды көрүү жана кол коюу барактарын түзүү мүмкүнчүлүгүн берет.

“Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында катталуу жана аны андан ары пайдалануу жаран өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга

макулдук берген учурда жүзөгө ашырылат. “Түндүк” порталы аркылуу берилүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жаран өзүнүн жеке маалыматтарын чогултууга жана иштеп чыгууга макулдугун берген шартта жүзөгө ашырылат.

7. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан жүзөгө ашырылат жана Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдой турганын билдирүү болуп саналат.

8. Шайлоочулардын колдорун чогултуу укугу Кыргыз Республикасынын жашы жеткен, аракетке жөндөмдүү жаранына таандык.

9. Колдорду чогултуу менен байланышкан бардык чыгымдар талапкердин шайлоо фонду аркылуу гана жүргүзүлөт.

10. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу иштеген, кызмат өтөгөн, окуган жана жашаган жерлеринде, шайлоо алдындагы иш-чараларда, ошондой эле шайлоо мыйзамдарында үгүт жүргүзүүгө жана колдорду чогултууга тыюу салынбаган башка жерлерде жүргүзүлүшү мүмкүн.

11. Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчигинин түрүнө карабастан уюмдардын, мекемелердин башкаруу органдарынын, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн колдорду чогултууга катышуусуна, ошондой эле колдорду чогултуу процессинде шайлоочуларды мажбурлоого жана кол койгондугу үчүн аларды сыйлоого жол берилбейт.

12. Эмгек жамааттарында Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу ички эмгек тартибинин эрежелерин бузбоого тийиш.

13. Коомдук жерлерде, көчөлөрдө, жашаган жери боюнча Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултуу коомдук тартипти, жарандардын эс алууга укугун жана турак жайынын кол тийбестигин бузбоого тийиш.

14. Кол коюу барагына кол коюуга Кыргыз Республикасынын активдүү шайлоо укугуна ээ болгон жана мыйзамдарга ылайык биометрикалык каттоодон өткөн жарандары укуктуу.

15. Шайлоочулар бир нече талапкерди колдоп, бирок бир эле талапкерди колдоп бир гана жолу кол коюуга укуктуу.

16. Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдогон шайлоочулардын колдорун чогултууда шайлоочунун талапкерди колдоосу акыркы болуп саналат жана кайра чакыртып алынбайт.

17. Эгерде шайлоочу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү болгондуктан же ден соолугунун абалы боюнча Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдоп өз алдынча кол коё албаса, анда ал башка шайлоочунун жардамын пайдаланууга укуктуу.

3. Шайлоочунун кол коюу барагын толтуруусунун тартиби

18. Кол коюу барагы Тутум тарабынан электрондук формада түзүлөт жана Президенттин кызмат ордуна талапкерди колдой турганын билдирген шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтарды (аты-жөнү жана датасы) камтыйт.

19. Ар бир катталган колго автоматтык түрдө иреттик номер ыйгарылат.

20. Иреттик номер ырааттуу түрдө түзүлөт жана бир талапкердин чегинде уникалдуу болуп саналат.

21. Колдорду номерлөө алардын келип түшүшүнө жараша үзгүлтүксүз жүзөгө ашырылат.

22. Шайлоочунун талапкерди колдой турганын билдирүүсү ушул Жобонун 14-пунктунун талаптары сакталган шартта “Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталы аркылуу гана жүзөгө ашырылат.

23. “Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында шайлоочуга:

1) колдорду чогултууга катышуу үчүн катталган талапкерлердин тизмеси менен таанышуу;

2) колдоосун билдирүү үчүн талапкерди/талапкерлерди тандоо;

3) Тутумда каралган талапкерди/талапкерлерди колдой турганын билдирүү боюнча аракетти жасоо аркылуу өз тандоосун ырастоо мүмкүнчүлүгү берилет.

24. Шайлоочунун колун Тутумда каттоо шайлоочу “Түндүк” электрондук кызмат көрсөтүүлөр мамлекеттик порталында авторизациялоодон ийгиликтүү өткөндөн жана тиешелүү талапкерди/талапкерлерди колдой турганын билдиргенден кийин жүзөгө ашырылат.

Колду каттоодо Тутум шайлоочу жөнүндөгү маалыматтарды, колдоосун билдирген датасын жана убактысын автоматтык түрдө каттайт, ошондой эле колго иреттик номер ыйгарат.

4. Талапкердин Тутумга кирүү укугун алуусунун жана кол коюу баракчаларын түзүүнүн тартиби

25. Жаран Президенттин кызмат ордуна талапкер болуп көрсөтүлгөн учурдан тартып 2 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы көрсөтүлгөн талапкер жөнүндө маалыматтарды “Э-Талапкер” маалыматтык тутумуна киргизет.

26. “Э-Талапкер” маалыматтык тутумунан алынган талапкердин маалыматтары Тутумга өткөрүлүп берилет.

27. Тутум талапкерлердин авторизациялануусун камсыз кылат. Авторизациялоо:

– талапкердин жеке идентификациялык номерин (ЖИН);

– бир жолку сыр сөздү пайдалануу менен жүзөгө ашырылат.

28. Эгерде талапкер сыр сөздү унутуп калса, бул учурда аны калыбына келтирүү үчүн талапкердин Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниети жөнүндө арызында көрсөтүлгөн электрондук почта дарегине Тутумга кирүү үчүн жаңы сыр сөз жөнөтүлөт.

29. Тутумга биринчи жолу киргенде талапкер сыр сөздү милдеттүү түрдө алмаштырууну аткарууга тийиш.

30. Тутумда талапкерге анын талапкерлигине колдоосун билдирген шайлоочулар жөнүндөгү маалыматтарды көрүү мүмкүнчүлүгү камсыздалат.

Талапкерге:

– иреттик номерин;

– аты-жөнүн;

– чөлкөмүн;

– колдоосун билдирген датасын камтыган шайлоочулардын катталган колдорунун жалпы саны жана тизмеси көрсөтүлөт.

31. Талапкер Тутумда колдордун белгиленген минималдуу санына жеткенден кийин колдорду чогултууну аяктоого жана басып чыгаруу үчүн кол коюу баракчаларын түзүүгө укуктуу. Бул учурда колдорду чогултуу токтотулат жана кайра жандандырылбайт.

32. 30 000 колдон турган минималдуу чекке жеткенге чейин кол коюу баракчаларын түзүүгө жол берилбейт.

33. 60 000 колдон турган максималдуу чекке жеткенде талапкерди колдогон колдорду чогултуу токтотулат.

34. Талапкер шайлоого катышуудан баш тарткан учурда чогултулган колдор жокко чыгарылат жана талапкер кайра көрсөтүлгөндө кол чогултуу кайрадан башталат.

35. Талапкерди каттоодон баш тартылган учурда колдорду чогултуу токтотулат, ал эми чогултулган колдор колдорду чогултуунун белгиленген мөөнөтү аяктаганга чейин сакталат.

36. Кол коюу баракчаларын баракчанын арткы бетине басып чыгарууга жол берилбейт.

37. Талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү ар бир басып чыгарылган кол коюу барагына өз колу менен кол коёт.

38. Талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү кол коюу баракчаларын өзүнчө папкага брошюралайт.

39. Кол коюу баракчалары салынган папка талапкер же анын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан шайлоо күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясына тапшырылат.

40. Талапкердин жана (же) анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн, ошондой эле Жумушчу топтун мүчөлөрүнүн катышуусунда ар бир кол коюу барагы Борбордук шайлоо комиссиясынын

мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, берилген кол коюу баракчарынын санынын Тутумда катталган санга шайкештиги текшерилет, андан кийин кабыл алынган кол коюу баракчары салынган брошюраланган папкалардын саны жана шайлоочулардын катталган колдорунун саны, датасы жана убактысы (сааты жана мүнөтү) көрсөтүлгөн кол коюу баракчары кабыл алынгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү ырастама берилет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕРДИ КОЛДОГОН КОЛ КОЮУ БАРАГЫ

Биз, төмөндө кол койгондор, _____-жылдын «____» _____ туулган,

_____

(кайсы саясий партиядан экенин же өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен экенин көрсөтүү зарыл)

көрсөтүлгөн _____

(аты-жөнү)

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер болуп көрсөтүлүшүн колдойбуз.

№ к/н	Аты-жөнү	Колдоосун билдирген дата
1.		
2.		
3.		
4.		
5.		
6.		
7.		
8.		
9.		
10.		
11.		
12.		
13.		
14.		
15.		
16.		
17.		
18.		
19.		
20.		
21.		
22.		
23.		
24.		
25.		
…		

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү/талапкер	Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси/мүчөсү
(аты-жөнү, колу)	*(аты-жөнү, колу)*
_____ *(каттоо күбөлүгүнүн номери)*	М.О.
20__ -жылдын “___” _____	20__ -жылдын “___” _____

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР

_____

(аты-жөнү)

КОЛ КОЮУ БАРАГЫ

№ к/н	Аты-жөнү	Колдоосун билдирген дата
1.		
2.		
3.		
4.		
5.		
6.		
7.		
8.		
9.		
10.		
11.		
12.		
13.		
14.		
15.		
16.		
17.		
18.		
19.		
20.		
21.		
22.		
23.		
24.		
25.		
26.		
27.		
28.		
29.		
…		

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү/талапкер	Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси/мүчөсү
_____	_____
(аты-жөнү, колу)	*(аты-жөнү, колу)*
_____	
(каттоо күбөлүгүнүн номери)	М.О.
20__ -жылдын “___” _____	20__ -жылдын “___” _____

Кол коюу барагынын акыркы бети

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР

_____

(аты-жөнү)

КОЛ КОЮУ БАРАГЫ

№ к/н	Аты-жөнү	Колдоосун билдирген дата
1.		
2.		
3.		
4.		
5.		
6.		
7.		
8.		
9.		
10.		
11.		
12.		
13.		
14.		
15.		
16.		
17.		
18.		
19.		
20.		
21.		
22.		
23.		
24.		
25.		
26.		
27.		
…		

Кол коюу барактарын тапшырды: Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү/талапкер	**Кол коюу барактарын кабыл алды:** Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун жетекчиси/мүчөсү
_____ *(аты-жөнү, колу)* _____ *(каттоо күбөлүгүнүн номери)* 20__ -жылдын “___” _____	_____ *(аты-жөнү, колу)* М.О. 20__ -жылдын “___” _____

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2017-жылдын 7-июлундагы № 212 токтому менен бекитилген

“Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгышынын тартиби жөнүндө”
ЖОБО

(КР БШКнын 2020-жылдын 22-январындагы № 12 токтомунун, 2021-жылдын 5-сентябрындагы №676, 2025-жылдын 28-июлундагы №38, 2026-жылдын 28-августундагы № 92 токтомдорунун редакциясына ылайык)

1. Жалпы жоболор

1.1. Бул Жобо Кыргыз Республикасында шайлоону жана референдумдарды өткөрүүдө шайлоону жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү мезгилинде келип түшкөн шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) шайлоо комиссиялары карап чыгуусу боюнча шайлоо комиссияларынын максаттарын, милдеттерин, ыйгарым укуктарын жана ишинин жана даттануулардын реестрин жүргүзүүнүн тартибин аныктайт.

1.2. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – конституциялык Мыйзам), “Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – референдум жөнүндө конституциялык Мыйзам), “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” конституциялык Мыйзамынын (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы жөнүндө конституциялык Мыйзам), “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын (мындан ары – жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзам, “Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын ченемдерине негизденет.

1.3. *28-августундагы № 92 токтому менен күчүн жоготту*

1.4. Жободо колдонулуучу терминдер:

шайлоо комиссиялары – Борбордук шайлоо комиссиясы, округдук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы, участкалык шайлоо комиссиясы;

Борбордук шайлоо комиссиясы – Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы;

жумушчу топ – округдук/аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоочулардын жана шайлоо процессинин башка субъекттеринин арыздарын жана даттанууларын карап чыгуу боюнча жумушчу топ;

округдук шайлоо комиссиясы - Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде Борбордук шайлоо комиссиясы аныктаган тартипте, тиешелүү шайлоо округдарында иштеп жаткан тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн ичинен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн шайлоо комиссиялары;

кызмат адамы – бийликтин өкүлүнүн функцияларын туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укук боюнча жүзөгө ашыруучу же болбосо мамлекеттик органда же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында, мамлекеттик же муниципалдык мекемелерде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө жана башка аскердик түзүлүштөрүндө уюштуруу-тескөө, администрациялык-чарбалык, контролдук-текшерүү функцияларын аткаруучу адам, ошондой эле мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарын түздөн-түз аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Конституциясында, Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамдарында белгиленген мамлекеттик кызмат орундарын ээлеген адамдар;

арыз – өзүнүн шайлоо укуктарын же башка адамдардын шайлоо укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү жөнүндө шайлоо процессинин субъектинин өтүнүчүн камтыган жазуу жүзүндөгү, электрондук формадагы кайрылуу же болбосо мыйзамдарды жана башка ченемдик укуктук актыларды бузуу, ошондой эле шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана (же) алардын кызмат адамдарынын ишиндеги бузуулар (кемчиликтер) жөнүндө билдирүү;

даттануу – мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана (же) алардын кызмат адамдарынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги), ошондой эле шайлоо процессинин башка субъекттеринин (катышуучуларынын) аракеттери (аракетсиздиги) менен өзүнүн бузулган шайлоо укуктарын же мыйзамдуу кызыкчылыктарын же болбосо башка адамдардын бузулган шайлоо укуктарын же мыйзамдуу кызыкчылыктарын калыбына келтирүү жөнүндө шайлоо процессинин субъектинин өтүнүчүн камтыган кайрылуу;

жамааттык кайрылуу – эки жана андан ашык жарандын кайрылуусу, жарандардын атынан уюмдун кайрылуусу;

электрондук кайрылуу – Борбордук шайлоо комиссиясынын электрондук почтасынын расмий дарегине келип түшкөн (анын ичинде Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты аркылуу берилген), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген тартипте каралуучу арыз ээсинин (арызды (даттанууну) берген адамдын) кайрылуусу;

шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) – шайлоочулар, талапкерлер жана алардын өкүлдөрү, саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү, коммерциялык эмес уюмдар жана алардын коомдук байкоочулары, «макул» топ жана алардын өкүлдөрү, «каршы» топ жана алардын өкүлдөрү, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары;

талапкерлердин, саясий партиялардын, «макул» топтордун, «каршы» топтордун өкүлдөрү – шайлоо комиссияларындагы өкүлдөр, ыйгарым укуктуу өкүлдөр, ишенимдүү адамдар, талапкерлердин, саясий партиялардын байкоочулары;

ыкчам чара көрүүнүн координациялык топтору (ЫЧКТ) - шайлоо мыйзамдарынын бузулушуна жана жарандарды көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө маалымдоого ыкчам чара көрүү максатында шайлоолорду даярдоо жана өткөрүүдө түзүлөт, алардын курамына тиешелүүлүгүнө жараша Борбордук шайлоо комиссиясынын, округдук шайлоо комиссияларынын, аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратынын кызматкерлери, прокуратура органдарынын, ички иштер органдарынын, Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органдарынын тиешелүү деңгээлдеги органдарынын (укук коргоо органдарынын) өкүлдөрү кирет.

(28-августундагы № 92 токтомунун редакциясында)

1.5. *28-августундагы № 92 токтому менен күчүн жоготту*

1.6. Арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) берет.

Шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат. Арыздар (даттануулар) жүйөлөштүрүлгөн болууга жана алар негизделген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.

Далилсиз берилген же арызданууучунун байланыш маалыматтарын көрсөтпөстөн берилген арыздар (даттануулар) каралбайт. Бирок укук бузгандыгы үчүн жана кылмыш-жаза жоопкерчилигине алып келиши мүмкүн болгон мыйзам бузуулар жөнүндө сигналдарды камтыган арыздар (даттануулар) Борбордук шайлоо комиссиясынын ЫЧКТсына жөнөтүлөт.

1.7. Арыздарда (даттанууларда) төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- арыз (даттануу) жөнөтүлүп жаткан шайлоо комиссиясынын аталышы;

- арыз (даттануу) берген адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты (кийинкиси бар болсо);

- ал боюнча жооп жөнөтүлүүгө тийиш болгон арызды (даттанууну) берген адамдын почта дареги, байланышуу маалыматтары (анын ичинде телефон номери);

- болжолдонгон бузуунун маңызы, ага карата арыз (даттануу) берилип жаткан аракет (аракетсиздик);

- арыз (даттануу) берген адамдын талаптары;

- арыз (даттануу) берген адамдын жеке колу жана арызга (даттанууга) кол коюлган дата.

Шайлоо процессинин субъектинин (катышуучусунун) арызы (даттануусу) арыз (даттануу) берген адамдын жүйөлөрүн ырастаган далилдерди тиркөө менен негизделген болууга тийиш.

Шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) арыздын (даттануунун) формасынын үлгүлөрүн – ушул Жобонун № 1 тиркемесин жетекчиликке алууга тийиш.

1.8. Шайлоо комиссиясына келип түшкөн, анын ичинде электрондук почта аркылуу жана Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайты аркылуу келип түшкөн бардык арыздар (даттануулар) тиешелүү шайлоо комиссиялары тарабынан кириш кат-кабар журналында келип түшкөн күнү милдеттүү түрдө катталууга тийиш.

1.9. Шайлоо укуктарын бузуу жөнүндө арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) өздөрүнүн шайлоо укуктары бузулгандыгы жөнүндө өздөрүнө белгилүү болуп калган, чечимдер кабыл алынган, аракеттер (аракетсиздик) жасалган учурдан тартып, бирок болжолдуу бузуу учурунан 3 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына берет.

Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө, анын ичинде тиешелүү протоколдорду бекитүү жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыктары белгиленген жана шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

Арыз (даттануу) менен кайрылууга мөөнөттү эсептөө жана аны кароо ушул Жобого ылайык чечим кабыл алынган, аракеттер (аракетсиздик) жасалган, арыз (даттануу) келип түшкөн күндөн кийинки күнү башталат.

Шайлоо укуктарын бузуу жөнүндө, ошондой эле добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине (протоколуна) арыздар (даттануулар) ушул Жобонун 2-3-бөлүмдөрүнө ылайык берилет жана каралат.

Добуш берүү күнүнөн кийин 5 (беш) календардык күн өткөндөн кийин арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары тарабынан берилбейт же кабыл алынбайт.

Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөтү чечим кабыл алынгандан, аракет (аракетсиздик) жасалгандан кийинки күнү башталат.

Ыйгарым укугу жок адам тарабынан же болбосо ушул пункта көрсөтүлгөн арыз (даттануу) берүү мөөнөтүн бузуу менен берилген арызды (даттанууну) шайлоо комиссиялары карабайт жана арызды (даттанууну) берген адамга кароодон баш тартуунун себептерин көрсөтүп, Жумушчу топтун жетекчиси кол коюп, коштогон кат менен үч календардык күндөн кечиктирбестен кайра кайтарылат.

Конституциялык Мыйзамда белгиленген арыз (даттануу) берүү мөөнөттөрү кайрадан калыбына келтирилбейт.

1.10. Шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарын (даттанууларын) кароонун жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссияларынын чечимдери мыйзамдуу жана негиздүү болууга тийиш.

Чечим киришүү, сыпаттоо, жүйөлөштүрүү жана резолюциялык бөлүктөрдөн турат. Шайлоо комиссиялары чечимдин формасынын үлгүсүн – ушул Жобонун № 2 тиркемесин жетекчиликке ала алат.

Чечимдин киришүү бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт: чечим чыгарылган убакыт жана орду; чечим чыгарган шайлоо комиссиясынын аталышы; арыз (даттануу) берген адам; чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан орган; жүйө жана билдирилген талап.

Чечимдин сыпаттоо бөлүгү арыз (даттануу) берген адамдын талабын көрсөтүүнү, чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамдын, органдын каршы пикирин камтууга тийиш.

Чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) иш боюнча белгиленген фактылар, шайлоо комиссиясынын тыянактары негизделген далилдер жана алар боюнча тигил же бул далилдер кабыл алынган же четке кагылган далилдер;

2) шайлоо комиссиясы жетекчиликке алган мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар;

3) иштин белгиленген жагдайларын юридикалык баалоо;

4) арыздын (даттануунун) негиздүүлүгү жагынан шайлоо комиссиясынын тыянактары.

Шайлоо комиссиясынын чечиминин резолюциялык бөлүгү арызды (даттанууну) канааттандыруу жөнүндө же арызды (даттанууну) канааттандыруудан толугу менен же анын бир бөлүгү жагынан баш тартуу жөнүндө шайлоо комиссиясынын тыянагын, чечимдин маңызын, чечимге даттануу мөөнөтүн жана тартибин көрсөтүүнү камтууга тийиш.

1.11. Шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) арыздарын (даттанууларын) карап чыгуунун жыйынтыктары боюнча чечимдер Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринде таризделет.

Шайлоо процессинин субъекттеринин арыздарына (даттанууларына) жооптор арыз (даттануу) жөнөтүлгөн формада жөнөтүлөт.

2. Участкалык шайлоо комиссиялары арыздарды (даттанууларды) карап чыгуусу

2.1. Добуш берүү күнүнөн мурунку күнү (добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү), добуш берүү күнү добуш берүү учурундагы бузууларга, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөө учурундагы бузууларга арыздарды (даттанууларды) шайлоо процессинин субъекттери (катышуучулары) өздөрүнүн укуктары бузулгандыгы, чечим кабыл алынгандыгы жөнүндө өздөрүнө белгилүү болуп калган учурдан тартып участкалык шайлоо комиссиясына токтоосуз берет.

Участкалык шайлоо комиссиясы (мындан ары – УШК) добуш берүү күнүнөн мурунку күнү (добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү), добуш берүү күнү добуш берүү учурундагы бузууларга, ошондой эле шайлоочулардын добуштарын эсептөө учурундагы бузууларга арыздарды (даттанууларды) карайт.

Катталгандан кийин арыздар (даттануулар) УШКнын төрагасына берилет.

2.2. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын чечимдери ачык добуш берүү менен участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн белгиленген санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

2.3. “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 31-беренесинин 12-13-бөлүктөрүндө, «Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 34-беренесинин 12-13-бөлүктөрүндө, “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 31-беренесинин 17-18-бөлүктөрүндө каралган бардык арыздар (даттануулар) алар келип түшкөндөн кийин дароо каралууга тийиш. Башка арыздарды (даттанууларды) участкалык шайлоо комиссиясы жыйынтыктоочу отурумда добуштарды эсептөөнү жүргүзгөндөн кийин карайт.

Участкалык шайлоо комиссиясы ар бир арызды (даттанууну) кароого жана алардын ар бири боюнча чечим кабыл алууга милдеттүү.

Участкалык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим арыз (даттануу) менен кайралган адамга, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамга, органга тез арада берилет.

Участкалык шайлоо комиссиясы келип түшкөн бардык арыздардын (даттануулардын) реестрин кагаз түрүндө жүргүзүүгө, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланган арыздардын жана даттануулардын электрондук Реестрине жайгаштыруу үчүн аларды Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүүгө милдеттүү.

(28-августундагы № 92 токтомунун редакциясында)

2.3-1. «Участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы келип түшкөн арыздын (даттануунун) көчүрмөсүн дароо Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү округдук шайлоо комиссиясындагы, аймактык шайлоо комиссиясындагы системдик администраторуна жөнөтөт, өз кезегинде системдик администратор 24 сааттын ичинде арыздын (даттануунун) сканерленген көчүрмөсүн электрондук почта аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын жооптуу кызматкерине Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жайгашкан арыздардын жана даттануулардын Реестрине киргизүү үчүн жөнөтөт.».

2.3-2. Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим Борбордук шайлоо комиссиясына 2.3-1-пункта белгиленген тартипте жөнөтүлөт.

2.4. Добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылгандан кийин, бардык каралган арыздар (даттануулар) участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде чагылдырылууга тийиш, ал башка шайлоо документтери менен бирге жогору турган шайлоо комиссиясына берилет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын чечими, аракети (аракетсиздиги) субъектиге (катышуучуга) анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болуп калган учурдан тартып тез арада, бирок 3 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү округдук шайлоо комиссиясына, аймактык шайлоо комиссиясына даттанылышы мүмкүн.

3. Округдук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы арыздарды (даттанууларды) карап чыгуусу

3.1. Округдук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө арыздарды (даттанууларды) карайт:

- участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын мүчөлөрүнүн чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине);
- добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдерине (протоколуна);
- шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине).

3.2. Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүлөргө арыздарды (даттанууларды) карайт:

- округдук шайлоо комиссияларынын, аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын мүчөлөрүнүн чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине);
- добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө округдук шайлоо комиссияларынын, аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдерине (протоколуна);
- шайлоо процессинин субъекттеринин (катышуучуларынын) чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине).

3.3. Арыздарды (даттанууларды) кароо мөөнөттөрү:

Арыздарды (даттанууларды) округдук шайлоо комиссиясы, аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы төмөнкүдөй карайт:

- арыздар (даттануулар) келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө;

- эгерде шайлоону жана референдумду даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат;

- добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү келип түшкөн арыздар (даттануулар) токтоосуз каралууга тийиш.

3.4. Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы каттагандан кийин арыздар (даттануулар) тез арада Жумушчу топтун кароосуна берилет.

Жумушчу топ арыздарды (даттанууларды) алдын ала кароону жүзөгө ашырат жана округдук шайлоо комиссиясынын/аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын чечиминин долбоорун округдук шайлоо комиссиясынын/аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын отурумуна алып чыгат.

Жумушчу топтун чечими сунуштама мүнөзүндө болот, ар бир арызды (даттанууну) округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы маңызы боюнча карайт.

3.5. Жумушчу топтун ишинин тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы бекитүүчү жобо менен жөнгө салынат.

3.6. Арыздарды (даттанууларды) округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/ Борбордук шайлоо комиссиясы отурумда карайт.

Арызды (даттанууну) кароо күнү, убактысы жана орду жөнүндө төмөнкүлөр милдеттүү тартипте (электрондук почта боюнча, жазуу жүзүндө, телефон байланышы менен) кабарландырылат:

- арыз (даттануу) берген адам жана (же) анын өкүлдөрү;

- чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адам, орган;

- башка таламдаш тараптар жана (же) алардын өкүлдөрү;

- арызды (даттанууну) карап жаткан шайлоо комиссиясында катталган коомдук байкоочулар.

Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү бөлүмү (округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы) арызды (даттанууну) кароо боюнча отурумга чакырылган ар бир адамга кабарлоо жөнүндө акт түзөт.

3.7. Арызды (даттанууну) кароо учурунда округдук шайлоо комисиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы колдо болгон бардык далилдерди изилдөөгө жана аларга баа берүүгө, арызды (даттанууну) берген адамды жана (же) анын өкүлдөрүн, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамды, органды, ошондой эле зарылчылык болгон учурда башка таламдаш тараптарды же алардын өкүлдөрүн угууга тийиш.

Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы арызды (даттанууну) карап жаткан учурда арызды (даттанууну) берген адам жана (же) анын өкүлдөрү, ошондой эле чечими, аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамдар, органдар далилдерин ырастаган документтерди тиркөө менен өз позициясын билдирүүгө укуктуу.

3.8. Арызды (даттанууну) кароонун натыйжалары боюнча округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы өз ыйгарым укуктарынын алкагында төмөнкүдөй чечимдердин бирин кабыл ала алат:

- төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин күчүндө калтыруу;

- төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин толугу менен же болбосо анын бир бөлүгүн жокко чыгаруу жана арыздын (даттануунун) маңызы боюнча чечим кабыл алуу;

- аракеттерге (аракетсиздикке) даттануу жөнүндө арызды (даттанууну) канааттандыруудан баш тартуу;

- шайлоо процессинин субъектинин (катышуучусунун) аракеттерин (аракетсиздигин) мыйзамга ылайык эмес деп таануу жөнүндө жана аракети (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамды, органды айрым аракеттерди жасоого милдеттендирүү жөнүндө.

3.9. Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим боюнча өзгөчө пикири бар же болбосо кабыл алынган чечимге макул болбогон округдук шайлоо комиссиясынын/аймактык шайлоо комиссиясынын/Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсү өзгөчө пикирин жазуу жүзүндө билдирүүгө укуктуу, ал отурумдун протоколунда чагылдырылууга жана ага тиркелүүгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн өзгөчө пикири “Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 8-беренесинин 7-бөлүгүндө белгиленген тартипте каралат.

3.10. Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада арыз ээсине, ошондой эле чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) даттанылып жаткан адамга, органга жөнөтүлөт.

Шайлоо комиссияларынын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) даттанылган учурда чечимдин көчүрмөсү тез арада тиешелүү төмөн турган шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Арызды (даттануу) караоонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимге карата арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимине даттануу чечим чыгарылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет. Аракетсиздикке даттанылган учурда, арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын аракетсиздигине даттанганда аракет көрүү керек болгон күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет.

Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана токтомдору тигил же бул негиздер боюнча сот тарабынан кайра каралууга тийиш эмес.

3.11. Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада Борбордук шайлоо комиссиясына жөнөтүлөт.

Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы караган бардык арыздар (даттануулар) Шайлоочулардын укуктарын бузуу фактылары жөнүндө реестрде (кагаз нускада, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында) чагылдырылууга тийиш, мында Реестрдин кагаз нускасы ар күндөгү негизде Борбордук шайлоо комиссиясына берилет.

Округдук шайлоо комиссиясынын/аймактык шайлоо комиссиясынын талапкерлерди каттоо, каттоону жокко чыгаруу жөнүндөгү, талапкерлердин тизмеси, ошондой эле арызды (даттанууну) караоонун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечим каралган даттануулардын тиркемеси менен дароо Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү округдук шайлоо комиссиясындагы/аймактык шайлоо комиссиясындагы системдик администраторуна жиберилет. Системдик администратор 24 сааттын ичинде чечимдин сканерленген көчүрмөсүн, каралган даттануулардын тиркемеси менен электрондук почта аркылуу Борбордук шайлоо комиссиясынын жооптуу кызматкерине Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жайгашкан арыздардын жана даттануулардын Реестрине киргизүү үчүн жөнөтөт.

3.12. Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган чечим тез арада Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жарыяланат.

4. Арыздардын жана даттануулардын электрондук реестри

4.1. Шайлоо комиссияларына келип түшкөн арыздар (даттануулар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер жөнүндө маалыматтар милдеттүү тартипте Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына Арыздардын жана даттануулардын реестри (мындан ары – электрондук Реестр) бөлүмүнө жайгаштырылат.

4.2. Электрондук Реестр шайлоо комиссияларынын ишинин ачыктыгын, маалымдуулугун камсыз кылуу, шайлоо комиссиялары караган арыздар (даттануулар) жөнүндө шайлоо процессинин субъекттерине (катышуучуларына), ошондой эле бардык

таламдаш жактарга маалымдоо максатында Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлгөн.

4.3. Округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясында/Борбордук шайлоо комиссиясында катталган бардык арыздар (даттануулар) катталган учурдан тартып беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында Арыздар (даттануулар) реестринде чагылдырылат. Участкалык шайлоо комиссияларынын Арыздар (даттануулар) реестри жыйынтыктар чыгарылгандан кийин беш календардык күндөн кечиктирбестен Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында чагылдырылат.

4.4. Электрондук Реестрде төмөнкүдөй маалыматтар камтылышы мүмкүн:

- арызды (даттанууну) караган шайлоо комиссиясынын аталышы;
- арыз (даттануу) берген адамдын жана (же) анын өкүлүнүн инициалдары;
- арыз (даттануу) келип түшкөн дата;
- арыздын (даттануунун) кыскача мазмуну;
- арызды (даттанууну) карап чыгуунун натыйжалары боюнча шайлоо комиссиясынын чечими, мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле шайлоо комиссиясынын көрсөтүлгөн чечиминин көчүрмөсү тиркелет;
- эгерде Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими сотко даттанылган болсо, биринчи инстанциядагы соттун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими. Мында мында электрондук Реестрдин тиешелүү бөлүмүндө кабыл алынган чечимдин кыскача мазмуну жайгаштырылат, ошондой эле соттун көрсөтүлгөн чечиминин көчүрмөсү тиркелет.

(28-августундагы № 92 токтомунун редакциясында)

5. Корутунду жоболор

5.1. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) боюнча округдук шайлоо комиссиясы/аймактык шайлоо комиссиясы/Борбордук шайлоо комиссиясы кабыл алган бардык чечимдер сактоо үчүн милдеттүү тартипте Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү бөлүмүнө берилет.

5.2. Арыздарды (даттанууларды) кароо менен байланышкан материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталууга тийиш.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын
2026-жылдын 23-сентябрынын
№ 100 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө
ЖОБО

1. Жалпы жоболор

1. Ушул Жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү жана калыптандыруу, атайын эсепти ачуу, жүргүзүү жана жабуу, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алууну жүргүзүү, финансылык отчёттуулукту берүү, шайлоо өнөктүгүнүн каржыланышын контролдоону жана ачык-айкындыгын камсыздоону жүзөгө ашыруу тартибин жөнгө салат.

2. Талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер документтерди тапшырганга чейин шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн өзүнүн шайлоо фондун түзөт.

3. Президенттин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фонду конституциялык Мыйзамдын талаптарын эске алуу менен түзүлгөн каражаттардын, атап айтканда:

- талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарынын;
- жарандардын жана юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн.

4. Шайлоо фондун түзө турган бардык акча каражаттары банк мекемесиндеги атайын эсепке которулат. Атайын эсеп Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же болбосо Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер тарабынан ачылат.

5. Шайлоо фонддорунун атайын эсептерин тейлөөнү жүзөгө ашыруучу банк мекемелеринин тизмеги, ошондой эле атайын эсептерди ачуу жана жүргүзүү тартиби тиешелүү банк мекемелери менен макулдашуу боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

Атайын эсеп боюнча операциялар, анын ичинде банк мекемесинин мобилдик банктык тиркемелерин кошо алганда, аралыктан банктык тейлөө тутумдары аркылуу жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

6. Талапкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде шайлоо фондунун акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алууну жүргүзүү, финансылык отчёторду даярдоо жана берүү, ошондой эле шайлоо өнөктүгүн финансылык камсыздоо менен байланышкан башка иш-аракеттерди аткаруу үчүн финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдү дайындоого укуктуу.

7. Борбордук шайлоо комиссиясы зарыл болгон документтер келип түшкөн күндөн тартып 3 календардык күндүн ичинде финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлгө каттоо күбөлүгүн берет же болбосо “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына (мындан ары – конституциялык Мыйзам) ылайык каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөлүү чечим кабыл алат.

Финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан катталып, каттоо күбөлүгү берилгенден кийин дайындалды деп эсептелет жана ыйгарым укуктуу өкүлдүн укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

8. Шайлоо фондунун атайын эсебинин маалым даректери тууралуу маалыматтар Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген маалыматтык тутумга талапкер тарабынан эсеп ачылгандан кийин кийинки жумуш күндөн кечиктирилбестен киргизилет.

9. Шайлоо фонддорунун каражаттарын тескөө укугу талапкер болуу ниетин билдирген жарандарга, талапкерлерге жана алардын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө таандык.

10. Талапкерлер каттоодон өткөндөн кийин шайлоо алдындагы үгүттү каржылоо үчүн өздөрүнүн шайлоо фонддорунун ачылган эсептерин жүргүзүүнү улантышат.

11. Финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн ыйгарым укуктарынын мөөнөтү шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 20 календардык күндөн кийин аяктайт.

12. Талапкердин өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү, шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документтин (түп нускасынын) жоктугу талапкерди каттоодон баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

2. Шайлоо фонддорунун атайын эсептерин ачуу жана жабуу тартиби

13. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн кийинки күндөн тартып талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же болбосо Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген банк мекемесинде шайлоо фондун түзүү үчүн атайын эсепти ачат.

Президенттин кызмат ордуна талапкер болуп көрсөтүлүү үчүн талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же болбосо Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документти (түп нускасын) тиркөө менен Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниетин билдирген жарандын арызын берет.

Талапкер өзүнүн шайлоо фондунун бир гана атайын эсебин ачууга укуктуу.

14. Атайын эсепти ачуу Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарынын талаптарына ылайык документтер берилгенден кийин банк мекемеси тарабынан жүзөгө ашырылат.

15. Шайлоо фондунун атайын эсебин тейлөөнүн бардык шарттары банк эсебин тейлөөгө келишимде көрсөтүлүүгө тийиш.

16. Талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран, ошондой эле Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниети жөнүндө арыз берүү менен бирге шайлоо төгүмүн төккөндөн кийин Борбордук шайлоо комиссиясына атайын эсептин маалым даректерин № 1 форма (ушул Жобого тиркеменин № 1 формасы) боюнча жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

17. Атайын эсеп боюнча финансылык операциялардын аякташы төмөнкүдөй тартипте жүзөгө ашырылат:

1) добуш берүү күнүнө чейин келип чыккан милдеттенмелерди аткаруу;

2) мыйзамдарда каралган учурларда акча каражаттарын кайра кайтаруу;

3) мыйзамдарда белгиленген тартипте акча каражаттарынын калдыгын кайра кайтаруу;

4) жыйынтык финансылык отчётту түзүү жана берүү;

5) атайын эсепти жабуу.

3. Шайлоо фонддорун каржылоо булактары

18. Шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан эсепке алынуучу үгүт-маалыматтык мүнөздөгү материалдардын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

1) эсептик көрсөткүчтөн 150 000 эседен ашпаган талапкердин өз каражаттарынан;

2) талапкерге саясий партия тарабынан бөлүнгөн жана эсептик көрсөткүчтөн 500 000 эседен ашпаган каражаттардан;

3) ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500 000 эседен ашпаган жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан;

4) ар бири эсептик көрсөткүчтөн 500 000 эседен ашпаган юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулук каражаттарынан.

Талапкердин шайлоо фондунун түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын суммасынын жеткен чеги эсептик көрсөткүчтөн 2 000 000 эседен ашпайт.

19. Шайлоо фондун түзүү тартибин бузуу жана шайлоо фондунун чыгымдарынын суммасынын жеткен чегинен ашырып жиберүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти алып келет.

20. Талапкерлердин шайлоо фонддоруна түшкөн акча каражаттары шайлоо дайындалган күнгө карата конституциялык Мыйзамда белгиленген эсептик көрсөткүчтөн эсептелет.

21. Шайлоо фондунун акча каражаттары атайын эсепте сакталат. Атайын эсепти банктык тейлөөгө байланыштуу келип чыккан акча каражаттарын жана башка суммаларды эсепке алуу тартиби мыйзамдар жана банктык тейлөөнүн шарттары менен аныкталат.

Шайлоо фонддоруна түшкөн акча каражаттары улуттук валютада гана кабыл алынууга тийиш. Көрсөтүлгөн эсептер боюнча кирешелер чегерилбейт жана төлөнбөйт.

22. Жарандар жана юридикалык жактар талапкердин шайланышына өбөлгө түзө турган ишмердүүлүккө финансылык (материалдык) колдоону шайлоо фонддору аркылуу гана көрсөтүүгө укуктуу.

23. Шайлоо фондуна акча каражаттарын кайрымдуулук кылуучунун инсандыгын жана акча каражаттарынын булагын аныктоого мүмкүндүк бербеген ыкмалар менен салууга тыюу салынат.

Мобилдик банктык тиркемелерди кошо алганда, аралыктан банктык тейлөө тутумдары аркылуу операцияларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банк мекемеси кардарды идентификациялаган шартта жол берилет.

Талапкердин, саясий партиянын өз каражаттарын жана ыктыярдуу кайрымдуулуктарды шайлоо фондуна салуу банктык эсептешүү эсеби аркылуу накталай эмес төлөм же болбосо банк мекемелеринин эсептик-кассалык бөлүмдөрү аркылуу накталай төлөм түрүндө жүргүзүлөт.

Мындай кайрымдуулукту жашыруун деп таануудан оолак болуу үчүн идентификацияланбай турган төлөм тутумдары аркылуу акча каражаттарын накталай эмес которууга же салууга тыюу салынат.

Ыктыярдуу кайрымдуулукту салууда жаран төлөм документинде өзү жөнүндө төмөнкү маалыматтарды: жеке идентификациялык номерин (ЖИН), фамилиясын, атын, атасынын атын көрсөтөт.

Ыктыярдуу кайрымдуулукту салууда юридикалык жак тарабынан төлөм тапшырмасында ал жөнүндө төмөнкү маалыматтар: салык төлөөчүнүн идентификациялык номери (СИН), аталышы көрсөтүлөт.

Банк мекемесинде банктык эсептешүү эсеби бар кайрымдуулук кылуучу ыктыярдуу кайрымдуулукту которууну Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмекке кирген банк мекемесинин мобилдик тиркемеси аркылуу жүзөгө ашыра алат.

24. Талапкердин шайлоо фондунун атайын эсебине өзүнүн акча каражаттарын кайтарымсыз төгүү ыктыярдуу кайрымдуулук деп таанылат.

25. Жеке жак тарабынан ыктыярдуу кайрымдуулук салынып жатканда кайрымдуулук кылуучу жөнүндө маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык банк мекемеси тарабынан идентификацияланат.

Акча каражаттарын накталай салууга квитанцияларда, ошондой эле көрсөтүлгөн каражаттарды которууда кайрымдуулук кылуучунун толук маалыматтары "төлөмдүн багыты" графасында көрсөтүлөт.

Эсепке алуунун максаттары үчүн шайлоо фондунда контролду жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон көлөмдө жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты жана ЖИНи көрсөтүлөт. ЖИН, паспорттук маалыматтар, жашаган жеринин дареги жана башка жеткилиги чектелген маалыматтар көрүнөө жайгаштырылбайт.

26. Юридикалык жактын кайрымдуулугу конституциялык Мыйзамда белгиленген талаптар сакталганда кабыл алынат.

Юридикалык жактын белгиленген талаптарга шайкештигин тастыктоо үчүн зарыл болгон маалыматтарды текшерүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган тартипте жана (же) ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

Юридикалык жактардан түшкөн талапкердин шайлоо фондуна ыктыярдуу кайрымдуулуктар тиешелүү салык кызматынан жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Социалдык фонддун (мындан ары – Социалдык фонд) бөлүмдөрүнөн алынган бюджеттин алдында карызы жоктугу жөнүндө маалымкаттар көрсөтүлгөндө гана банк мекемеси же башка мекеме тарабынан кабыл алынат.

27. Кайрымдуулуктун белгиленген өлчөмүнүн жеткен чегинен ашып т үшкөн акча каражаттарынын ашып кеткен бөлүгү кайрымдуулук кылуучуга кайра кайтарылууга тийиш.

Акча каражаттарын кайра кайтаруу талапкер же анын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан жүзөгө ашырылат. Бул учурда көрсөтүлгөн каражаттарды кайра кайтаруу менен байланышкан чыгымдар аларды салган жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

Кайра кайтаруу төлөмдүн багытын көрсөтүү менен шайлоо фондунун атайын эсебинен жүзөгө ашырылат.

28. Талапкерди каттоодон баш тартылган, талапкер өз талапкерлигин алып салган же талапкердин каттоосу жокко чыгарылган учурларда шайлоо фондуна түшкөн акча каражаттарын аларды салган жарандарга жана уюмдарга салган каражаттарына жараша кайра кайтаруу талапкер тарабынан дароо жүргүзүлөт. Бул учурда көрсөтүлгөн каражаттарды кайра кайтаруу менен байланышкан чыгымдар аларды салган жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

29. Кайра добуш берүү өткөрүлгөн учурда талапкердин шайлоо фондунун түшкөн жана чыгымдалган акча каражаттарынын жалпы суммасынын жеткен чеги бир жарым эсеге көбөйүшү мүмкүн.

30. Кайра добуш берүүнү өткөрүүдө аларга карата кайра добуш берүү өткөрүлүп жаткан Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин атайын эсептери боюнча финансылык операциялар кайра добуш берүү күнү дайындалган күнү жандандырылат.

4. Шайлоо фонддоруна ыктыярдуу кайрымдуулуктарга тыюу салуулар

31. Конституциялык Мыйзамга ылайык мындай каржылоону жүзөгө ашырууга тыюу салынган жактар жана уюмдар тарабынан шайлоо фондуна ыктырдуу кайрымдуулуктардын салынышына жол берилбейт.

Төмөнкүлөрдүн шайлоо фонддоруна ыктыярдуу кайрымдуулуктарына тыюу салынат:

- чет мамлекеттердин, чет өлкөлүк мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана ишканалардын, башка чет өлкөлүк юридикалык жактардын, алардын филиалдарынын жана өкүлчүлүктөрүнүн, чет өлкөлүк жарандардын, эл аралык уюмдардын жана катышуучулары

чет өлкөлүк жарандар жана юридикалык жактар болуп саналган, Кыргыз Республикасында катталган юридикалык жактардын;

- жарандыгы жок адамдардын;

- мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын;

- мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын;

- уставдык капиталында мамлекеттик же муниципалдык үлүш бар, ошондой эле салыктарды, жыйымдарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү төлөө боюнча жеңилдиктерди пайдалануучу юридикалык жактардын;

- аскердик бөлүктөрдүн, аскердик мекемелердин жана уюмдардын;

- укук коргоо органдарынын, соттордун;

- кайрымдуулук ишмердиги менен алектенген уюмдардын;

- диний уюмдардын;

- атын атабай кайрымдуулук кылуучулардын (атын атабай кайрымдуулук кылуучу деп төмөнкү маалыматтардын бирөөсүн: ЖИН, фамилиясын, атын, атасынын атын көрсөтпөгөн, ошондой эле өзү жөнүндө анык эмес маалыматтарды көрсөткөн жаран түшүнүлөт).

32. Республикалык бюджеттин же Социалдык фонддун алдында карыздары бар юридикалык жактар жана юридикалык жакты түзбөстөн ишкердик ишти жүзөгө ашырган жеке ишкерлер тарабынан талапкердин шайлоо фондуна акча каражаттарынын салынышына тыюу салынат.

Көрсөтүлгөн юридикалык жана жеке жактар тарабынан талапкердин шайлоо фондуна акча каражаттары салынган учурда талапкер жоопкерчилик тартпайт.

Эгерде талапкердин шайлоо фондуна жогоруда көрсөтүлгөн жеке жана юридикалык жактардан акча каражаттары түшсө, бул учурда соттун чечими боюнча банк мекемеси же башка мекеме бул каражаттарды республикалык бюджетке же Социалдык фондго которууга милдеттүү.

33. Тыюу салынган булактан, атын атабаган кайрымдуулук кылуучудан же болбосо кайрымдуулуктун белгиленген өлчөмүн бузуу менен түшкөн акча каражаттары конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана мөөнөттө кайра кайтарылууга же республикалык бюджетке которулууга тийиш.

Эгерде ыктыярдуу кайрымдуулук ушул Жобонун 31-пунктуна ылайык мындай кайрымдуулукту жүзөгө ашырууга укуксуз жаран же юридикалык жак тарабынан салынса, ал кайрымдуулук кылуучуга толук көлөмдө кайра кайтарылууга тийиш.

Эгерде талапкердин шайлоо фондунун атайын эсебине ушул Жобонун 31-пунктунда тыюу салынган атын атабаган кайрымдуулук кылуучудан акча каражаттары түшсө, бул учурда бул каражаттар 3 жумуш күндүн ичинде республикалык бюджетке которулат.

Кайра кайтаруунун же которуунун ар бир учуру үчүн финансылык отчётко тиркелүүчү тиешелүү төлөм документи таризделет.

34. Кайрымдуулуктун белгиленген өлчөмүнүн жеткен чегинен ашып түшкөн акча каражаттарынын ашып кеткен бөлүгү кайрымдуулук кылуучуга кайра кайтарылат.

Эгерде ыктыярдуу кайрымдуулук жаран же юридикалык жак тарабынан конституциялык Мыйзамдын талаптарын бузуу менен берилсе, анда ал кайрымдуулук кылуучуга толук көлөмдө кайра кайтарылууга тийиш же төлөмдүн дайындалышында кайра кайтаруунун себебин көрсөтүү менен ыктыярдуу кайрымдуулуктун конституциялык Мыйзамда белгиленген өлчөмүнүн жеткен чегинен ашып кеткен бөлүгү кайра кайтарылууга тийиш. Бул учурда көрсөтүлгөн каражаттарды кайра кайтаруу менен байланышкан чыгымдар аларды салган жарандардын жана уюмдардын эсебинен жабылат.

5. Шайлоо төгүмү

35. Шайлоо төгүмү талапкер тарабынан конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте жана өлчөмдө шайлоо фондунун каражаттарынан төгүлөт.

Шайлоо төгүмүн которуу боюнча операция төлөмдүн багытын көрсөтүү менен шайлоо фондунун атайын эсебинен жүзөгө ашырылат.

Талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран же болбосо Президенттин кызмат ордуна саясий партиядан талапкер Президенттин кызмат ордуна талапкерлигин коюу ниети жөнүндө арыз берилгенге чейин түзүлгөн өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эсептик көрсөткүчтүн он миң эсе өлчөмүндөгү шайлоо төгүмүн Борбордук шайлоо комиссиясынын депозиттик эсебине төгөт, бул тууралуу шайлоо төгүмүн төккөндүгүн ырастоочу банктык документти алат.

Бул учурда шайлоо төгүмүн которууда төлөм тапшырмасында “төлөмдүн багыты” графасында “Талапкер (фамилиясы, аты, атасынын аты) үчүн шайлоо төгүмү” деп көрсөтүү зарыл.

36. Шайлоо төгүмү кайра кайтарылбайт жана республикалык бюджетке которулат.

6. Шайлоо фонддорунун каражаттарынын чыгымдалышы

37. Шайлоо фонддорунун каражаттары максаттуу багытка ээ. Алар шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен байланышкан чыгымдарды жабууга гана пайдаланылышы мүмкүн.

38. Шайлоо фондунун каражаттары шайлоо өнөктүгүн даярдоо жана өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан максаттарга гана, конституциялык Мыйзамда жана ушул Жободо белгиленген тизмектин жана чектөөлөрдүн чегинде чыгымдалат.

Шайлоо фонддорунун каражаттары төмөнкүлөргө гана пайдаланылышы мүмкүн:

1) шайлоо алдындагы үгүткө багытталган уюштуруу-техникалык чараларды финансылык камсыздоого;

2) конституциялык Мыйзамда белгиленген өлчөмдө шайлоо төгүмүн төлөөгө;

3) шайлоо өнөктүгүн өткөрүү менен түздөн-түз байланышкан жумуштарды аткаргандыгы, кызмат көрсөтүүлөрдү кылгандыгы үчүн, атап айтканда, төмөнкүлөр үчүн акы төлөөгө:

- маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр;
- үгүт материалдарын чыгарып, жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда таратуу;
- жайларды, жабдууларды ижарага алуу;
- транспорт жана иш сапар чыгымдарын жабуу;
- байланыш кызмат көрсөтүүлөрү;
- кеңсе товарларын, жабдууларды сатып алуу;
- жарыяларды жана сүйлөгөн сөздөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында жана социалдык тармактарда жарыялоо;
- шайлоо алдындагы чогулуштарды, шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү.

39. Талапкер кайрымдуулук кылуучулар добуш берүү күнүнө чейин белгиленген тартипте которгон жарандардын жана юридикалык жактардын кайрымдуулуктарын гана пайдалануга укуктуу.

Добуш берүү күнүнөн кийин шайлоо фондунун каражаттарын добуш берүү күнүнө чейин келип чыккан милдеттенмелерди аткаруу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда акча каражаттарын кайра кайтарууну жүзөгө ашыруу үчүн гана чыгымдоого жол берилет.

40. Талапкерлерге өздөрүнүн шайлоо фонддоруна түшкөн каражаттардан тышкары башка акча каражаттарын шайлоочулардын колдорун чогултуу, шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү, башка шайлоо алдындагы иш-чараларды жүзөгө ашыруу боюнча жумуштардын акысын төлөө үчүн пайдалануга тыюу салынат.

41. Атайын эсеп боюнча, ошондой эле сарпталбаган акча каражаттарын кайра кайтаруу боюнча финансылык операциялар добуш берүү күнүнөн кийин беш календардык күн өткөндө токтотулат.

Көрсөтүлгөн мөөнөттөн кийин каражаттарды шайлоо өнөктүгүнүн жаңы максаттарына сарптоого жол берилбейт.

42. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган милдеттенмелер аткарылгандан жана кайра кайтаруулар жүзөгө ашырылгандан кийин атайын эсептин сарпталбаган акча каражаттарынын калдыгы конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте которулууга тийиш.

Шайлоо фондунун атайын эсебиндеги сарпталбаган акча каражаттарынын калдыгы талапкерге кайра кайтарылат.

Атайын эсепти жабуу көрсөтүлгөн операциялар аяктагандан кийин жүзөгө ашырылат.

43. Шайлоо фонддорунун каражаттарына, ыктыярдуу кайрымдуулуктарга жана көрсөтүлгөн фонддорго которууларга, ошондой эле көрсөтүлгөн фонддордон чыгымдарга салык салуу тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленет.

7. Жарандар жана юридикалык жактар менен эсептешүүлөр

44. Талапкердин шайлоо өнөктүгү менен байланышкан белгилүү бир жумуштарды (кызмат көрсөтүүлөрдү) аткаруу (кылуу) жөнүндө жарандар жана юридикалык жактар менен келишимдер (макулдашуулар) талапкер же болбосо анын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан түзүлөт. Шайлоо фондунун каражаттарынан финансылык милдеттенмелерди караган келишимдер добуш берүү күнүнөн мурунку күндөн кийин түзүлбөйт.

45. Шайлоо өнөктүгү боюнча бардык эсептешүүлөр накталай эмес тартипте шайлоо фондунун атайын эсеби аркылуу, анын ичинде аралыктан банктык тейлөө тутумдары жана банк мекемесинин мобилдик банктык тиркемелери аркылуу жүзөгө ашырылат.

Жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдүн акысын төлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

46. Талапкер конституциялык Мыйзамда белгиленген тартипте үгүтчүлөрдү тартууга укуктуу.

Талапкер ар бир шайлоо участогунда үчтөн көп эмес үгүтчү – Кыргыз Республикасынын жарандары менен үгүт боюнча кызматтарды аткаруу жөнүндө келишим түзүүгө укуктуу.

Үгүтчүлөрдүн тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттө фамилиясын, атын, атасынын атын, ЖИН жана шайлоо участогунун номерин көрсөтүү менен берилет.

Бул учурда талапкер үгүтчүлөрдүн реестрин жүргүзүүгө жана үгүтчүлөрдүн тизмесин (ал эми кийин – жаңыланган тизмесин) Борбордук шайлоо комиссиясына аптасына бир жолу, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясы сураган учурда токтоосуз түрдө берүүгө тийиш. Бул учурда үгүтчүлөрдүн тизмесине талапкер жана/же анын шайлоого катышуу менен байланышкан маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кол коюуга тийиш.

Ошондой эле кол койгондордун фамилиясы, аты, атасынын аты, талапкердин күбөлүгүнүн номери, ыйгарым укуктуу өкүлдүн каттоо күбөлүгүнүн номери көрсөтүлүшү керек.

ЖИН жана башка жеткилиги чектелген маалыматтар ачык жайгаштырылууга тийиш эмес.

47. Жарандар жана юридикалык жактар аткарган акы төлөнүүчү иштер жана кызмат көрсөтүүлөр жазуу жүзүндө таризделет (келишим, эсеп-фактура, коштомо кагаз, өткөрүп алуу-өткөрүп берүү актысы ж.б.).

Келишимдер тараптардын маалым даректерин, жумуштардын же кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмү тууралуу маалыматтарды, наркын, төлөө тартибин, аткаруу мөөнөттөрүн жана башка олуттуу шарттарды камтыйт.

Жарандарды жумуштарды аткарууга жана кызмат көрсөтүүлөрдү кылууга тартуу жөнүндо келишимдер Кыргыз Республикасынын жашы жеткен жарандары менен гана түзулүшү мүмкүн. Аткарылган иштер жана кызмат көрсөтүүлөр буйрутмачы (финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл) жана аткаруучу тарабынан кол коюлган аларды өткөрүп алуу актылары же берилген продукцияга коштомо кагаздар менен ырасталууга тийиш.

Талапкер ыйгарым укуктуу өкүлдөр, байкоочулар, ишенимдүү адамдар, талапкердин шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү, ошондой эле бардык үгүтчүлөр менен (кайтарымдуу же кайтарымсыз) кызмат көрсөтүүлөрдү кылууга келишимдерди түзөт.

48. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары конституциялык Мыйзамда жана ушул Жободо каралган маалыматтарды, анын ичинде даярдоочу, буйрутмачы, нускасы, чыккан датасы жана даярдоонун акысы тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнгөндүгү жөнүндө маалыматтарды, ошондой эле буйрутманы төлөгөн талапкердин же анын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтууга тийиш.

Милдеттүү маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.

49. Тиешелүү шайлоо фондунан алдын ала акы төлөбөстөн жана конституциялык Мыйзамда жана ушул Жободо белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого тыюу салынат.

50. Жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү акысыз аткарууга же негизсиз төмөндөтүлгөн баалар боюнча аткарууга, ошондой эле шайлоолор менен тикелей же кыйыр байланышкан товарларды сатууга тыюу салынат.

Талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, ишенимдүү адамдары, байкоочулары жана шайлоо комиссияларындагы өкүлдөрү аларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында берилген ыйгарым укуктарды кайтарымсыз негизде жүзөгө ашырууга укуктуу.

8. Эсепке алуу, отчёттуулук жана көзөмөл

51. Талапкерлер өздөрүнүн шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын түшүшүнүн жана чыгымдалышынын эсебин жүргүзүүгө жана Борбордук шайлоо комиссиясына финансылык отчётторду берүүгө милдеттүү. Финансылык отчёттордун тартиби, мөөнөттөрү жана формалары Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

Талапкерлигин коюу ниетин билдирген жаран, талапкер же болбосо анын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү түшкөн акча каражаттарынын эсебин алууну, белгиленген өлчөмдөрдүн жеткен чегинин сакталышын жана бардык чыгымдардын эсебин алууну камсыз кылат.

52. Талапкер Борбордук шайлоо комиссиясына төмөнкү финансылык отчётторду берет:

- кагаз алып жүрүүчүдө (колу менен);

- электрондук почта аркылуу берүү менен электрондук версияда (колу менен сканирленген көчүрмө) төмөнкүдөй тартипте:

1) Биринчи финансылык отчёт – добуш берүү күнүнө чейин 10 күндөн кечиктирбестен;

2) Экинчи жыйынтык финансылык отчёт (жыйынды маалыматтар) – добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндөн кечиктирбестен.

Отчёттордогу маалыматтар отчёт тапшырылган датадан мурунку датага карата, 3 күндөн көп эмес убакытка түзүлөт.

Жыйынтык финансылык отчётко акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын тастыктоочу баштапкы финансылык документтер жана банктык көчүрмөлөр тиркелет (ушул Жобого тиркеменин № 2 формасы).

53. Жыйынтык финансылык отчёттогу баштапкы финансылык документтер атайын эсептеги финансылык операциялардын чагылдырылышына жараша хронологиялык ырааттуулукта тандалат.

Акча каражаттарын чегерүү же эсептен чыгаруу үчүн негиз болгон документтер тиркелген атайын эсептен банктык көчүрмөлөр финансылык операцияларды салыштыруу үчүн негиз болуп саналат.

54. Жыйынтык финансылык отчёт беттерди, анын ичинде тиркемелерди баштан-аяк номерлөө менен брошюраланган түрдө берилет.

Суроолор келип чыкканда Борбордук шайлоо комиссиясы түшүндүрмө сурооого укуктуу.

Түшүндүрмө катты финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл, ал эми ал жокто талапкер өзү берет.

55. Биринчи жана жыйынтык финансылык отчётко талапкер жана анын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү кол коёт.

Жыйынтык финансылык отчётту жана баштапкы финансылык документтерди берүү өткөрүп алуу-өткөрүп берүү акты менен таризделет.

Отчёттун кагаз жүзүндөгү жана электрондук версияларында камтылган маалыматтар дал келбеген учурда Борбордук шайлоо комиссиясы банктык көчүрмөлөр жана баштапкы финансылык документтер менен салыштырып текшерүүнү жүргүзөт (белгиленген тартипте кол коюлган жана күбөлөндүрүлгөн кагаз нускасы артыкчылыкка ээ).

56. Атайын эсеп жабылганга чейин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте акча каражаттарын кайра кайтаруу жана чыгымдалбаган каражаттардын калдыгын которуу жүзөгө ашырылат.

Жыйынтык финансылык отчёт берилгенге чейин бардык калган акча каражаттары талапкерлерге кайра кайтарылууга тийиш.

57. Финансылык отчёттун берилишин камсыз кылуу боюнча милдет талапкерге жүктөлөт.

Катталган финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүл бар болгон учурда финансылык отчётту даярдоону жана берүүнү ал берилген ыйгарым укуктардын чегинде жүзөгө ашырат.

58. Талапкерлердин шайлоо фонддорунун каражаттарын түзүү жана чыгымдоо тартибин контролдоо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

59. Талапкерлердин шайлоо фонддорунун акча каражаттарынын түшүү булактарын, туура эсепке алынышын жана пайдаланылышын контролдоо, талапкерлердин финансылык отчётторун текшерүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясынын алдында көзөмөлдөө-текшерүү тобу түзүлөт.

Көзөмөлдөө-текшерүү тобун уюштуруу жана иш тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

9. Шайлоо фонддорун каржылоонун ачык-айкындыгы

60. Шайлоону ачык жана айкын өткөрүү максатында Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочуларды талапкерлердин шайлоо фонддорунун каражаттарынын түшүшү жана чыгымдалышы, талапкерлердин финансылык отчёттору жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарыялануучу тийиш болгон башка маалыматтар жөнүндө кабардар кылат.

61. Банк мекемелери апта сайын, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын жүйөлөштүрүлгөн талабы боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана электрондук өз ара аракеттенүү жөнүндө макулдашууда белгиленген мөөнөттө (24 сааттын ичинде) Борбордук шайлоо комиссиясына талапкерлердин атайын эсептеринде турган акча каражаттарынын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө маалыматтарды берип турушат.

Банк мекемеси тарабынан контролдоо максатында берилген маалымат Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан банктык сыр жана жеке маалыматтарды коргоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланылат.

Түздөн-түз Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо белгиленген көлөмдөгү маалымат гана ачык жайгаштырылууга тийиш.

Маалыматты электрондук түрдө берүү мүмкүн болбогон учурда маалыматтар банк мекемесинин жетекчисинин колу жана мөөрү менен кагаз алып жүрүүчүдө берилет.

62. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында төмөнкүлөр жайгаштырылат:

1) жалпыга маалымдоо үчүн белгиленген көлөмдө шайлоо фондунун каражаттарынын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө маалымат;

2) талапкерлердин финансылык отчёттору;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген көлөмдөгү шайлоо төгүмдөрү жөнүндө маалымат.

Маалыматты жайгаштырууда ЖИН, паспорттук маалыматтар, жашаган жеринин дареги, банк эсептеринин номерлери жана башка жеткилиги чектелген маалыматтар жарыялануууга тийиш эмес.

Жарыялануучу маалыматтын формaты жана жаңыртуунун мезгилдүүлүгү Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

10. Жоопкерчилик

63. Талапкердин шайлоо фондунун акча каражаттарын түзүү жана чыгымдоо тартибин бузушу, чыгымдардын суммасынын жеткен чегинен ашырып жибериши, финансылык отчётторду бербеши, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган маалыматты бербеши, ошондой эле аныктыгы эмес маалыматтарды бериши Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти алып келет.

64. Талапкер өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин шайлоо фондуна түшкөн акча каражаттарынын анык суммасынын 0,5 пайызынан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланган учурда же болбосо талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан кеткен чыгымдарды талапкердин шайлоо фондунун каражаттарынан кеткен бардык чыгымдардын белгиленген суммасынын жеткен чегинин 0,5 пайызынан ашырып жиберген учурда каттоо жокко чыгарылат.

65. Талапкерлер конституциялык Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген учурларда жана чектерде өз өкүлдөрүнүн аракеттери үчүн жоопкерчилик тартышат.

66. Шайлоо фонддорунун каражаттарынын түзүлүүсүнө жана чыгымдалышына контролду жүзөгө ашыруу үчүн мааниге ээ жагдайларды белгилөө максатында Борбордук шайлоо комиссиясы көмөктөшүү үчүн кайрылууга жана мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан, уюмдардан жана мекемелерден алардын компетенциясынын чегинде жана жеке маалыматтар жана мыйзам менен корголуучу башка сырлар жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо менен зарыл маалыматтарды алууга укуктуу.

Талапкер тарабынан
шайлоо комиссиясына берилет

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобого тиркеме

№ 1 форма

Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоо

202__ж. «_____» _____

(добуш берүү датасы)

Кыргыз Республикасынын _____шайлоо комиссиясына

Талапкер _____

(талапкердин аты-жөнү)

Шайлоо фондунун атайын эсебинин маалым даректери жөнүндө
БИЛДИРМЕ

Шайлоо фондунун акча каражаттары боюнча эсепке алуу жана отчёттуулук үчүн

_____

(банк мекемесинин аталышы)

№ _____ атайын эсеби ачылгандыгын билдиребиз.

_____ _____

(талапкердин аты-жөнү) (колу)

202__-ж. «___»_____

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкердин шайлоо фондун түзүү, акча каражаттарынын түшүшүн жана чыгымдалышын эсепке алуу тартиби жөнүндө жобого тиркеме

№ 2 форма

_____

(шайлоо өнөктүгүнүн аталышы)

202__ -ж. «___» _____ тартып 202___-ж. «___» _____ чейинки мезгил үчүн талапкердин шайлоо фондунун каражаттарынын түшүшү жана чыгымдалышы жөнүндө

ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЁТ

_____

(талапкердин аты-жөнү)

_____

(банк маалым даректери, атайын эсептин №)

Төлөмдүн коду	Каражаттардын түшүү булагынын жана чыгымдын түрүнүн аталышы	Суммасы, сом
	Отчёттук мезгилдин башына карата калдык	
55220000	**Шайлоо фонддору/референдум фонддору үчүн акча каражаттарынын түшүшү, анын ичинде:**	
55221000	Талапкердин өз каражаттары	
55222000	Саясий партиянын өз каражаттары	
55223000	Жеке жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары	
55224000	Юридикалык жактардын ыктыярдуу кайрымдуулуктары	
	Акча каражаттарынын кайра кайтарылышы, анын ичинде:	
55211000	Төлөм тапшырмасында маалым даректер туура эмес көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу акча каражаттарынын кайра кайтарылышы (сторно)	
55211000	Кайрымдуулук кылуучуларга каражаттардын кайра кайтарылышы (сторно)	
	Шайлоо фондунан каражаттар сарпталды, анын ичинде:	
10000000	**Республикалык бюджетке кирешелер боюнча төлөмдөр, анын ичинде:**	
14152100	Калктуу конуштардагы жердин ижарасы үчүн төлөм	
14211100	Мамлекеттик менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижарасы үчүн төлөм	
14211200	Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижарасы үчүн төлөм	
14211900	Башка мүлктүн ижарасы үчүн төлөм	
14232800	Маданият мекемелеринин залдарын жана жайларын, ошондой эле жабдууларын, шаймандарын бергени үчүн төлөм	
14232900	Классификацияланбаган билим берүү жана маданий кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм	
14236800	Илимий-техникалык адабиятты жана документтерди сканерлөө жана көчүрмөлөө	

14236900	Маалымат берүү жана басып чыгаруу боюнча классификацияланбаган кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөм	
14238900	Кызмат көрсөтүүлөрдүн классификацияланбаган башка түрлөрү үчүн төлөм	
14239900	Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн категориясына кирген башка түшүүлөр	
14511110	Мамлекеттин пайдасына чегерилген кирешелер	
14511900	Башка салыктык эмес кирешелер *(анын ичинде шайлоо төгүмүн төлөө)*	
41000000	**Товарлар үчүн төлөмдөр, бардыгы:**	
41080600	Электр байланышы, үн жазуу жана үн жаңыртуу аппаратурасы жана жабдуулары	
41090400	Кийимдер жана аксессуарлар	
41090700	Фотоаппаратура, жабдуулар, керектөө материалдары жана башка категорияларга кирбеген оптикалык буюмдар; сааттар	
41090800	Башка категорияларга кирбеген ар кандай даяр буюмдар	
41100400	Кеңсе товарларын сатып алуу	
41100500	Күйүүчү-майлоочу материалдарды (бензин, дизель жана башка отундарды) сатып алуу	
41100600	Запастык бөлүктөрдү сатып алуу	
42000000	**Кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр, бардыгы:**	
42110000	***Кызматтык сапарларга кеткен чыгымдар, бардыгы:***	
42111000	Өлкө ичиндеги иш сапар чыгымдары, анын ичинде:	
42111100	Транспорт чыгымдары	
42111200	Мейманкана чыгымдары	
42111300	Суткалык чыгымдар	
42111900	Башка чыгымдар (өлкө ичиндеги кызматтык сапарлар боюнча)	
42112000	Чет жактагы иш сапар чыгымдары, анын ичинде:	
42112100	Транспорт чыгымдары	
42112200	Мейманкана чыгымдары	
42112300	Суткалык чыгымдар	
42112900	Башка чыгымдар (чет жактагы кызматтык сапарлар боюнча)	
42121000	***Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр, анын ичинде:***	
42121100	Муздак суу жана саркынды суулар үчүн төлөм	
42121200	Электр энергиясы үчүн төлөм	
42121300	Жылуулук жана ысык суу үчүн төлөм	
42121400	Газ үчүн төлөм	
42121500	Лифт үчүн төлөм	
42121600	Таштанды чыгаргандыгы үчүн төлөм	
42121999	Башка кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөр	
42122000	***Байланыш кызмат көрсөтүүлөрү, анын ичинде:***	
42122100	Интернет тармагынын кызмат көрсөтүүлөрү	
42122400	Радио жана телевизиондук кабелдик байланыш кызмат көрсөтүүлөрү	
42122500	Программаларды – телеберүүлөрдү, радиоуктурууларды берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр	
42122600	Телефондук жана факсимилдик кызмат көрсөтүүлөр	
42122700	Мобилдик байланыш кызмат көрсөтүүлөрү	
42122800	Почталык жана чабармандык кызмат көрсөтүүлөр	
42122900	Башка телекоммуникациялык кызмат көрсөтүүлөр	

42131000	***Ижара акысы, анын ичинде:***	
42131100	Имараттарды жана жайларды ижаралоо	
42131200	Жабдууларды жана инвентарды ижаралоо	
42131300	Транспорт каражаттарын ижаралоо	
42131900	Башка мүлктү ижаралоо	
42140000	***Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр***	
42141110	Автомобилдик жүк ташуулар	
42141120	Автомобилдик жүргүнчү ташуулар	
42141190	Башка автомобилдик кызмат көрсөтүүлөр	
42141900	Транспорттун башка түрлөрү менен ташуу боюнча кызмат көрсөтүүлөр	
42151000	***Башка кызмат көрсөтүүлөр (маалыматтык жана консультациялык мүнөздөгү кызмат көрсөтүүлөр), анын ичинде:***	
42151110	Юридикалык кызмат көрсөтүүлөр	
42151210	Башка консультациялык кызматтар	
42151310	Күзөт кызмат көрсөтүүлөрү	
42151410	Маалыматтык технологиялар жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр	
42151510	Банктык кызмат көрсөтүүлөр	
42151610	Аудиторлук кызмат көрсөтүүлөр	
42151710	Бухгалтердик кызмат көрсөтүүлөр	
42151950	Жарнама жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр жана рыноктун конъюктурасын окуп-үйрөнүүлөр	
42151990	Башка категорияларга кирбеген башка нерселер (ыйгарым укуктуу өкүлдөргө, ишенимдүү адамдарга, байкоочуларга, үгүтчүлөргө ж. б. келишимдер боюнча кызмат көрсөтүүлөр)	
42152000	***Мүлктү, машиналарды жана жабдууларды учурдагы оңдоо, анын ичинде:***	
42152110	Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоо	
42152130	Жабдууларды жана инвентарды учурдагы оңдоо	
42152140	Эмеректи учурдагы оңдоо	
42152150	Компьютердик жабдууларды жана кеңселик уюштуруу техникасын учурдагы оңдоо	
42152190	Башка учурдагы оңдоо	
42159000	***Башка кызмат көрсөтүүлөрдүн акысы менен байланышкан чыгымдар:***	
42159100	Архитектуралык, инженердик жана башка техникалык кызмат көрсөтүүлөр	
42159900	Башка беренелерге кирбеген башка чыгымдар	
43000000	**Активдер үчүн төлөмдөр, бардыгы:**	
43410000	***Эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу боюнча төлөмдөр, анын ичинде:***	
43411000	Эмерек сатып алуу	
43412000	Компьютердик жабдууларды сатып алуу	
43419000	Башка эмеректерди жана жабдууларды сатып алуу	
44000000	***Жумушчулардын эмгегине акы төлөө, анын ичинде:***	
44001100	Эмгек акы	
44001200	Келишимдер боюнча алдын ала төлөмдөр	
44001300	Үстөктөр	
44001400	Кошумча төлөөлөр жана компенсациялар	
44001900	Башка төлөөлөр	

45000000	***Социалдык камсыздоо боюнча жөлөкпулдар жана пенсиялар, анын ичинде:***	
45010000	Мамлекеттик эмес пенсиялык фонддун пенсиялары	
46000000	**Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызмат көрсөтүүлөрү, бардыгы:**	
46001100	Жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызмат көрсөтүүлөрү (ЖМКда жана интернет-басылмаларда маалыматты жайгаштыруу)	
46001200	Типографиялык кызмат көрсөтүүлөр (үгүт материалдарын, бланктарды басып чыгаруу)	
46001300	Жарнамалык-басмалык кызмат көрсөтүүлөр (социалдык тармактарда жана LED экрандарда баннерлерди жайгаштыруу, таргет, SMM кызмат көрсөтүүлөрү)	
46001400	Майыптыгы бар шайлоочулар үчүн маалыматтык материалдарды даярдоо боюнча кызмат көрсөтүүлөр	
46001900	ЖМКнын башка кызмат көрсөтүүлөрү	
50000000	**Банк операциялары, бардыгы:**	
55120000	Башка которуулар	
55206000	Банктар аралык клиринг тутумунун операторунун кызмат көрсөтүүлөрү үчүн акы төлөө	
55207000	Гросс үчүн акы төлөө	
55299000	Башка төлөмдөр жана которуулар (анын ичинде эсеп ачуу үчүн)	
	Отчёттук мезгилдин аягына карата калдык	

Ушул финансылык отчётто көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгын жана толуктугун тастыктайбыз. Шайлоо фондунан акча каражаттарды кошпогондо, шайлоо өнөктүгүн уюштурууга жана өткөрүүгө башка каражаттар тартылган жок. Анык эмес маалыматтарды бергендик үчүн жоопкерчилик жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талабы менен таанышканбыз.

_____ _____

(талапкердин аты-жөнү) (колу)

_____ _____

(финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн аты-жөнү) (колу)

202__ -ж. «___» _____

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын
2025-жылдын 28-июлундагы
№ 37 токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө

ЖОБО

(КР Борборшайлоокомунун 2026-жылдын 19-августундагы № 86 токтомунун редакциясына ылайык)

1. Ушул "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилинде шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн, ошондой эле шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет басылмалардын шайлоо алдындагы үгүт иштерине катышуусунун тартибин жана шарттарын жөнгө салат.

2. Бул Жобонун максаты жарандар, талапкерлер, саясий партиялар жана башка шайлоо процессинин субъекттери тарабынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө шайлоо мыйзамдарын бир түрдүү пайдалануу камсыз кылуу, шайлоо жөнүндө мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык эркин үгүт жүргүзүүнү камсыз кылуу болуп саналат.

3. Бул Жобо Конституцияга, "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө", (мындан ары - конституциялык Мыйзам), "Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык мыйзамдарына, "Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө", "Журналистин кесиптик ишин коргоо жөнүндө", "Массалык маалымат каражаттары жөнүндө", "Маалымат алуу укугу жөнүндө", "Тынч чогулуштар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссия) башка ченемдик укуктук актыларына ылайык иштелип чыкты.

1. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү түшүнүгү жана мөөнөттөрү

4. Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, саясий партиялардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын шайлоочуларды тигил же бул талапкерлерге же болбосо аларга каршы добуш берүүгө түрткөн же болбосо түртүү максатын көздөгөн шайлоо өнөктүгүнүн мезгилиндеги маалыматтарды даярдоо жана таратуу боюнча иштери шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү болуп саналат.

5. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү бардык талапкерлерди каттоо мөөнөтү бүткөн күндөн тартып башталат жана добуш берүүгө чейин 24 саат калганда токтотулат.

6. Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо өткөрүлгөндө конституциялык Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына, ошондой эле ушул Жобого ылайык мамлекет тарабынан эркин үгүт жүргүзүү камсыз кылынат.

7. Кыргыз Республикасынын жарандары, талапкерлер, саясий партиялар шайлоого катышуу үчүн үгүт жүргүзүүгө, ар кандай талапкерлерди жактап же аларга каршы үгүт жүргүзүүгө, шайлоо жөнүндө мыйзамдардын талаптарын сактоо менен талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы программаларын эркин жана ар тараптуу талкуулоого укуктуу.

8. Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, талапкерлер, саясий партиялар талапкердин макулдугу боюнча гана жана анын шайлоо фондусу аркылуу каржылоо талап кылынган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө укуктуу.

Үгүт иштери жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет басылмалар аркылуу чогулуштарда, митингдерде өткөрүлүшү мүмкүн. Үгүт жүргүзүү формасы жана ыкмасы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык келүүгө тийиш.

9. Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкер үчүн добуш берүүгө, болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) айрым талапкерлерге, саясий партияларга карата колдоону билдирүү;

3) талапкерлерди шайлоонун же шайлабай коюунун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндап жазуу;

4) талапкерлердин, алардын кесиптик иштерине же алардын өздөрүнүн кызматтык (кызмат орундук) милдеттерин аткарууларына байланышпаган ишмердиги жөнүндө маалыматтарды таратуу.

10. Шайлоо өткөрүүдө үгүт иштери төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) концерттерди, театралдаштырылган көрсөтүүлөрдү, ошондой эле спорттук иш-чараларды кошпогондо, эл алдында ачык үгүт (митингдерди, чогулуштарды, теле дебаттарын) жүргүзүү аркылуу;

3) басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таркатуу жолу менен;

4) конституциялык Мыйзамда тыюу салынбаган башка формаларда.

Кыргыз Республикасынын, саясий партиянын гимнин аткаруу концерт болуп саналбайт.

11. Үгүт жүргүзүүгө, бардык үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга төмөнкүлөр укуксуз:

- мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар;
- Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызматтарды ээлеген адамдар;
- жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызматтарды ээлеген адамдар;
- шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;
- байкоочулар;
- эл аралык байкоочулар;
- диний уюмдардын өкүлдөрү;
- кайрымдуулук иштери менен алектенген уюмдардын мүчөлөрү жана уюштуруучулары;
- 18 жашка толо элек адамдар (шайлоо өнөктүгүндө эмблемалар, логотиптер, ураандар, слогандар же талапкердин сүрөтү менен талапкердин, саясий партиянын сүрөттөрүн кошо алганда, анын ичинде таратылган үгүт материалдарындагы мындай адамдардын билдирүүлөрүн колдонуу);
- чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар;
- жарандыгы жок адамдар;
- аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери.

2. Майыптыгы бар шайлоочуларды үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрү

12. Талапкерлер, саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатууга укуктуу.

Талапкерлер, саясий партиялар майыптыгы бар шайлоочулар үчүн окуу үчүн ыңгайлуу болгон чоңойтулган тамгалар менен басылган, сурдокоторууну жана субтитрлерди, ошондой эле Брайль арибин пайдалануу менен, үгүт материалдарынын нускасынын жалпы санынын бир пайызынан кем эмес санда үгүт материалдарын жарыялоого жана таркатууга милдеттүү.

3. Жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу үгүт жүргүзүү формасы

13. Шайлоо алдындагы үгүткө Борбордук шайлоо комиссиясында аккредиттештирилген жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары катышууга укуктуу.

14. Талапкерлерге, саясий партияларга жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүсүнө бирдей шарттар кепилденет.

15. Талапкерлер, саясий партиялар жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн үгүт иштеринин формасын жана мүнөзүн белгилеп алууга укуктуу.

16. Талапкерлер, саясий партия үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн акысыз берилген телеберүүнү ишке ашыруучу уюмдардын каналдарында үгүт жүргүзүү үчүн берилген эфир убактысын, басылма продукцияны, аянтчаны төмөнкү максаттарга колдонууга укугу жок:

1) талапкерге каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) кайсы бир талапкер (кайсы бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия тууралуу маалыматтарды терс комментарийлер менен таратууга;

3) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочуларда терс мамилени жаратууга көмөктөшүүчү маалыматтарды таратууга.

17. Талапкерлердин чыгып сүйлөөсүн токтотууга, ошондой эле аны кандайдыр бир комментарийлер менен коштоого тыюу салынат.

18. Кыргыз Республикасынын аймагында таратылуучу чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат. Шайлоо өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк теле- жана радио программалар жазылып алынган түрүндө берилет. Талапкер, талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин ар намысына, кадыр-баркына жана ишкердик беделине шек келтирген теле- жана радио программаларды жазып алып берүүгө тыюу салынат. Мындай учурларда ушуга окшогон маалыматтарды тараткан үчүн жергиликтүү жалпыга маалымдоо каражаттары жоопкерчилик тартышат.

19. Эгерде көрсөтүлгөн адамдар ушул жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмаларынын уюштуруучулары жана бир эле учурда талапкерлер же болбосо конституциялык Мыйзамга ылайык алардын өкүлдөрү болуп саналса, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакцияларынын журналисттерине, башка чыгармачыл кызматкерлерине, ошондой эле кызмат адамдарына маалыматтык теле- жана радио программаларын алып барууга, ошол жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары аркылуу шайлоону чагылдырууга катышууга тыюу салынат. Ушул эреже ушул Жободо каралган тартипте мамлекеттик жана жергиликтүү телерадио уюмдарынын мамлекеттик жана жергиликтүү каналдарында көрсөтүлгөн адамдар акысыз обо убактысын пайдаланганда үгүттөп чыгып сүйлөөлөрүнө тиешелүү болбойт.

20. Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары, ээлери) мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жалпыга маалымдоо

каражаттары талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүдө тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга милдеттүү.

21. Ушул жобонун 20-пунктунун колдонулушуна туура келбеген жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын, басма аянттарын келишимдик негизде берүүгө укуктуу.

Эфир убактысын берүүнүн, мезгилдүү басма сөздө же интернет-басылмаларда жарыялоо үчүн акы төлөөнүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш.

22. Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөттөрүн пайдалануу менен коммерциялык жана шайлоо менен байланышпаган башка ишмердүүлүк жарнагын, ошондой эле талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын жана башка символикаларын пайдаланган жарнакты төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнакка, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнакка жол берилбейт.

23. Шайлоо өткөрүүдө обо убактысына жана басма сөз аянтына же интернет-басылмаларда жарыялоо укугуна акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө маалыматтар тиешелүү телерадио берүү уюму, мезгилдүү басылманын редакциясы, интернет-басылмалардын ээси тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына аккредитациялоо максатында шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин 20 календардык күндөн кечиктирбестен берилүүгө тийиш.

Берилген маалыматтар Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жалпыга маалымдоо үчүн шайлоолорду дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 25 күндөн кеч эмес жарыяланат.

24. Катталган талапкерлери көрсөтүлгөн саясий партияларга эфирдик убакыт, басылма орундарын берген же интернет-басылмаларда укук берген телерадио уюмдар, интернет-басылмалар жана мезгилдүү басма сөз редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) ушул жободо белгиленген эсеп жүргүзүүнүн түрүнө жана тартибине ылайык алардын көлөмү жана баасы тууралуу өзүнчө эсеп жүргүзүүгө милдеттүү. Мындай эсептин маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн ар бир 10 күнүндө жана добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Борбордук шайлоо комиссиясынан суроо-талап келип түшкөн учурда, жалпыга маалымдоо каражаттарынын редакциясы суроо-талап берилген күндөн тартып үч күндүн ичинде ага жазуу жүзүндө маалымат берүүгө, ал эми зарыл болгон учурда суралган материалдардын көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

§ 1. Теле көрсөтүү жана радио боюнча шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү

25. Уюштуруучулары (тең уюштуруучулары) мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, толугу менен же жарым-жартылай республикалык же жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары, же интернет-басылмалар, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жана шайлоо өткөрүлүп жаткан аймакта телерадио берүүнү жүзөгө ашыруучу жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлерге бул телерадио уюмдарынын каналдарынан акысыз обо убактысын берүүгө милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы теле- жана радио программалар аудиториянын көпчүлүгүн чогултуучу - саат 20дан саат 24кө чейинкиге мезгилге туура келиши керек.

26. Президентти шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумушчу күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча Жогорку Кеңештин депутаттыгына талапкерлер үчүн акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумушчу күндөрү мамлекеттик жана региондук телерадио уюмдарынын каналдарында отуз мүнөттөн кем болбоого тийиш.

Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы катталган жана берүүгө келген талапкерлердин ортосунда бирдей негизде бөлүштүрүлөт.

27. Ушул Жобонун 20-пунктунда көрсөтүлгөн телерадио уюмдары, шайлоонун деңгээлине жараша, талапкердин, саясий партиялардын үгүт жүргүзүүсү үчүн акы төлөнүүчү обо убактысынын сактамын калтырууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы келишимдин негизинде тиешелүү талапкерлердин, саясий партиянын талабы боюнча акыга берилүүсү тийиш. Сактоого калтырылган акы төлөнүүчү обо убактысынын жалпы көлөмү акысыз обо убактысынын жалпы көлөмүнөн кем болбошу, ошондой эле акы төлөөнүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болушу керек. Мында ар бир талапкер, саясий партия катталган обо убактысынын жалпы көлөмүнөн ал көлөмдү талапкердин, саясий партиялардын жалпы санына бөлүштүрүүдөн алынган үлүш чегиндеги убакытты алууга укуктуу.

28. Талапкерлерге, саясий партияларга берилген акы төлөнүүчү оболук убакыттын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

29. Талапкерлерге, саясий партияларга менчигинин түрүнө карабастан обо убактысын берген телерадио уюмдары обо убактысын ошондой эле шартта (баанын, обого чыгуу убактысынын, убакыт көлөмүнүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга берүүгө милдеттүү.

30. Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча шайлоо комиссиялары тарабынан белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңчилик принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

31. Борбордук шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге чүчүкулак өткөрүү күнү, убактысы жана орду жөнүндө билдирет жана акысыз эфир убактысын жана басма аянтты алуу үчүн чүчүкулакка катышууга алардан келип түшкөн табыштамаларды каттайт.

Мамлекеттик телерадиоуюмдардын каналдарында катталган талапкерлердин шайлоо алдындагы үгүт материалдарын, биргелешкен үгүт иш-чараларын акысыз негизде эфирге чыгаруунун күнү менен убактысын аныктай турган чүчүкулакты тиешелүү телерадиоуюмдардын өкүлдөрүнүн катышуусу менен Борбордук шайлоо комиссиясы өткөрөт. Чүчүкулак талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күндөн кечиктирилбестен өткөрүлөт. Чүчүкулактын жыйынтыгы протокол менен таризделет. Чүчүкулактын натыйжасында аныкталган эфир убактысын бөлүштүрүүнүн графиги шайлоо комиссиясынын чечими менен бекитилет жана тиешелүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басылмаларга жарыяланат.

§ 2. Дебаттарды уюштуруу жана өткөрүү тартиби

32. Бөлүнгөн акысыз эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнүн жарымынан көбү дебаттарды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү үчүн талапкерлерге гана берилет. Акысыз эфирдик убакыттын ушул үлүшүн пайдаланууга бардык талапкерлерге бирдей негизде жол берилет.

Дебаттарды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү жалпы улуттук деңгээлде жүргүзүлөт.

Ошондой эле дебаттарды же башка ушуга окшош иш-чараларды биргелешип өткөрүү ушул Жобонун 20-пунктуна жараша аймактык телерадио уюмдарында жүргүзүлүшү мүмкүн.

33. Эгерде телерадиокомпаниялардын орун-жайлары бардык талапкерлерди бир учурда батыра албаса бардык талапкерлер үчүн бир учурда же талапкерлердин топтору менен өзүнчө өткөрүлүшү мүмкүн. Дебаттардын катышуучу топторунун курамы чүчүкулак тартуу аркылуу аныкталат.

Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагына, ошондой эле регионалдык телерадио уюмдарынын каналдарында берилген телерадио уюмдарынын каналдарында жүргүзүлүүчү

дебаттарда жана башка ушуга окшогон иш-чараларга катталган талапкерлер жеке өздөрү гана катыша алышат.

Катталган талапкердин же саясий партиянын өкүлдөрүнүн жана колдоочу топторунун мындай иш-чараларга катышуусуна жол берилбейт.

Биргелешкен үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартканда же келбей калганда акысыз эфир убактысы башка убакта берилбейт.

34. Бардык талапкерлерге дебаттарды өткөрүүнүн жүрүшүндө чыгып сүйлөө үчүн бирдей убакыт берилет. Оппоненттерге суроо берүү үчүн жумшалган убакыт да жалпы эсепте эске алынат.

Берилген убакытты пайдалануу программаны көрүүдө байкаса болот (ар бир телерадио уюмдар таймер коюп, талапкердин убактысын көрсөтүп турат). Убакытты эсепке алуу үчүн жоопкерчилик тийиштүү телерадио компанияларга жүктөлөт.

Эгерде талапкер тийиштүү раундга бөлүнгөн убакыттын лимитинен ашып кетсе, убакыттын ошол саны талапкер үчүн бөлүнгөн убакыттын жалпы санынан алынып салынат.

35. Дебаттар, эреже катары, төмөндөгү компоненттерден турат:

1) талапкердин, саясий партиянын программасын көрсөтүү;

2) суроолорго жооп берүү;

(Дебаттарда берилүүчү талапкерлер үчүн суроолорду Борбордук шайлоо комиссиясы мөөр басылып чапталган конверттерде жөнөтөт, алар кошумча түрдө сейф-пакетте жайгаштырылат жана түз эфирде дебаттардын жүрүшүндө ачылат. Талапкерлер конверттерди суроолору менен тандабай туруп алышат.

Борбордук шайлоо комиссиясы ар бир катышуучуга суроолордун санын бирдей таркатууну эске алуу менен суроолорду бирдей санда даярдайт);

3) спикерлердин бири бирине суроолору (суроолордун саны дебатка катышып жаткандардын (талапкерлердин) санына жараша аныкталат;

4) шайлоочуларга кайрылуу (калган убакыт аны тең бөлүштүрүү менен берилет).

36. Дебаттын катышуучулары ушул Жобонун 16-пунктунда көрсөтүлгөн максаттарда эфирдик убакытты пайдалануга укугу жок.

37. Шайлоо алдындагы дебаттардын катышуучулары төмөнкүлөргө милдеттүү:

- дебаттын ар бир компонентине бөлүнгөн убакыттын көлөмүнүн регламентин сактоого;
- чыгып сүйлөөнүн лимитинен ашып кетүүгө жол бербөөгө;
- дебаттын тийиштүү тартибин бузбоого;
- дебатты этикалык норманын алкагында жүргүзүүгө.

38. Дебатты өткөрүүнүн тартибин сактоону дебатты алып баруучу камсыз кылат.

§ 3. Басма сөз жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалар аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү

39. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмаларды кошпогондо, ушул жобонун 20-пунктуна ылайык колдонулушуна туш келген мезгилдүү басылма жалпыга маалымдоо каражаттары, ошондой эле интернет-басылмалар талапкерлер, саясий партиялар тарабынан берилүүчү материалдар үчүн тең шарттарда А4 өлчөмүндө бир беттен кем эмес басылма аянтын бөлүп берүүгө тийиш. Адистештирилген (балдар, техникалык, илимий жана башка) басма сөз басылмалары үчүн шайлоо өнөктүгүнө кандай гана түрдө болбосун толук катышпаган шартта, кандай гана формада болбосун үгүт материалдарын жарыялоодон баш тартууга жол берилет.

40. Талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берген мезгилдүү басылмалар же интернет-басылмалар менчигинин түрүнө карабастан, ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар) башка талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма аянтынын баасы шайлоо дайындалган күнгө чейинки 6 ай үчүн алынган баадан ашышы мүмкүн эмес.

41. Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана орун-жайларынан тышкары жерлерде жайгаштырылган үгүт басылма материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор жана башка материалдар) добуш берген күнү мурдагы орундарында тура берет.

4. Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу

42. Талапкерлер, саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары даярдоого тыюу салынат. Басылма жана башка үгүт материалдарынын нускалары жана алардын көчүрмөлөрү Борбордук шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлердин басылма жана башка үгүт материалдарынын нускалары жана алардын көчүрмөлөрү тиешелүү округдук шайлоо комиссиясына берилиши мүмкүн.

1. Үгүт басма материалдары (гезиттер, баракчалар, плакаттар, буклеттер, календарлар, открыткалар, талапкердин визиттик карточкалары, текстиль шопперлери (экобаштыктар).

2. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар белгилер.

3. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар футболкалар, жилеттер.

4. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар баш кийимдер.

5. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар жоолуктар.

6. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар желекчелер.

7. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар аба шарлары.

8. Талапкердин сүрөтү жана/же талапкердин аты-жөнү же саясий партиянын символикасы бар калемдер, карандаштар, кружкалар, блокноттор.

(КР Борборшайлоокомунун 2026-жылдын 19-августундагы № 86 токтомунун редакциясына ылайык)

43. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары, басылма үгүт материалдарын даярдаган уюмдун, жеке ишкердин аталышын жана дарегин (фамилиясын, атын, атасынын атын), үгүт материалдарын даярдоого буйрутма берген талапкердин фамилиясын, атын, атасынын атын, саясий партиянын аталышын, алардын нускасы жана чыгарылган күнү жөнүндө маалыматты, ошондой эле буйрутма акысын төлөгөн талапкерлердин же талапкердин, саясий партиянын финансылык маселелер боюнча ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтышы керек. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратууга тыюу салынат.

Тийиштүү шайлоо фондусунан алдын ала акы төлөөсүз жана ушул беренеде белгиленген талаптарды бузуу менен шайлоо алдындагы үгүт материалдарын даярдоого жол берилбейт.

44. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо дайындалган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участогунда үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орун бөлүүгө жана жабдууга милдеттүү.

45. Үгүт материалдарын эстеликтерге, кирүү аркалары (стелалар), эстелик мамыларга жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын орун жайларына, алардын кире бериш жерлерине жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат.

Эстеликтерге, эстелик мамылар жана тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттар тарыхый-маданий мурастар болуп саналат жана элдин турмушундагы тарыхый окуялар, коомдун жана мамлекеттин өнүгүшү, чыгармачылыктын материалдык жана руханий

чыгармалары менен байланышкан. Кыргыз Республикасынын субъекттеринин менчигинде турган тарыхтын жана маданияттын эстеликтери мамлекет тарабынан кайтарылат.

“Тарыхый-маданий мурастарды коргоо жана пайдалануу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төмөнкү кыймылсыз жана кыймылдуу (бүтүндөй же белгиленген бөлүгүндө) материалдык тарыхый күбөлөр тарыхый-маданий мурас объекттери катары таанылышы мүмкүн:

1) Кыймылсыз объектилер, анын ичинде:

- тарыхый эстеликтер: элдин турмушундагы эң маанилүү тарыхый окуяларга, коом менен мамлекеттин өнүгүшүнө, илим менен техникага, элдердин маданияты менен турмуш-тиричилигине, ошондой эле республиканын көрүнүктүү ишмерлеринин өмүрүнө байланышкан имараттар, курулуштар, мемориалдык жерлер, тарыхый көрүстөндөр жана мемориалдар;

- археологиялык эстеликтер: үңкүрлөр, конуштар, чалдыбарлар, дөбөлөр, төрткүлдөр, жер үстүндөгү жана суу алдындагы байыркы кыштактардын, чыңдоолордун, чеп курулуштарынын калдыктары, байыркы өндүрүштөр жана кендер, каналдар менен сугат тармактары, жолдор менен көпүрөлөр, айрым коргондор жана көрүстөндөр, аска бетиндеги сүрөттөр жана аска бетиндеги жазуулар;

- шаардык курулуш жана архитектуралык эстеликтер: архитектуралык ансамблдер менен комплекстер, тарыхый борборлор, маалалар, аянттар, көчөлөр, шаарлардын жана башка калктуу пункттардын байыркы пландаштырылыштарынын жана түзүлүштөрүнүн калдыктары, жарандык, өнөр жайлык, аскердик, диний архитектуранын, элдик курулуш өнөрүнүн курулуштары, ошондой эле аларга байланышкан монументалдык, сүрөт, декоративдүү-прикладдык, бак-шактуу парк жана башка искусство түрлөрүнүн чыгармалары.

(КР Борборшайлоокомунун 2026-жылдын 19-августундагы № 86 токтомунун редакциясына ылайык)

46. Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында тигилүү жашыл бак-даректарды, тоолордун жана жылгалардын беттерин, башка жаратылыш бөксөлөрүн пайдаланууга жол берилбейт.

47. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин 10 календардык күндүн ичинде тиешелүү аймактарда үгүт материалдарынан тазалоону камсыз кылууга милдеттүү.

48. Жалган жасалма үгүт материалдары же болбосо ушул Жобонун 43-пунктунда көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдары таратылып жатканы жөнүндө маалымат алган Борбордук шайлоо комиссиясы, округдук шайлоо комиссиясы бул иштерге бөгөт коюу боюнча чараларды көрөт жана укукка каршы үгүт болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуштама менен тиешелүү укук коргоо жана башка органдарга кайрылууга укуктуу.

49. Басма үгүт материалдары көрсөтүлгөн объекттердин менчик ээлеринин макулдугу жана тийиштүү шартта гана илинет (жабыштырылат, жайгаштырылат).

50. Басылма, укма-көрмө жана башка үгүт материалдарын жок кылгандыгы, зыян келтиргендиги жана бузгандыгы үчүн жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

51. Ушул Жобонун 43-пунктунда көрсөтүлгөн талаптар радио аркылуу жүргүзүлүүчү шайлоо алдындагы үгүт жайылтылбайт.

5. Массалык иш-чараларды өткөрүү аркылуу шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү

52. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

53. Талапкерлер, саясий партиялар шайлоочулар менен чогулуштарды жана жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды өткөрүү үчүн жайларды акысыз жана акы төлөп алуу укугуна ээ.

Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоочулар менен жолугушуу өткөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жайларды бөлүп берүү жөнүндө арыздары мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алар берилген күнү каралат.

Талапкерлерге, саясий партияга шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жай бөлүп берүүдөн баш тартылган учурда, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү жүйөлүү чечимди берүүгө милдеттүү.

Эгерде көрсөтүлгөн жай көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн талапкерлердин, саясий партиялардын бирине берилген учурда, ошол эле жайды башка талапкерге, саясий партияга берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

54. Мамлекеттик же муниципалдык менчикте турган, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жай талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, алардын ишенимдүү адамдарынын, ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн бирдей шартта пайдаланууга берилет.

55. Талапкерлер, саясий партиялар көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүү үчүн менчиктин кандай болбосун түрүн келишимдик негизде акыга ижарага алууга да укуктуу. Жайдын менчик ээси тарабынан белгиленүүчү ижара акысынын өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш жана алар үчүн акы төлөө шайлоо фонддорунун гана жүзөгө ашырылууга тийиш.

56. Митингдер, демонстрациялар аркылуу үгүт жүргүзүүдө талапкерлер, саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген аларды өткөрүүнүн эрежелерин сактоого, мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына көпчүлүк катышкан иш-чаранын орду, убактысы, катышуучуларынын болжолдонгон саны, маршруту жөнүндө кабарлоого; жарандардын өмүрүнө жана ден соолугуна залал келтирүүчү курал же буюмдар болбоого; үгүт иш-чараларын конституциялык түзүлүштү өзгөртүү, мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу, улуттук жана диний жек көрүүчүлүктү тутандыруу, согушту үгүттөө жана зомбулук жана башка тыюу салынган чакырыктарга чакыруу максатында пайдаланбоого тийиш.

57. Тынч чогулуш өткөргөн убакта анын катышуучулары жана уюштуруучулары “Тынч чогулуштар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын жана чогулуштун тынчтык мүнөзүн сактоого милдеттүү.

58. Пландаштырылган тынч чогулушту өткөрүү жөнүндө уюштуруучулардын кабарландыруусу аны өткөрүү күнүнө чейин 30 күндүк мөөнөттөн эрте эмес жана 2 жумушчу күндөн кеч эмес уюштуруучулар тарабынан жазуу жүзүндө жүзөгө ашырылат. Кабарландыруу кат, телеграмма, телефонограмма түрүндө, почта, факсимилдик, электрондук же башка байланыш аркылуу же болбосо башка ыкмада же формада берилиши мүмкүн.

Кабарландыруу уюштуруучу (уюмдун аталышы жана (же) жарандын фамилиясы, аты, атасынын аты) жана анын байланыш маалыматтары (уюмдун турган жери жана (же) адамдын дареги, телефон номери) тууралуу, өтүүчү орду жана (же) кыймылынын каттамы, датасы жана башталуу жана аяктоо убактысы, максаттары, катышуучуларынын болжолдуу саны жөнүндө, тынч чогулуш өткөрүүдө үн күчөтүүчү аппаратураны же башка нерселерди пайдалануу тууралуу маалыматтарды камтыйт. Тынч чогулуштун уюштуруучусу кабарландыруунун мазмунуна башка маалыматтарды киргизүүгө, ошондой эле ага башка документтерди тиркөөгө укуктуу.

59. Тынч чогулуш өткөрүү жөнүндө кабарландырган адамдар кабарландыруу алынганын талап кылууга, ал эми мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кабарландыруу алууда ошол эле күнү жазуу жүзүндө ырастоо берүүгө милдеттүү.

Мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жазуу жүзүндөгү ырастоосу кабарландырууну кабыл алган кызматкердин фамилиясын, атын,

атасынын атын жана койгон колун, кабарландыруу түшкөн датаны жана убакытты өзүндө камтуусу тийиш.

60. Тынч чогулуштар Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында өткөрүлүшү мүмкүн. Катышуучулардын коопсуздугун камсыз кылуу максатында тынч чогулуштар коркунучтуу жана зыяндуу өндүрүш объекттерине, электрстанцияларына, темир жолдорго, мунай түтүктөрүнө жана электр берүүнүн жогорку чыңалуудагы чубалгыларынын алдына, пенитенциардык тутумдун объекттерине, мамлекеттик жана муниципалдык саламаттык сактоо уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүү жана жалпы билим берүү уюмдарына жакын жерлерде өткөрүлүшү мүмкүн.

6. Шайлоо алдындагы үгүт маселелери боюнча шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функциялары

61. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын контролдойт жана кетирилген мүчүлүштүктөрдү четтетүү боюнча чараларды көрөт.

62. Борбордук шайлоо комиссиясы:

- шайлоо алдындагы үгүткө катышуу үчүн обо убактысын, басылма аянтын берүү үчүн акы төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары тарабынан жарыялоонун жана берүүнүн мөөнөттөрү жана эрежелери жөнүндө жалпыга маалымдоо каражаттарына өз убагында кабарлайт жана маалымдайт;
- жалпыга маалымдоо каражаттарына жана интернет-басылмаларга шайлоо мыйзамдары жана шайлоо алдындагы үгүткө катышуунун эрежелери боюнча маалыматтык жана консультациялык жардам көрсөтөт;
- жалпыга маалымдоо каражаттарынан жана интернет-басылмалардан келип түшкөн документтерди кабыл алууну жана каттоону жүзөгө ашырат;
- Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону өткөрүү мезгилинде шайлоо алдындагы үгүткө катышуучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын тизмелерин Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырат;
- талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы программаларын жарыялайт.

63. Шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү талапкерлердин, саясий партиянын шайлоо алдындагы үгүт иш-чараларына катышууга укуктуу.

64. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды, көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, көпчүлүк катышкан иш-чараларды өткөрүүнүн коопсуздугун камсыз кылууга милдеттүү.

65. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо алдындагы үгүт талапкерлерге, саясий партияларга бирдей шарт түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Мында мамлекеттик органдын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматкери үгүт жүргүзүүгө, кандай гана болбосун үгүт материалдарын чыгарууга жана таркатуу укугу жок.

66. Үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жолугушууларды өткөрүүнүн бардык талаптарына жооп берген орун-жайларды, үгүт материалдарын илүү үчүн орун же аянт берүүгө тийиш.

67. Талапкерлер, саясий партиялар үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей шарттар менен камсыз кылынууга тийиш. Үгүт материалдарын жайгаштыруучу жай шайлоочулардын баруусу үчүн ыңгайлуу жана ал жердеги маалыматтар менен шайлоочулар тааныша алгыдай болууга тийиш.

Катталган талапкерлерге шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүчү басма материалдарын жайгаштыруусу үчүн бирдей аянт бөлүнүп берилүүгө тийиш. Бөлүнгөн аянт аларга шайлоо комиссияларынын маалыматтык материалдарын жана талапкерлердин, саясий партиянын басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болуусу зарыл.

Талапкерлер, саясий партия тийиштүү аймактык шайлоо комиссиясынан шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүчү басылма материалдарын жайгаштыруусу үчүн орун алууга укуктуу.

7. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү укугун кыянат пайдалануулардын жол берилбестиги

68. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт.

69. Шайлоо алдында үгүт жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги кыянат пайдалануу жол берилбейт, төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- улуттук, этностук, расалык, диний, аймактар аралык кастыкты, гендердик жана башка социалдык артыкчылыктарды, басмырлоолорго, кастыкка чакырууларды үгүттөөгө;
- бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү зомбулук менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарына;
- согушту үгүттөөгө;
- башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөттөрүн пайдалануу менен фото- жана көрмө материалдарды пайдалануу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянат пайдалануунун башка формаларына.

Ибадат кылуу имараттарына, курулмаларына жана аларга тиешелүү аймактарга, кооптуу жана зыяндуу өндүрүштөрү бар объекттерге, электр станцияларга, темир жолдорго, мунай куурларга жана жогорку чыңалуудагы электр берүү линияларына, пенитенциардык тутумдун объекттерине, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарына, мектепке чейинки балдар мекемелерине, мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана уюмдарга жакын жерлерде үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга жол берилбейт.

Шайлоо алдындагы үгүттү өткөрүүдө, үгүттүк материалдарда тикелей жана кыйыр өздөштүрүп алынган маалыматтык бөлүктөрдү жана элементтерди (сүрөттөлүштөрдү) көрсөтүүгө же башкача пайдалануга же диний тематикага шилтеме жасоого жол берилбейт.

70. Шайлоо дайындалган учурдан тартып төмөнкүдөй шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга тыюу салынат:

- шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө;
- шайлоочуларга белектерди жана башка баалуулуктарды тапшырууга;
- товарларды жеңилдетилген баада сатып өткөрүүнү жүргүзүүгө;
- Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тизмекке ылайык талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын басылма үгүт материалдарын, алардын эн белгилерин камтыган төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн ороочторду кошпогондо, кандай гана болбосун товарларды бекер таркатууга;
- акысыз же жеңилдетилген шарттарда кызмат көрсөтүүлөргө.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси шайлоочулардын добуштарын сатып алгандык үчүн жазык жоопкерчилигин карайт.

Талапкерлердин, саясий партиянын жана аткаруучунун ортосунда жазуу жүзүндө жол-жоболонгон эмгек мамилелеринин алкагында аткарылган жумушка талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө сатып алуу болуп эсептелбейт.

71. Талапкерлер, алардын жакын туугандары, жубайлары, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.

“Меценаттык жана соопчулук иши жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жарандардын жана юридикалык жактардын жарандарга же юридикалык жактарга мүлктү, анын ичинде акча каражаттарын пайда көздөбөй (акысыз же жеңилдетилген шарттарда) берүү, пайда көздөбөй иштерди аткаруу, кызмат көрсөтүүлөрдү, башка колдоолорду көрсөтүү боюнча ыктыярдуу ишти жүзөгө ашыруулары соопчулук иши деп түшүнүлөт.

Мыйзамдарга ылайык жакын туугандарга төмөнкүлөр кирет: ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырап алынгандар, ата-энеси бир жана ата-энесинин бирөө өгөй ага-инилер жана эже-сиңдилер, чоң ата-таяталар, чоң энелер-таенелер, неберелер.

72. Кыргыз Республикасынын Президентин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо алдындагы үч айда жана шайлоо мезгилинде талапкерлерге карата юбилейлик иш-чараларды уюштурууга жол берилбейт.

73. Талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын же шайлоонун катышуучусу катары катталган талапкерлердин, же алардын өкүлдөрү тарабынан аларды идентификациялоого (алардын таандуулугун аныктоо) жол берүүчү талапкерлердин, фамилиясын, атын, атасынын атын, саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, төш белгилерин, логотиптерин же алардын мүнөздүү курамдык бөлүктөрүн, желегин, девиздерин, жазууларын жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) пайдалануу менен шайлоочуларга маалыматтарды жайылтуу үгүт болуп саналат жана шайлоо дайындалган күндөн тартып жана талапкерлерди каттоо мөөнөтү аяктаганга чейинки мезгилде жана добуш берүү башталганга 24 саат калганга чейин жол берилгис.

Талапкерлердин, саясий партиялардын штабдары жайгашылган имараттарда жана жайларда талапкерлердин, фамилиясын, атын, атасынын атын, саясий партиялардын аталыштарын (толук, кыскартылган же аббревиатураларын), эмблемаларын, логотиптерин, төш белгилерин, желегин, девиздерин жана/же башка атрибуттарын (символикаларын) жайгаштыруу шайлоо алдындагы үгүт болуп саналбайт.

74. Талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, башка жактар, шайлоо алдындагы өнөктүктөргө катышууда билип туруп жалган маалыматтарга негизделген жана талапкер, талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же ишкер беделине зыян келтирген жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз. Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча акысыз төгүндөө жарыялоого мүмкүнчүлүк берүүгө же чындыкка ылайык келбеген же аны бурмалаган макалага же билдирүүлөргө түшүндүрмө жарыялоого милдеттүү.

Төгүндөө же түшүндүрмө берүү атайын рубрикада же болбосо жооп берилип жаткан маалымат басылган тилкеде, ошондой арип менен мезгилдүү басылманын кийинки санында, интернет-басылмаларда - төгүндөө же түшүндүрүү келип түшкөн күнү, ал эми телекөрсөтүү же радио боюнча чыгып сүйлөөгө төгүндөө же түшүндүрмө - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күндөн кийинки чыгарылышта берилет.

Төгүндөөнү же башка түшүндүрүүнү жарыялоо үчүн талапкерге, саясий партияга баштапкы маалымат жарыяланган сутканын убактысында эфирдик убакыт берилүүгө тийиш, жана анын көлөмү баштапкы маалыматты жарыялоо үчүн берилген эфирдик убакыттын көлөмүнөн кем болбоого, бирок эки минуттан кем эмес болууга тийиш.

75. Талапкерлерге, саясий партияга шайлоо алдында үгүттөө мөөнөтү бүткөнгө чейин алардын кадыр-баркына зыян келтирген маалыматты жарыяланган жалпыга маалымдоо каражаттарында өзүнүн беделин коргоо иретинде ушул Жобонун 74-пунктунда белгиленген төгүндөө же башка түшүндүрмөлөрдү жарыялоого мүмкүнчүлүк бербегени, ошол жалпыга маалымдоо каражатын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилигине тартуу жана Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредитациялоодон ажыратуу үчүн негиз болуп саналышы мүмкүн.

76. Талапкерлер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар тарабынан ушул бөлүмдүн талаптарын бузган учурда, шайлоо комиссиялары, шайлоочулар, талапкерлер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу жана күнөөлүү адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө укук коргоо органдарына, сотко сунуштама менен кайрылууга укуктуу.

8. Шайлоо алдындагы үгүттүн эрежелерин бузгандыгы үчүн юридикалык жоопкерчилик

77. Борбордук шайлоо комиссиясы, округдук шайлоо комиссиясы шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибин сактоону көзөмөлдөйт жана кетирилген мүчүлүштүктөрдү четтетүү боюнча чараларды кабыл алат. Ушул Жободо көрсөтүлгөн талаптарды талапкерлер, саясий партия бузган учурда тийиштүү шайлоо комиссиясы бузуулар жөнүндө ага жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу. Ушул Жободо белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин талапкерлер, саясий партия бир нече жолу (эки же андан көп) бузган учурда, тийиштүү шайлоо комиссиясы Кыргыз Республикасынын Укук бузуулар жөнүндө кодексине жана шайлоо мыйзамдарына ылайык аны жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (актысы) менен тастыкталган, ушул Жобонун 69-пунктунда көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежеси бузулган учурда, Борбордук шайлоо комиссиясы талапкердин, талапкерлердин каттоосун жокко чыгаруу тууралуу чечим кабыл алууга укуктуу.

Ушул Жобонун талаптарын бузуу менен жалган басылма, аудиокөрүү жана башка үгүт материалдарын таркаткан учурда, ошондой эле ушул Жободо белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартиби телерадиоберүү уюмдары, мезгилдүү басма сөз редакциялары, интернет-басылмалар тарабынан бузулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы укукка сыйбаган үгүт жүргүзүүгө бөгөт коюу, мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жана телерадиоберүү уюмдарын, мезгилдүү басма сөз редакцияларын, түйүндүк басылма редакциясын, алардын кызмат адамдарын, ошондой эле башка адамдарды мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартуу боюнча укук коргоо органдарына, сотко, маалыматтык саясат, анын ичинде электрондук жана массалык, маалыматтык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга сунуштама берүүгө милдеттүү.

78. Шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежесин сактоо боюнча көзөмөлдү камсыз кылуу максатында Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочуларды жана шайлоо процессинин башка субъекттерин маалымдоо маселелери жана үгүт жүргүзүү эрежелери боюнча жумушчу тобун түзөт.

79. Көзөмөлдөө-текшерүү тобу Борбордук шайлоо комиссиясынын жазуу жүзүндөгү тапшырмасы боюнча талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнү каржылоонун белгиленген тартибинин сакталышын көзөмөлдөйт.

80. Укук коргоо жана башка органдар укукка сыйбаган үгүт иштерине бөгөт коюуга, шайлоо алдындагы жалган жана мыйзамсыз басылма, аудиокөрүү жана башка үгүт материалдарын даярдоону болтурбоого жана аларды алып коюуга, андай материалдарды даярдагандарды жана ага акы төлөгөн булактарды издеп табуу боюнча чараларды көрүүгө, ошондой эле белгилүү болгон фактылар жана кабыл алынган чаралар жөнүндө токтоосуз түрдө тийиштүү шайлоо комиссияларына маалымдоого милдеттүү.

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум өткөрүү
боюнча борбордук комиссиясынын
2026-жылдын 19-августундагы № 85
токтомуна тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө
НУСКАМА

Ушул Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартиби жөнүндө нускама “Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесине ылайык иштелип чыкты.

Нускама Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүү тартибин жөнгө салат.

Шайлоо бюллетенинин тексти жана формасы добуш берүү күнүнө 25 календардык күн калгандан кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Талапкерлерди шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгү чүчүкулак менен аныкталат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – Борбордук шайлоо комиссиясы) чүчүкулакты өткөрүү датасын жана убактысын өз алдынча аныктайт. Чүчүкулак Борбордук шайлоо комиссиясынын жыйындар залында өткөрүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясы катталган талапкерлерге чүчүкулакты өткөрүү датасы, убактысы жана жайы жөнүндө маалымдайт.

Катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулакка:

- катталган талапкерлер, ыйгарым укуктары тиешелүү документтер менен тастыкталган талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү (Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан берилген талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлүн каттоо күбөлүгү жана инсандыкты ырастоочу документ);

- Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо талапкерлер тарабынан берилген шайлоо документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун (мындан ары – Жумушчу топ) мүчөлөрү катышат.

Жайды, барабанды, лотторду, башка зарыл атрибуттарды, ошондой эле чүчүкулактын протоколун даярдоо Борбордук шайлоо комиссиясынын аппаратына жүктөлөт.

Чүчүкулак төмөнкүдөй тартипте өткөрүлөт:

- Номерлери бар шариктер түрүндөгү лоттор бата турган лототрон орнотулат. Лоттордун саны катталган талапкерлердин санына дал келиши керек. Жумушчу топ тарабынан аныкталган алып баруучу номерлери бар шариктерди бардык катышуучуларга алдын ала көрсөтүп, лототронго салат;

- Андан соң алып баруучу чүчүкулакка катышуунун кезектүүлүгүн аныктоо, Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна талапкер кылып көрсөтүү үчүн документтерди тапшыруу тартибинде талапкерлерди же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүн чакырат. Натыйжалар “Талапкерлердин же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн чүчүкулакка катышуусунун кезектүүлүгүн аныктоо жөнүндө” протоколго (№

1 тиркеме) киргизилет. Андан ары чүчүкулакка катышуунун белгиленген кезектүүлүгү боюнча ар бир талапкер же талапкердин ыйгарым укуктуу өкүлү лотту алып чыгат жана лотту катышып отургандардын бардыгына көрсөтүп, “Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө” протоколго (№ 2 тиркеме) киргизиле турган номерди жарыялайт.

Талапкерлерден же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнөн чүчүкулакты бир этапта өткөрүү жөнүндө сунуштар келип түшкөн жана бардык катышып отурган катталган талапкерлер же алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү макул болгон учурда № 1 тиркемеде каралган чүчүкулакка катышуунун кезектүүлүгүн алдын ала аныктабастан, анын натыйжаларын “Кыргыз Республикасынын Президентинин кызмат ордуна катталган талапкерлердин ортосунда шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүнүн натыйжалары жөнүндө” протоколдо (№ 2 тиркеме) тариздөө менен түздөн-түз талапкерлерди шайлоо бюллетенине киргизүүнүн кезектүүлүгүн аныктоо боюнча чүчүкулак өткөрүүгө жол берилет.

Талапкер же талапкердин өкүлү келбей калган учурда анын ордуна залда отурган жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн ичинен көз карандысыз адамды чүчүкулак процессине катышуу үчүн чакырууга болот.

Өткөрүлгөн чүчүкулактын натыйжалары боюнча маалыматтар тиешелүү протоколдорго киргизилет.

Протоколдорго Жумушчу топтун мүчөлөрү, Борбордук шайлоо комиссиясынын катышып отурган мүчөлөрү, талапкерлер же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол тамга коюшат.